# СЕН ТАНДАГАН КЕСИП

5-11-КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНА
КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА
МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

Бишкек– 2023

УДК 372.8
ББК 74.26
С31

С31 Сен тандаган кесип 5-11-класстардын мектеп педагогдору үчүн кесипке багыт берүү боюнча методикалык колдонмо/түзүүчүлөр Т. Жороев, М.Иманкулова, Н. Кожогулова, А. Маматкулова. – Б., 2023 - 146 б.

ISBN 978-9967-9470-8-5

Методикалык колдонмо жалпы билим берүүчү мектептин 5-11-класстарынын окуучулары үчүн кесиптик багыт берүү боюнча класстан тышкаркы убакта өтүлчү тематикалык сабактарды камтыйт. Колдонмодо интерактивдүү формада жалпы орто билим берүүнүн окуучуларына кесиптик багыт берүү боюнча тапшырмалар сунушталган сабактар каралган.

Ошондой эле колдонмодо балдарынын кесиптик багытына катышуу үчүн ата-энелерге да сабактар сунушталат.

Колдонмо класс жетекчилерине, социалдык педагогдорго, психологдорго, методисттерге жана башкаларга даректелет.

УДК 372.8
ISBN 978-9967-9470-8-5 ББК 74.26

# МАЗМУНУ

**КИРИШ СӨЗ** ..... 5

**5-класс** ..... 7

5. 1. Менин кулк-мүнөзүм ..... 7

5. 2. Менин маанайымдын өзгөрүүсү жана сезимдерим ..... 10

5. 3. Мен өзүмдү таанып жатам ..... 13

5. 4. Кесиптер дүйнөсү ..... 16

**6-класс** ..... 20

6. 1. Менин кызыгууларым, хоббим жана бош убактым ..... 20

6. 2. Менин кызыгууларым жана кесип ..... 22

6. 3. Кесиптер дүйнөсүнө таандык баалуу сапаттар ..... 25

6. 4. Адистиктерге карата калыптанып калган көз караштар/стереотиптер ..... 28

**7-класс** ..... 32

7. 1. Менин күчтүү жана чабал жактарым ..... 32

7. 2. Кесип тандоо планы ..... 34

7. 3. Менин көндүмдөрүм жана таланттарым ..... 39

7. 4. Кесиптерди өзүбүздүн кызыгууларыбызга карата талдап көрөбүз ..... 43

**8-класс** ..... 46

8. 1. Биз уга билебизби? ..... 46

8. 2. Бири-бирибиздин сөзүбүздү түшүнүү менен укканды үйрөнөбүз ..... 52

8. 3. Эмгектин азыркы дүйнөсүнүн картинасы ..... 55

8. 4. Кесиптер үчүн талап кылынган негизги иш билгиликтер/компетенциялар ..... 57

**9 -класс** ..... 61

9. 1. Чыр-чатаксыз баарлашууну үйрөнөбүз ..... 61

9. 2. Кесип тармактары ..... 64

9. 3. Өз сапаттарыбызды жана көндүмдөрүбүздү талдаганды үйрөнөбүз ..... 69

9. 4. Мектептер жана кесиптер. Окуу жай тандоонун чен белгилери /критерийлер ..... 74

**10-класс** ... 79
10. 1. Максат коюу жана убакытты тескөө ... 79
10. 2. Кесип тандоодогу кыялдарды реалдуу дүйнө менен салыштырабыз ... 84
10. 3. Тандалган кесиптин мааниси ... 86
10. 4. Кесип тандоо жолум ... 92
**11-класс** ... 95
11. 1. Ички дүйнөбүздү таанып билебиз ... 95
11. 2. Жашоонун балансынын дөңгөлүгү ... 100
11. 3. Үзгүлтүксүз билим алуу ... 104
11. 4. Менин чечимим ... 108

**АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН САБАКТАР** ... 110
**5-класс** ... 111
5. 5. Баланын өзүн таанып өнүгүүсү жана кесиптер ... 111
**6-класс** ... 116
6. 5. Баланын өнүгүүсүндөгү өзүн таануунун мааниси. Адистиктер боюнча калыптанып калган стереотиптер ... 116
**7-класс** ... 120
7. 5. Баланын кызыгуулары ... 120
**8-класс** ... 125
8. 5. Кунт коюп угуу. Кесиптерге тиешелүү иш билгиликтер ... 125
**9-класс** ... 128
9. 5. Туура тандалган кесип – ийгиликтүү жашоонун негизи ... 128
**10-класс** ... 130
10. 5. Кесип тандоо өзгөчөлүктөрү. Максат коюу ... 130
**11класс** ... 135
11. 5. Кесибим – ырыс кешигим ... 135

**КОРУТУНДУ** ... 139

**СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР** ... 140
Мугалимдер үчүн тиркеме ... 141

# КИРИШ СӨЗ

Эртеби-кечпи, ар бир окуучу кесип тандоо көйгөйүнө туш болот. Бул көйгөй оңой эле чечилип калбайт, себеби бул жагынан алып караганда көптөрдө жигердүү позиция калыптана элек болот. Окуучулар үчүн кесиптик багыт берүү маселелери маанилүү, тааныш сыяктуу сезилет, бирок, баамдап чечим кабыл алуунун жолдорун көпчүлүк көп жакшы элестете бербейт. Ошондуктан, кесиптик жолун тандоого даярдануу баскычында педагогдордун, ата-энелердин, сөзү өтүмдүү улуу адамдардын жардамы маанилүү болот.

Мектеп окуучуларынын кесиптик жолун тандоодо башынан өткөргөн көйгөйлөрү бизди мектептеги кесипке багыт берүү ишин уюштуруу ишине жаңычыл көз караш менен кароого түртүп жатат. Окуучулар зарыл болгон билимдердин, ык жана көндүмдөрдүн топтомуна гана ээ болбостон, ошондой эле келечекте кесиптик жана социалдык жактан өз жолун табуусуна жардам бере турган инсандык сапаттарга да ээ болушу керек.

Кесипке багыт берүү ишин замандын талабына жараша түшүнүүдө олуттуу айырмачылык бар: ар бир окуучунун конкреттүү кесипти тандоосуна эмес, окуучулардын кесипти аң-сезимдүү, өз алдынча тандоосуна, өз тандоосу үчүн жоопкерчилик алууга, аларда кесиптик жактан мобилдүү болууга мүмкүндүк берген универсалдуу сапаттарды калыптандырууга багыт алуу зарыл.

*Мектепте кесипке багыт берүү иши* – бул окуучулардын кесиптердин социалдык-экономикалык жана психофизикалык мүнөздөмөлөрү жөнүндө талап кылынган көлөмдөгү билимдерди өздөштүрүүсүнө багытталган окуу-тарбия иштеринин системасы, кесипти илимий жактан негизделген тандоону камсыз кылуучу иш-чараларыбыздын системасы. Бул окуучунун өзүн-өзү таануусуна жана болочоктогу кесибин аныктап алуусуна багытталган психологиялык-педагогикалык иш-чаралардын комплекси. Ал окуу-тарбиялоо процесси, окуучулар менен сабактан жана мектептен тышкаркы иштер аркылуу жүзөгө ашат.

Албетте, бүтүндөй педагогикалык жамаат гана эмес, ата-энелер коомчулугу да тартылганда гана мектептеги кесипке багыт берүү иши пайда алып келерин унутпоо керек.

**Мектепте кесипке багыт берүү ишинин максаты болуп төмөнкүлөр саналат:**

- кесипти жана келечектеги кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүн тандоо процессинде окуучуларга колдоо көрсөтүү;
- окуучунун мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмдүүлүгүнө жараша жана эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен иш чөйрөсүн тандоо эркиндигинин шартында окуучуларга кесипти аң-сезимдүүлүк менен тандоосуна шарт түзүп берүү.

**Кесипке багыт берүү ишинин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**

- окуучулардын каалоосу, шыгы жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарды алуу;
- окутуу жана билим берүү баскычтарынын ортосунда жол улоочулуктун ийкемдүү системасын иштеп чыгуу.

Класстан тышкаркы сабактар биринчи кезекте окуучулардын инсан катары өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө, өзүнө реалдуу баа берүү ыгын калыптандырууга, кесиптер дүйнөсү, эмгек рыногунун жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрдүн талаптары, кесип тандоо эрежелери жана карьераны пландаштыруу менен тааныштырууга багытталган. Окуучуларга келечектеги кесибин тандап алууга жардам берүү бул сабактардын маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Колдонмонун структурасы кириш сөздөн, эки бөлүктөн, корутундудан жана сунушталган адабияттан турат. Колдонмонун биринчи бөлүгү 5-11-класстардын окуучулары үчүн класстык сааттарга арналган. Колдонмонун мазмуну окуучулардын жаш курагынын өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, темалар боюнча бөлүштүрүлөт.

Колдонмонун экинчи бөлүгү ата-энелерге чогулуштарда сабак өтүүгө арналган. Ата-энелер менен баарлашуу процессинде кесип тандоодо үй-бүлөнүн ролу канчалык маанилүү болгону, өспүрүмгө жөндөмдүүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын эске алуу менен кесипти тандоодо жардам берүүнүн мааниси белгиленет.

Колдонмонун материалы ар кандай интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен берилген, анын ичинде «акыл чабуулу», ролдук оюндар, көнүгүүлөр, таблицалар менен иштөө да бар. Командада, топто иштөө, талкуулар, турмуштук кырдаалдарды талдоо, презентациялар ж.б. сыяктуу жигердүү формалар да колдонулат.

Бул методикалык колдонмону пайдаланууда педагогго ар бир параллел үчүн (5-11-класстар) жыл сайын январдан февралга чейин кесиптик багыт берүү боюнча бир айлык катары класстык сааттардын же сабактан тышкаркы сабактардын алкагында сабактарды өткөрүүнү пландаштыруу сунушталат. Ар бир параллел үчүн сабактарды ырааттуу өткөрүү натыйжалуулукка жетишүү жана окуучуларда кесипти аң-сезимдүү тандоонун маанилүүлүгү жөнүндө бирдиктүү сүрөттү түзө алат.

# 5-КЛАСС

## 5. 1. Менин кулк-мүнөзүм

**Сабактын максаты:**

- Окуучулар өздөрүнүн ким экендигин аңдай башташат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- өзүлөрүнүн ким экенин аңдай башташат;
- инсан болуу үчүн тиешелүү сапаттарга ээ болуу керектигин билишет;
- сапаттарды аныкташат;
- өзүлөрү ээ болгон сапаттарды атай алышат.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары жазылган ватман же проектор |
| 2. | Акыл чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | |
| 3. | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 8 мүнөт | А4 өлчөмүндөгү барактар, скотч |
| 4. | Ой жүгүртүү.<br>Бет ачар | 25 мүнөт | Ватман, кагаз скотч |
| 5. | Кайтарым байланыш.<br>Сабакты жыйынтыктоо. | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим окуучулар менен саламдашып, сабактын темасы менен тааныштырат.

– Бүгүнкү өтүлүүчү сабагыбыздын темасы «Менин кулк-мүнөзүм» деп аталат.

*Тема баарыңарга түшүнүктүүбү? Түшүнүксүз сөздөр жокпу? (Окуучулар теманы так түшүнгөнүнө көзүңүз жеткенден кийин сабакты улантыңыз. Эгерде суроолор пайда болсо, аны окуучулар менен биргеликте чечиңиз жана баарына түшүнүктүү болгондугуна ишениңиз. Эгер кулк мүнөз – деген сөздү түшүнбөсө, аны түшүндүрүп бериңиз).*

**Мүнөз** – адамды айырмалоочу белги. Кишинин жүрүш-турушун, кыймыл-аракетин мүнөздөгөн нерсе. Мүнөз ар бир кишинин өзгөчө кыял-жоругу, кайталангыс жеке сапаты болуп эсептелет.

– Балдар, силер сабактын аягында төмөнкүлөрдү билип, аткара алышыңар керек:

- *Өзүңөрдүн ким экениңерди биле баштайсыңар;*
- *Инсан болуу үчүн кандай сапаттарга ээ болуу керектигин билесиңер;*
- *Сапаттарды аныктай аласыңар;*
- *Өзүңөрдөгү сапаттарды атай аласыңар.*

– *Силер жогорудагыларды аткара аласыңарбы? (Окуучулар менен толук талкуулаңыз. Эгерде кошумчалоо зарыл болсо, анда окуучулар менен талкуулап, бир пикирге келгенден кийин кошумчаларды киргизиңиз. Окуучулардын ар бири күтүлүүчү натыйжаны аткара алышына ишеним болгондо сабакты улантыңыз).*

**Андан соң, төмөнкү суроолордун тегерегинде талкуу болот:**

– *Сапат деген эмне?*

– *Сапаттын кандай түрлөрүн билесиңер?*

– *Сапат аркылуу адамдын эмнесин билүүгө болот?*

**Сапат** – бул адамдын мүнөзүн түзгөн, башкалардан айырмалап турган жеке өзгөчөлүгү же касиети.

Бирден төрткө чейин саноо аркылуу окуучуларды төрт кичи топко бөлүп алат. Ар бир топко төмөнкү тапшырмалар камтылган таркатманы таркатылат.

**Нускама:**

Балдар, төмөндө ар бир адамга карата бирден сапат жазылган. Силер аларга мүнөздүү дагы үч негизги сапатты таап жазгыла. Бул жумуш үчүн 3 мүнөт берилет.

| Апа | Мугалим | чоң ата | бөбөк |
|---|---|---|---|
| Камкор | Билимдүү | акылдуу | сүйкүмдүү |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Ар бир топ аткарган иштеринин бет ачарын жасайт. Башка топтун өкүлдөрү толуктоо иретинде кошумча ойлорун айтышат. *(Мугалим окуучулар айткан кээ бир сапаттарды чечмелеп айтууну унутпашы зарыл. Шартка жараша ал сапаттардын жакшы жана жакшы эмес экенин окуучулардын өздөрү аныктаганы дурус. Кандай сапаттар кандай натыйжаларга алып келерин белгилеп баруусу кажет).*

Бул көнүгүүдөн кийин окуучуларды «бир», «эки» деп санатып, эки кичи топко бөлүп алат. Ар бир окуучунун колуна А4 өлчөмүндөгү бирден ак барак жана кагаз скотчтун кесин-

диси берилет. «Бир» деген топ айлананын сырткы бөлүгүн, «эки» деген топ ички бөлүгүн жаратат. Бири-бирин карап, жупту түзүшөт (эгерде бир окуучуга түгөй жок болуп калса, анда мугалимдин ага жуп болушу сунушталат). Жуптар биринин далысына бири барактарды жабыштырышат. Айлананын ички бөлүгүндөгүлөр ич тарапты карап турушат. Сырткы бөлүгүндөгүлөр алардын барак илинген жагын карап турушат. Окуучулар бул учурда калемсаптарын пайдаланышат.

**Мугалим шартын түшүндүрөт:**

– Ар бир сырткы айлананы түзгөн окуучу түгөй болгон окуучунун артындагы баракка анын бир гана сапатын жазат. Мен кол чапканда, сырткы айланадагы окуучулар сол тарапка, кийинки окуучунун артына жылышат жана анын дагы бир сапатын улантып жазышат. Эгерде силер жаза турган сапат жазылып калса, башка сапатын эстеп жазгыла. Таппай калсаңар, жазбай койсоңор болот. Сапаттар жазылып бүткөндөн кийин, сырткы айлананы түзгөн окуучулар артын карап турушат. Ички топ аларга бурулуп, тапшырманы улантат. Кол чапкан сайын кийинки окуучуга жылабыз. Кайсы окуучунун кайсы сапаты силердикине окшош экендигин эстеп калганга аракеттенгиле *(Бардык окуучулар түшүнгөнүн билүү үчүн 2-3 окуучудан нускаманы кайталап берүүсүн сураңыз. Баары түшүнгөнгө көзүңүз жеткенден кийин гана көнүгүүнү баштаңыз).*

*Тапшырма аткарылып бүткөндөн кийин окуучуларга ыраазычылык билдирип, барактарды бири-бирине алып берүүсүн сураныңыз. Окуучулар айлана формасында коюлган отургучтарга отурушат. Аларга классташтары жазган сапаттары менен таанышуу үчүн 1-2 мүнөт убакыт бериңиз жана ар бир окуучуга А4 өлчөмүндөгү бирден ак барак таркатыңыз.*

**Мугалим андан кийинки тапшырманы берет:**

– Балдар, баракка сол алаканыңарды койгула. Калем менен колуңардын элесин түшүргүлө. Сүрөттөгү алаканыңарга өз атыңарды жазгыла. Классташынар белгилеген сапаттардан, өзүңөр туура деп эсептеген беш сапатыңарды ар бир манжага (баш бармак, сөөмөй, ортон кол, аты жок, чыпалак) жазып чыккыла *(Тапшырманын шартын баары түшүнгөнүнө көзүңүз жеткен соң, көнүгүүнү баштаңыз.*

**Сабакты жыйынтыктоо**

Төмөнкү суроолорду талкуулоо менен сабак жыйынтыкталат:

- Классташтарың кайсы сапаттарыңды туура аныкташыптыр? Эмне үчүн?
- Кайсы сапаттарыңды туура эмес жазган деп ойлойсуң? Эмне үчүн?
- Сени таң калтырган сапаттар болдубу? Эмне үчүн?
- Кайсы сапаттар көпчүлүк окуучуда бар экен? Себеби эмнеде?
- Сабактан кандай таасир алдың? Эмне үчүн?

Сабактын темасы, максаты жана күтүлгүүчү натыйжаларына кайрылып, анын ишке ашуусу кыскача талкууланат.

**Үйгө тапшырма:**

**Мугалим окуучуларга тапшырманын шартын түшүндүрөт.**

– Урматтуу окуучулар, кесипке багыт берүүчү сабактар үчүн өз алдынча дептер ачкыла. Аны сабак учурунда жана үй тапшырмасы үчүн колдоносуңар.

Манжадагы сапаттар боюнча үй-бүлө мүчөлөрү менен пикирлешип, алардын да оюн уккула. Бирге жашаган үй-бүлө мүчөлөрүнүн сапаттары дарагын толтургула. Ар бир бутакка бирден адамдын атын, майда шактарына алардын сен билген сапаттарын жаз. Бутактын саны жетпесе, кошумчалап тарт. Кандай сапаттар басымдуу экенин ойлонуп көр.

# 5. 2. Менин маанайымдын өзгөрүүсү жана сезимдерим

**Сабактын максаты:**

- Маанай, анын өзгөрүү себептери, сезимдер жөнүндөгү түшүнүктөрүн бекемдешет.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар:**

- маанай деген түшүнүккө аныктама беришет;
- сезим, маанайдын сезимге таасирлерин аңдашат;
- маанайдын кандай жагдайларда өзгөргөнүн билишет;
- маанайды жакшы багытка өзгөртүп, позитивдүү сезимдерди тартуулаган сапаттарын арттырышат.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган ватман же проектор |
| 2 | Мээ чабуулу | 5 мүнөт | |
| 3 | Кичи топтордо иштөө | 8 мүнөт | https: //www. youtube. com/ watch?v=bKZ4WSoXGYw 1 секундадан 1 мүнөт, 45 секундага чейин |
| 4 | Ой жүгүртүү. Бет ачар | 25 мүнөт | Тапшырмалар жазылган конверттер |
| 5 | Кайтарым байланыш. Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Бул сабакка топтордо иштөө үчүн 4 парта керектелет. Алар сабак башталганга чейин эле класстын төрт бурчуна коюлат. Отургучтар кенен аянтка айлана формасында жайгаштырылат.

Мугалим окуучулар менен саламдашып, алардын көңүлүн сабакка бургандан кийин, төмөнкү суроолордун негизинде үй тапшырмасын сурайт, талкуу жүргүзөт, жаңы тема менен байланыштырат:

– Манжаларыңарга жазылган сапаттар боюнча ата-энеңер менен сүйлөшүп, алардын ойлорун уккула. Алардын кандай ийгиликтүү сапаттары бар экенин сурагыла деген тапшырма болгон эле. Өз ойлору менен бөлүшкүсү келгендер барбы? *(Өз оюн айтуудан тартынып турган окуучуну байкап калсаңыз, «Балким, сен айтарсың?» деп ага дем бериңиз.*

*Жооптордун бара-бара талкууга айланышына шарт түзүңүз. Өз сапаттарын айкындап жаткан окуучуларды дайыма колдоп туруңуз. Аларга калыптандыруучу баалоо жүргүзүңүз. Талкууну акырындык менен жаңы тема менен байланыштырыңыз).*

Окуучуларга өткөн сабак өзүн жана өзүндөгү сапаттарды билип, алар боюнча ой жүгүртүүгө арналганын айтат. Ал эми бүгүнкү сабак **«Менин маанайымдын өзгөрүүсү жана сезимдерим»** деген темада өтүлөрүн, сабак учурунда төмөнкү күтүлүүчү натыйжаларга ээ болушарын түшүндүрөт:

- маанай деген түшүнүккө аныктама беришет;
- сезим, маанайдын сезимге таасирлерин аңдашат;
- маанайдын кандай жагдайларда өзгөргөнүн билишет;
- маанайды жакшы багытка өзгөртүп, позитивдүү сезимдерди тартуулаган сапаттарын арттырышат.

**Маанай** – акыл менен сезимдин учурдагы абалы. Азыр сүйүнүп турсаң, сенин маанайың жакшы экен.

Тема, күтүлүүчү натыйжалар окуучулар менен талкууланат. Суроолорго жооп алынат. Түзөтүүлөр зарыл болсо, окуучулардын макулдугу менен оңдолот.

**Жаңы тема төмөнкү тапшырма аткарылуу менен башталат.**

*Мугалим балдарга класстын төрт тарабында илинип турган бийтыкчаларга көңүл буруууларын суранат. Кимдер үйдөн сабакка кубанычтуу чыккандар сары, жини келип чыккандар кызыл, тамашалашып чыккандар жашыл жана капалуу чыккандар көк бийтыкчалардын жанына келүүсүн айтат. Ал жерде өз маанайлары тууралуу баарлашып, маанайларынын себептерин башка топтогуларга айтып берүү тапшырмасы берилет. Бет ачар учурунда маанайларынын абалын так ачып берүүгө алдын ала жакшы даярдык болуусу керектиги эскертилет.*



**Бет ачардын аягында төмөнкү суроолор талкууланат:**

- Маанайыңардын жогоркудай болуусуна эмнелер же кимдер себепчи болушту?
- Маанай деген эмне экен?

**Окуучулардын жооптору ватманга же тактайга жазылып коюлат.**

- Сезим деген эмне?
- Балдар, силердин маанай жөнүндөгү түшүнүктөрүңөрдү талкууладык жана аларды тактага жазып да койдук. Эми төмөнкү сюжетти көрүп, жогорудагы ойлоруңар менен салыштыргыла.

https: //www. youtube. com/watch?v=bKZ4WSoXGYw шилтемеси аркылуу 1-секунддан 1 мүнөт 45 секундага чейинки сюжет көрсөтүлөт. Андан соң, төмөнкү суроолор берилет:

- *Балдар, сюжетти көргөндөн кийин маанай жана сезим деген түшүнүктөргө эмнелерди толуктай аласыңар?*
- *Маанай сезимге таасир этет бекен? Кандайча?*

Жогорудагы суроолордун тегерегинде талкуу жүрөт. Кайрадан мурунку кичи топтор менен топтук жумуштар аткарылат.

**1-топ.** Кубанычтуу маанайдагылар – сары быйтыкчалар

**2-топ.** Жини келген маанайдагылар – кызыл быйтыкчалар

**3-топ..** Тамашалашып чыккандар, шайыр маанайдагылар – жашыл быйтыкчалар

**4-топ.** Капалуу маанайдагылар – көк быйтыкчалар

**Ар бир кичи топтун мүчөлөрүнө алдын ала тапшырмалар жазылган конверттер таркатылат.**

**1-топ. Менин маанайым эң жакшы.** Мындай учурда кандай сезимдер болот атагыла? (Мисалы: сүйүнүч, ...) Бул сезимдер эмнелерге алып келет? (Мисалы, жакшылыкка, ...). Бул абалды кантип өркүндөтсө болот? (Талкуулап, оюңарды ватманга чыгармачылык менен чагылдыргыла. Бет ачар жасоого чогуу чыкканга аракетенгиле. Оюңарды кызыктуу, так, жеткиликтүү бергиле).

**2-топ. Мен ачуулуумун.** Мындай учурда кандай сезимдер болот? Баарын атагыла? (Мисалы: кыжырданган, ...) Бул сезимдер эмнелерге алып келет? (Мисалы, урушууга, ...). Бул абалдан кантип чыкса болот? (Талкуулап, оюңарды ватманга чыгармачылык менен чагылдыргыла. Бет ачарга чогуу чыкканга аракет жасагыла. Оюңарды кызыктуу, так, жеткиликтүү бергиле).

**3-топ. Тамашалашып чыккандар, шайыр маанайдагылар.** Мындай учурда кандай сезимдер болот? Баарын атагыла? (Мисалы: көңүлдүү, ...) Бул сезимдер эмнелерге алып келет? (Мисалы, ынтымакка, ...). Бул абалды кантип өркүндөтсө болот? (Талкуулап, оюңарды ватманга чыгармачылык менен чагылдыргыла. Бет ачар жасоого чогуу чыкканга аракет кылгыла. Оюңарды кызыктуу, так, жеткиликтүү бергиле).

**4-топ. Менин маанайым жаман.** Мындай учурда кандай сезимдер болот? Баарын атагыла? (Мисалы: капалуу, ...) Бул сезимдер эмнелерге алып келет? (Мисалы: чыр-чатакка, ...). Бул абалдан кантип чыкса болот? (Талкуулап, оюңарды ватманга чыгармачылык менен чагылдыргыла. Бет ачар жасоого чогуу чыкканга аракет кылгыла. Оюңарды кызыктуу, так, жеткиликтүү бергиле).

**Иштер боюнча бет ачар жасоо:**

Бет ачар жасоодо мугалим кезекти жагымдуу маанайдагы топтон баштап, жагымдуу маанайдагы топ менен аяктаганга көңүл буруусу кажет. Мугалим өзүн жагымдуу маанайда болгону дурус.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

*Бул сабакта эмнелер баалуу болду?*

*Дайыма көтөрүңкү маанайда, жакшы сезимде болуу жашоодо эмнелерди өзгөртөт?*

*Сабактан кандай жыйынтык чыгардың?*

Ушул суроолордун тегерегинде талкуу жүргүзүү менен сабак жыйынтыкталат.

Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжаларга кайрылып, анын кандай ишке ашкандыгы талкууланат.

**Үй тапшырмасы:** Өзү каалаган адамга жагымдуу сезим тартуулоо. Процессти эстеп калып, сабакта айтып берүү.

## 5.3. Мен өзүмдү таанып жатам

**Сабактын максаты:**

- ✓ Башкаларга окшош жана айырмаланган жактарын билүү

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ өзүндөгү түрдүү сапаттарды жакшы билишет;
- ✓ башкалардын сапаттарын айырмалай башташат;
- ✓ сапаттарды салыштырышат;
- ✓ пайдалуу жана пайдасыз сапаттар боюнча ой жүгүртүшөт;
- ✓ ийгиликтүү болууда адамдык сапаттардын мааниси чоң экендигин түшүнүшөт;
- ✓ чечим чыгарышат.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган ватман же проектор |
| 2 | Акыл чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | |
| 3 | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 8 мүнөт | |
| 4 | Ой жүгүртүү. Бет ачар | 25 мүнөт | |
| 5 | Кайтарым байланыш. Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Окуучулар менен учурашып, аларды сабакка шыктандырыңыз. Өзүңдүн жана классташтарыңдын кандай сапаттары ийгиликтүү болууга көбүрөөк пайдасы тиет деп ойлойсуң? деген үй тапшырмасы боюнча окуучулардын пикирлерин угуп, талкуу жүргүзүңүз. Мында алардын өзүн-өзү таанусуна жана башка окуучулар менен болгон мамилесинде сапаттардын ролуна басым жасаңыз.

Талкуу бүткөндөн кийин мугалим сабактын темасы жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырып, сабактын маанилүүлүгүн арттыруу үчүн төмөнкү суроонун тегерегинде окуучулардын ойлорун билет:

- *Өзүнүн кандай экендигин билген окуучу менен, өзүнүн кандай экендигин билбеген окуучунун ортосунда кандай айырмачылыктар болот?*

Окуучуларды класстын аянтына чыгып, тегерек формада турууну өтүнөт. Мугалим аларды «бир», «эки» деп санатып эки топко бөлөт. Биринчи топко киргендер тегеректин ичине бир кадам шилтеп, ички айлананы түзүшөт. «Эки» дегендер алардын сыртындагы экинчи айлананы түзүшөт. Ички тегеректе турган окуучулар артындагы окуучуну карап, маңдайындагы окуучу менен бир жупту түзүп турушат. Жуп түзүлбөй, окуучу жалгыз калса, ага мугалим өзү же жардамчысы шерик болот.

**Нускама:**

Мугалим суроолорду окуй турганын, ага окуучулар жооп бериши керектигин түшүндүрөт. Бирок, мугалим колун бир жолу чаап белги бергенден кийин суроого, адегенде, ички айланада турган окуучулар жооп беришет. Мугалим колун эки жолу чаап белги бергенден кийин ошол эле суроого тышкы айланада турган окуучулар жооп беришет. Мугалим үч жолу кол чапса тышкы айланада тургандар сааттын жебеси боюнча солго карай бир кадам жасашат, муну менен ички айланада турган өнөктөшүнөн кийинки окуучуга жылып, жаңы жуп түзүлөт. Ички айлананы түзгөн окуучулар ордунан такыр жылышпайт. Көнүгүү окуучулар алгачкы жупка келгенче ушинтип улана берет.

Шартты 2-3 окуучудан кайталап сурап, окуучулар толук түшүнгөндөн кийин гана көнүгүү башталат.

– *Кичинекей кезиңерде силерди эмне деп эркелетишчү? Эмне үчүн?*

(Ички айланадагы бардык окуучулар шеригине суроого жооп берүүгө үлгүргөнүнө көзү жеткенден кийин, мугалим эки жолу кол чаап белги берип, тышкы айланадагы окуучулардан да ушул эле суроого жооп берүүсүн өтүнөт. Окуучулар жооп беришкенден кийин, мугалим үч жолу кол чабат. Жаны жуптар пайда болот. Мугалим бир ирет кол чабат да, кийинки суроону окуйт.

– *Сага жаккан сапатың кайсы?*

Окуучулар суроого жооп берүүгө үлгүргөнүнө көзү жеткенден кийин, мугалим эки жолу кол чаап белги берип, тышкы айланадагы окуучулардан да ушул эле суроого жооп берүүнү өтүнөт. Окуучулар жооп беришкенден кийин, мугалим үч жолу кол чабат. Жаңы жуптар пайда болот. Мугалим бир ирет кол чабат да, кийинки суроону окуйт.

Көнүгүү ушул тартипте алгачкы өнөктөштөр кайрадан жуп болуп калганча уланат.

**Суроолор:**

1. Үй-бүлө мүчөлөрүнөн кимдин кайсы сапаты жагат? Эмне үчүн?
2. Кандай сапатың өзүңө жагат?
3. Спорттун кайсы түрлөрүнө кызыгасың?
4. Кандай сапаттарды жакшы деп эсептейсиң?
5. Кандай сапаттар сага жакпайт?
6. Эң күчтүү сапатың кайсы?
7. Мультфильмдердеги кайсы каарман сага жагат? Эмне үчүн?
8. Кандай каармандар сага жакпайт? Эмне үчүн?
9. Башкаларга өз каалооң менен жардам бере аласыңбы?
10. Келечекте кандай ишти мыкты аткарам деп ойлойсун?

Эгерде көнүгүүнү аткарууда суроолордун саны жетишсиз болуп калса, анда мугалим окуучулардын сапаттары жөнүндө ой жүгүртүүгө багыттаган кошумча суроолорду түзүп алса болот.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

- Сабакта силерге эмнелер күтүүсүз болду?
- Классташтарыңардын кандай жаңы сапаттарын билдинер?
- Сенин сапаттарыңа окшош сапаттар бар бекен?
- Сенин сапаттарыңа окшобогон сапаттар бар бекен?
- Силерди таң калтырган эмне болду?
- Жогорку суроолорду талкуулоо менен сабак жыйынтыкталат.

Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжаларга кайрылып, анын ишке ашуусу кыскача талкууланат.

**Үй тапшырмасы:** Ойлон. Кандай чечимге келдиң? Төмөнкүнү толтур.




**Эскертүү:** Кийинки сабак «Кесип деген эмне?» деген темада болот. Андыктан, окуучулардын санына, чакан топтордо иштөө мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, мугалим 3 же 4 түрдүү кесиптеги ата-энелер же алардын ордун басуучулар менен алдын ала макулдашып, сабакка чакыруу барагын берет.

# 5.4. Кесиптер дүйнөсү

**Сабактын максаты:**

- ✓ Кесиптер жөнүндө маалымат алышат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар:**

- ✓ кесип эмне экендигин билишет;
- ✓ инсандын жашоо булагы кесип экендигин түшүнүшөт;
- ✓ кесиптерди салыштыра алышат.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу. | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган ватман же проектор. |
| 2 | Акыл чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | |
| 3 | Түшүнүү.<br>Топтордо иштөө. | 8 мүнөт | Ватман, ар кандай түстөгү маркерлер, кагаз скотч, түстүү барактар. |
| 4 | Ой жүгүртүү.<br>Бет ачар. | 25 мүнөт | |
| 5 | Кайтарым байланыш.<br>Сабакты жыйынтыктоо. | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Үй тапшырмасын суралбастан эле сабак башталат. Жаңы тема менен бирге үй тапшырмасы бекемделет.

Окуучулар менен жылуу учурашып, сабактын темасын, максатын жана күтүлүүчү натыйжаларын айтып берет. Биргеликте талкуулашат. Бул максатка жетүүгө көмөктөшүү үчүн сабакка ата-энелерден катышып жатканын айтып, аларга ыраазычылык билдирет.

Окуучулар тегерек формада жайгаштырылган отургучтарга отурушат.

Адегенде, мугалим окуучулардан жана коноктордон «кесип» – деген эмне экендигин суроосу зарыл. Айтылган жоопторду угуп аларды бышыктоо үчүн атайын даярдалып койгон кесип деген сөздүн аныктамасын окуйт:

**Кесип** – өмүрүбүздүн үчтөн бирин өткөргөн ишибиз, алагды болгон нерсебиз. Кесип алуу үчүн мектепти аяктап, атайын окуу жайларда окуйт. Кесипти аркаласаң, жашоо үчүн акча табасың.

**Нускама:**

Адегенде, ата-энелер өздөрү тууралуу төмөнкүлөрдү айтып тааныштырышат:

1. Кимдин атасы/апасы же жакын тууганы экендигин айтат.
2. Аты-жөнү, ким болуп иштегендигин билдирет.

**Коноктор өздөрүн тааныштырып бүткөндөн кийин, мугалим коноктorго окуучулар өздөрү жөнүндө эмнелерди айтып берүүсү керектигин түшүндүрөт:**

1. Атыңарды айтасыңар.
2. Өзүңөрдөгү бир сапатты айтып, анын маанисин түшүндүрүп бересиңер. Мисалы: Менин атым – Марат. Мен активдүүмүн. Кандай жумуш болсо, толук катышамын,

аткарамын. Менин атым – Айгүл. Мен тазамын. Булганган, кир нерселер болсо жууп, сүртүп тазалап коем. (Нускаманы окуучулар толук түшүнгөндөн кийин сабакты улантыңыз. Алардын кандай түшүнгөндүктөрүн билүү үчүн, 2-3 окуучудан нускаманы кайталап берүүсүн өтүнүңүз).

Бул учурда конокторго окуучулардын атын жана кандай сапатка ээ экендигин эстеп же кагазга жазып калуусун суранат. Коноктор өз кесибине тиешелүү сапаттарга ээ окуучуларды белгилеп турушат. Саны бирдей болуу үчүн өз ара макулдашышат.

Окуучулар өздөрүн тааныштырып бүткөн соң, мугалим сөздү конокторго берет.

**Коноктордун нускамасы:**

*Коноктор катар турушат да, окуучуларга кайрылышат.*

**1-конок:** *Азыр биз силерди өз командабызга бөлүп алабыз. Ал үчүн баарыбыз силерди бирден чакырып, командабызга кошобуз.*

**2-конок:** *Өз балдарыбыз биздин командада эмес, башка командада болот.*

**3-конок:** *Андыктан, 1-ата-эненин уулу же кызы атын атап, менин командама келсин.*

**1-конок:** *2-ата-эненин уулу же кызы атын атап, менин командама келсин.*

**2-конок:** *3-ата-эненин уулу же кызы атын атап, менин командама келсин.*

**3-конок:** *Окуучунун атын атап, чакырат.*

*Ушинтип 3 же 4 чакан топ куралат.*

**Нускама:**

Мугалим окуучуларга кайрылат:

Кымбатуу окуучулар, эми кичи топтордо аткара турган жумуш үчүн нускамага көңүл бургула *(нускама проектордон көрсөтүлөт же алдын ала ватманга жазылып, баарына даана көрүнө турган жерге сабак аяктаганга чейин илинип коюлат)*:

1. Өз командаңар менен класстык аянтка тегерек формада отургула.
2. Команда жетекчиси болгон коногубуздан кесип деген эмне экендигин суроолорду берүү менен тактагыла. Кесипке аныктама бергиле.
3. Коногубуздун кесибин билип, ал кесипке кандай сапаттагылар ээ боло тургандыгын тактагыла.
4. Коногубуздун кесибинин пайдалуу жактарын белгилегиле.
5. Бул кесипке кандай сапаттагы адамдар ээ боло албастыгын, эмне үчүн экендигин тактап сурагыла.

(Окуучуларга коноктордон маалымат алуу үчүн атайын убакыт белгиленет. Андан соң бет ачарга даярданууга: кимдер кантип бет ачар жасоо керектигин, айтылуучу мазмунду кандай ыкма, каражаттар менен жеткирерин пландоо үчүн убакыт бериңиз. Окуучулардын чыгармачылыгы эске алынарын айтыңыз. Керектелүүчү ватман, маркерлер, стикерлер, түстүү барактарды ж. б. колдонушса болот. Бет ачар үчүн так убакытты белгилеңиз).

Бет ачар башталарда окуучуларды чоң тегерек формада отуруусун көзөмөлдөйт. Презентатордун үнү баарына угулуп, чоң барактагы мазмун бардык окуучуларга даана көрүнүп тургандай болсун.

**Сабак окуучулардын бет ачары менен уланат.**

*(Бир команда өз жумушу боюнча бет ачар жасап жатканда, башка топтун мүчөлөрү аларды угуп-түшүнүп туруусу шарт экендигин эскертиңиз. Суроолор болсо, аларга жооп алуу мүмкүнчүлүгүн бериңиз. Окуучулардын жоопторун коноктун толуктоосуна көңүл буруңуз).*

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Бет ачарлар аяктап, суроолорго жооптор алынып, талкуу аяктаган соң, төмөнкү суроолорду талкуулоо менен сабак жыйынтыкталат:

1. Кесип деген эмне экен?
2. Жеке сапаттар менен кесиптин байланышы кандай?

Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжаларга кайрылып, анын ишке ашуусу кыскача талкууланат.

**Үй тапшырмасы:**

Окуучуларга үйдөгү улуу адамдардын (ата-эне, чоң ата, чоң эне, байке, эже ж.б.) кесибине кандай сапаттары ийгилик алып келгендиги тууралуу маектешип келүү тапшырмасы берилет.

# 6-КЛАСС

## 6.1. Менин кызыгууларым, хоббим жана бош убактым

**Сабактын максаты:**

- Окуучулар бири-биринин кызыгууларын жана хоббисин билүүнүн кызыктуу, ийкемдүү жолдорун үйрөнүп, болочок кесибинде алардын кайсынысы керектигин талдоону үйрөнүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- *балдар классташтарынын чыгармачыл ишмердигинин ар түрдүү жактарын толугураак түшүнүп, өздөрүнүн шык-жөндөмдөрүн башкалардыкы менен салыштырышат;*
- *Кызыгууларын, бош убактысын болочок кесибине карата өз алдынча уюштурууга багыт алышат;*
- *Классташтарынын бош убактысын кантип өткөрөөрүнө маани берет;*
- *Классташтарынын эмнелерге кызыгаарын билет.*

**Сабактын планы:**

| № | Усул/сабактын этабы | Убакыт | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо. | 2 мүнөт | Сабактын темасын тактайга жазып коюу |
| 2. | Көнүгүүнү аткаруу боюнча нускама. | 5 мүнөт | |
| 3. | «Биздин кызыкчылыктар менен таанышуу» көнүгүүсү. | 25 мүнөт | – колонкалар коюлат жана ыргактуу музыка тандалат;<br>– сабакта окуучуларга бериле турган суроолор алдын ала түзүлөт;<br>– отургучтар менен столдорду четке жылдырып, бош, кенен жай даярдалат. |
| 4. | Сабакты жыйынтыктоо. Ой жүгүртүү. | 13 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

5-класста кесипке багыт берүү боюнча окуучулардын өзүн-өзү таануусуна жана өз ара таанышуусуна шарт түзүлгөн эле.

*Мугалим эске алышы зарыл!*

Пикир айтуу талап кылынган көнүгүүгө бардык балдарды катыштырууга аракеттениңиз. Мугалимдин милдети – бул курактагы балдардын психологиялык жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн эске алып, тартынчаак окуучуларга көңүл буруу, кам көрүү жана колдоп туруу. Көнүгүүнүн шарты боюнча бардык суроолорго жооп берүү зарыл экенин баса белгилеңиз.

- ✓ Класс жетекчи катары сиз окуучуларыңыздын мүнөзүн жакшы билесиз, ошондуктан сабакка даярданууда ар биринин социалдык абалын (толук же жарты үй-бүлө ж. б.), ден соолугуна байланыштуу өзгөчөлүктөрүн эске алыңыз;
- ✓ Бул көнүгүүнү аткарууда окуучулар басмырлоого кабылбай, өздөрүн ыңгайсыз сезбеши, кооптонбошу керек;
- ✓ Суроолор баарына түшүнүктүү экенин анык билиңиз, зарыл болсо айрым суроолорду алмаштырсаңыз да болот (бирок 2-3төн ашпасын);

Сабакта окуучулар жуп-жубу менен иштейт. Эгер кимдир бирөө жалгыз калса, ага жардамчыны алдын ала тандап же мугалим өзү шерик болуп иштесе болот.

**Көнүгүүнүн жүрүшү**

Мугалим окуучуларды «бир», «эки» деп санатып, эки топко бөлүнүүнү сунуштайт. Биринчи топтогулар тегеректин ичин көздөй бир кадам жасайт, экинчи топтогулар сырткы айланада турат. Сырткы жана ички айланалардагы окуучулар бет маңдай туруп, жуптарды түзүшөт. Кимдир бирөөнүн түгөйү жок болуп калса, ага жардамчы келет же мугалим өзү шерик болот.

Мугалим окуучуларга суроолорду окуп берет, ал эми окуучулар жоопторун бири-бирине айтуусу керек. Мугалим бир жолу алакан чаап белги бергенде, суроого адегенде ички тегеректеги окуучулар сырткы тегеректеги шериктерине кайрылып, жооп беришет. Эки жолу алакан чапканда, ошол эле суроонун жообун сырткы тегеректеги балдар ички тегеректеги шериктерине айтышат. Мугалим суроо берерден мурун үч жолу алакан чаап белги берсе, сырткы тегеректеги окуучулар бир кадам солго жылып, ички тегеректен башка шериктерге туш болушат да, жаңы жуптарды түзүшөт. Ички тегеректеги окуучулар ордунан жылбайт. Анан мугалим суроо берип, кайрадан алакан чабат. Мугалим баштапкы курам кандай болгонун эстеп калып, окуучулар толугу менен айланып, биринчи түгөйлөрүнө жеткенге чейин суроо узата бериши керек.

2-3 окуучудан көнүгүүнүн шартын сураңыз да, эрежелерди баары түшүнгөндөн кийин гана көнүгүүнү баштаңыз.

**Көнүгүүнүн суроолору:**

1. Мектептеги кайсыл сабак сага кызыктуу?
2. Сен жакшы көргөн сабак келечектеги кесибиңе жардам бериши мүмкүнбү?
3. Сабактан кийин бош убактыңда эмне менен алектенесиң?
4. Сабактан кийин кайсы ийримдерге/курстарга баргың келет? Эмне үчүн?
5. Келечекте ким болгуң/болуп иштегиң келет?
6. Сен эмне жөнүндө кыялданасың?
7. Өзүңдүн кайсы сапатыңды өзгөртүүнү каалайсың? Эмне үчүн?

8. Сенин оюңча, адам кесип тандаганда эмнелерди эске алышы керек?
9. Сенин кайсы сапаттарың келечектеги кесибиңе жетүүңө жардам берет деп ойлойсуң?
10. Сендеги кайсыл сапаттар ийгиликке жетишиңе тоскоол болушу мүмкүн, эмне үчүн?
11. Башка адамдардын кайсы сапаттарын баалайсың? Эмне үчүн?
12. Сенин өсүшүңө кайсы фильм же китеп таасир этти? Эмне үчүн?
13. Сенин оюңча, кандай окуучу классташтардын эсинде калат?
14. Башкаларга жардам берип, кандайдыр бир жакшылык кылган учурларың жөнүндө айтып берчи.
15. Жашоодо кандай из калтыргың келет? (элдин эсинде кандай иштериң менен калсам дейсиң?)

Мугалим класстагы окуучулардын санын эске алып, ар кимиси өзүнүн сапаттары жөнүндө ой жүгүртүшү үчүн зарыл суроолорду алдын ала камдап коюшу керек.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Мугалим бардык окуучуларды орундарына отурууга чакырып, төмөнкүдөй суроолор аркылуу кайтарым байланыш түзөт:

1. Кимдин кызыгуулары жана хоббиси силерди таң калтырды?
2. Бүгүн кызыгуулардын кайсылары силердин келечектеги кесибиңер менен иштөөдө кереги тийиши мүмкүн?
3. Эң кызыктуу жана таң калтырган нерселер кайсылар болду?
4. Классташтарыңардын кайсы кызыгуулары силердин келечектеги кесибиңерде пайдалуу болушу мүмкүн?

**Үйгө тапшырма:** Кайсы хобби/кайсы кызыгууларды өнүктүрүү силердин келечектеги кесибиңерде керектүү болушу мүмкүн экенин жазгыла.

# 6.2. Менин кызыгууларым жана кесип

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулардын кызыгууларындагы окшоштуктар менен айырмаланган жактарын айкындоо, келечектеги кесиби менен иштөөдө кереги тийиши мүмкүн болгон жаңы хоббилерге балдарды кызыктыруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ келечектеги кесибинде кереги тийиши мүмкүн болгон кызыгуулар менен хоббилердин негизинде чыгармачыл өсүүгө болгон муктаждыгын талдашат;
- ✓ чечим кабыл алуу, өз оюн, позициясын айта билүү көндүмү калыптанат.

**Сабактын планы:**

| № | Усул/сабактын этабы | Убакыт | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 5 мүнөт | |
| 2 | «Позицияңды ээле» усулу | 25 мүнөт | Скотч, маркер, «ООБА», «ЖОК», «БАЛКИМ» сөздөрү жазылган А4 өлчөмүндөгү барактар |
| 3 | Сабакты жыйынтыктоо | 15 мүнөт | Суроолор |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Бул сабакта окуучулар тиешелүү суроолорго жана ырастоолорго карата позициясында туруп, өз жолун тандоону үйрөнүшөт, өз кызыгууларын жана хоббилерин башкалардыкына салыштырышат. Окуучулар тартынбай, эркин иштеши керек, анткени бул көнүгүү жамаат менен биргеликте аткарылат. Балдар тез ойлонуп, ыкчам талдаганды, ошондой эле дароо чечим кабыл алганды үйрөнүшөт. Мындан тышкары, окуучулар бири-бирин жакшыраак билип калышат.

Бул сабакта окуучулар бир орунда тек отурбай, кызыгуулардын, хоббилердин окшоштугуна жараша ары-бери басышат, өз ара сүйлөшүп, талкуулашат. Көнүгүү балдарды бириктирип, достоштурат. Сабактын жыйынтыгын чыгарганда балдардын ар бир адам өзгөчө болсо да, бири-бирине окшош жактары көп, ошондуктан биз тил табышып, дос боло алабыз деген тыянак чыгарышына өбөлгө түзүңүз.

Класстын ичин бирдей үч чекке бөлүп, багыт көрсөтүү үчүн полго үч башка кагаз скотч чаптаңыз. Ар биринин тушундагы дубалга «ООБА» (биринчи чөлкөмдө) , «ЖОК» (ортодо) , «БАЛКИМ» (акыркы бөлүктө) деген жазуулары бар барактарды чаптап коюңуз. Барактар жабык болушу керек.

**Мугалимге эскертүү:**

- ✓ Суроолорду түзгөндө окуучулардын социалдык абалын, ден соолугундагы, мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек. Суроолор балдарды ыңгайсыз абалда калтырбоосу, басынтпоосу, сезимине терс таасир этпөөсү керек;
- ✓ Көнүгүүнүн башталышында мугалим ар бир окуучу өзгөчө экенин, ошондуктан суроого берген жообу башкача болуп чыккан адамды мыскылдап күлбөө керектигин эскертип коюшу зарыл;
- ✓ Мугалим окуучуларга ар бириңер көпчүлүктү ээрчибей, өзүңөрдүн оюңарга туура келген жоопту тандагыла деп айтып коюшу керек;
- ✓ Эң башкысы, жагымсыз жагдайдын түзүлүп калуусуна жол бербөө керек.

Үй тапшырмасы талкуулангандан кийин окуучулар барактар илинген дубалдын тушуна тизилишет. Анан мугалим барактарды ачып, жазуусун көрсөтөт да, класстын ичи шарттуу түрдө үчкө бөлүнгөнүн айтат. Биринчи чөлкөм **«ООБА»** жообуна, экинчиси **«БАЛКИМ»,** үчүнчүсү **«ЖОК»** деген жоопко туура келет.

**Мугалим окуучуларга мындай дейт:**

Балдар, азыр силерге бир катар ойлорду окуп берем. Кайсы ойду туура десеңер, дубалга «ООБА» деген жазуусу бар барактын тушуна тургула. Эгер ойду туура болушу ыктымал деп ойлосоңор, анда «БАЛКИМ» жазуусунун тушуна келесиңер. Ким айтылган ойго макул болбосо, «ЖОК» деген жоонтун тушуна турат. Чын, туура жооп берүү керек. Эгер бир сызыкта бир нечеңер туруп калсаңар, башка жоопту тандаган балдардан айырмалануу үчүн өзүнчө тизилгиле. Адегенде, ойдун туура же туура эместиги жөнүндө акыл калчап, өзүңөрчө жооп тандап, ошондон кийин гана каякка турууну чечкиле. Бул өтө маанилүү. Тизилгенде катарыңарда дагы кимдер турганын, башкалар кайсы катарда кимдер менен же өзү эле туруп калганын байкагыла, кимдер кандай жооп бергенин эсиңерге сактагыла. Ар кимдин өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар. Ошондуктан жалгыз болуп калсаңар деле эч кыжалат болбой, тандаган ордуңарда тургула, анткени бул силердин жеке тандооңор. Жалгыз туруп калсаңар эле элден жаман же жакшы окшойм деп ойлобогула. Жалгыз турган баланы башкалар мазактап күлбөшү керек. Ар кимдин жеке тандоосун сыйлоо керектигин унутпагыла.

Сабак 2-3 окуучу нускаманы угуза айтып, бүтүндөй класс эрежелерди туура түшүнгөндөн кийин башталат.

**Тапшырманы окуучулардын баары түшүнгөнүн билген соң, мугалим ойлорду окуй баштайт:**

1. Мен сабактан кийин болочок кесибиме байланыштуу ийримге барам;
2. Мен сабактан кийин болочок кесибиме пайдалуу боло турган ийримге барууну пландаштырып жатам;
3. «Мен келечектеги кесибимди тандап койгом».
4. «Мен мектептен тышкаркы убактымды текке кетирбегени аракет кылам».
5. «Менин хоббим болочок кесибиме байланыштуу;
6. Мен хоббим жөнүндө ойлонуп көрбөптүрмүн;
7. «Бош убактымды келечектеги кесибиме байланышта өткөрөм».
8. «Мен англис тилин үйрөнүп жүрөм, анткени бул келечектеги кесибимде керек болот».
9. «Мен буйрук берип, иштин жүрүшүн башкарганды жакшы көрөм».
10. «Мен эл алдына чыгып сүйлөөдөн тартынам».
11. «Мен дайым күн тартибин пландап жүрөм».
12. «Мен ар бир киши өз кесибин каалоосуна жараша тандашы керек деп эсептейм».
13. «Мен кесип тандаганда өзүңдүн кызыкчылыктарыңды жана шык-жөндөмүңдү эске алуу керек деп эсептейм».
14. «Мен оптимистмин».
15. «Мен жаңы жамаатта башкалар менен тез эле тил табышып кете алам».
16. «Кесип тандоо жагынан бирөөгө өзүңдүн оюңду таңуулабашың керек деп эсептейм».
17. «Ар бир кесип ардактуу!»
18. «Мен жоопкерчиликтүүмүн: мага маанилүү милдетти такса болот».
19. «Мен так жүрбөйм: чакырган жерге дайыма кечигип же эрте барып калам».
20. «Мен эмгекчилмин: бекер отургум келбейт, иштегенди жактырам».

Көнүгүү мындайча улантылат: мугалим «ООБА», «ЖОК» «БАЛКИМ» деген жооптор илинген үч жерде тизилген окуучулардын эмне үчүн ошондой жооп бергенин билиш үчүн кез-кезде аларга суроо узатып турат. Суроого ар бир топтон бир же бир нече окул жооп берсе болот. Ошондо окуучулардын ар түрдүү пикирлерин угуп, көнүгүүнү кызыктуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Ой жүгүртүү, сабакты жыйынтыктоо:**

Мугалим окуучуларга жакшы катышканы үчүн алкыш айтып, төмөнкүдөй суроолорду узатуу менен кайтарым байланыш түзөт:

1. Бирөө менен бир сызыкта турганыңарда оюңарга эмнелер келди?
2. Бирөөлөр менен ар башка сызыкта туруп калганыңарды көргөндө эмне деп ойлодуңар?
3. Алардын кайсы жооптору таң калтырды?
4. Силерди ойлонтууга түрткү берген суроолор болдубу?
5. Бул сабак сенин өзгөрүшүңө жардам береби?

**Үйгө тапшырма:** «Келечектеги кесипке байланыштуу биздин кызыгууларыбызды өркүндөтүүнүн канчалык мааниси бар?» деген суроонун тегерегинде кыска эссе жазуу.

# 6.3. Кесиптер дүйнөсүнө таандык баалуу сапаттар

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулар өзүндөгү өзгөчө сапаттарды аңдап түшүнүү менен кесиптерге таандык болгон баалуу сапаттарды аныкташат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ кесипке таандык баалуу сапаттардын пирамидасын түзүшөт;
- ✓ кесипке таандык баалуу сапаттарды талдашат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу<br>Саламдашуу, жагымдуу маанай түзүү | 2 мүнөт | |
| 2 | Баалуу сапаттар | 15 мүнөт | баалуу сапаттар жазылган карточкалар |
| 3 | Баалуулуктар пирамидасы | 15 мүнөт | кесиптин аты жазылып салынган конверт, ватман, маркер, кагаз скоч |
| 4 | Топтордун бет ачары | 10 мүнөт | |
| 6 | Сабакты жыйынтыктоо | 3 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим баалуу сапаттар жазылган карточкаларды окуучуларга таратат. Карточкаларда адамдарга тиешелүү баалуу сапаттар жазылган.

**Карточкада:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| чынчыл | тырышчаак | чыдамдуу | кайрымдуу |
| түшүнө билүү | сабырдуу | көз карандысыз | чечкиндүү |
| көнүл буруу | элестетүү | ак ниеттүү | ыраазы кылуу |
| тактык | тандоо эркиндиги | берешен | салыштыруу |
| кызматташтык | колдоо | өзүнө ишенүү | сабырдуу |
| адилеттүү | башкаларга болгон ишеним | жардам берүүгө жөндөмдүү | жоопкерчиликтүү |
| өтө тактык | толеранттуулук | кечиримдүүлүк | көп маалыматтуу |
| мамилечил | адамдар менен таанышууну жакшы көрүү | көтөрүмдүү | кечире алуу |
| ачыктык | колдоо көрсөтө алуу | ишенимдүү | көнүл кош карабаган |

Окуучулар карточка менен таанышкандан кийин, мугалим окуучулардан өзүңөргө таандык же болбосо силерге жаккан бир баалуу сапатты тандагыла. Аны кандайча түшүнө турганыңарды үлгүгө карап, сүйлөмдү толуктап жазгыла. Аны түшүндүрүп бергиле.

Окуучуларга түшүнүктүү болуу үчүн мугалим мисал келтирип, доскага же интерактивдүү тактага жазып коёт:


| | |
|---|---|
| Менде **ачыктык** сапатым бар. Анткени ***оюмдагыны тартынбай айта берем.*** | Менде …. сапатым бар. Анткени …………. . |
| Мага **сабырдуулук** сапаты жагат. Анткени ***чыр-чатактан алыс болосуң.*** | Мага …. сапаты жагат, Анткени …………. . |

Өзүндө бар же жаккан сапаттарды окуучулар жазып бүткөн соң мугалим окуучулардын айтып берүүсүн суранат.

Бул көнүгүүдөн кийин «бала багуучу» кесибине таандык **баалуу сапаттардын пирамидасын** мугалим окуучулар менен биргеликте түзүшөт.

**Нускама:**

Пирамиданын эң башына кесиптин аталышын, андан кийин төмөндөн жогору карай биринчи, экинчи, үчүнчү тепкичке кесипке таандык үч баалуу сапатты жазышат. Төртүнчү, бешинчи тепкичке кесипке тиешелүү эки жакшы сапатты, ал эми акыркы тепкичке дагы бир баалуу сапатты белгилешет. (Төмөндөгү үлгү)






Окуучуларды **«чынчыл»**, **«чыдамдуу»**, **«ак ниет»** деп айтыруу менен үч топко бөлөт да, топторго ватман берет.

Мугалим топтордон бирден мүчөнү чакырып, партанын үстүндө турган конверттердин *(5 же 6 конверт даярдап коюу керек. Конверттин ичинде кесиптин аталышы жазылат, мисалы: агроном, IT адистиги, автомеханик, веб-дизайнер, медик, эколог, электрик ж.б.)* бирин тандап алууларын өтүнөт.

Топтун мүчөсү конвертти өз тобу менен ачып, кандай кесиптин аталышы келгенин көрүшөт. Топтор кеңешип, жогорудагыдай кесипке таандык баалуу сапаттардын пирамидасын түзүшөт. Бул жумуш үчүн 7 мүнөт берилет.

Ар бир топ аткарган иштери боюнча бет ачар жасашат.

**Мугалим ар бир топко суроо берет:**

Кесиптер пирамидасын түзүүдө бул баалуу сапаттарды эмне үчүн тандап алдыңар? Мүмкүн болсо себебин түшүндүрүп кеткиле.

Башка топтордон каалоочулар ойлорун айтып, толуктаса болот.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

*Бүгүнкү сабакта кесиби менен иштөөдө ийгиликке жетүү үчүн кесиптерге тиешелүү болгон баалуу сапаттарды билүү жана калыптандыруу баарынан маанилүү экенин билдик. Ошондуктан кесипти тандоонун алдында ага тиешелүү болгон сапаттарды алгач өзүбүзгө көндүм катарында калыптандыруу зарыл.*

**Үй тапшырмасы:**

Үй-бүлөөнүн бир мүчөсүнүн кесибинин баалуу сапаттар пирамидасын түзүп келүү үйгө тапшырма катары берилет.

## 6.4. Адистиктерге карата калыптанып калган көз караштар/стереотиптер

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулар кесиптик жана гендердик калыптанып калган көз караштар/стереотиптер жөнүндө маалымат алуу менен, аларды эмне үчүн жеңип чыгуу керектигин билишет.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ кесип тандоодо калыптанып калган көз карашка жол бербөө керектигин түшүнүшөт;
- ✓ ар бир кесиптин коомдогу орду тууралуу ойлонушат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2 | Кесиптерге карата калыптанып калган көз караштар | 10 мүнөт | |
| 3 | Топтордо иштетүү | 8 мүнөт | – айымдын жана мырзанын сүрөтү керектелет;<br>– адистиктер жазылган карточкалар;<br>– мырзалардын адистиктеринде эмгектенген айымдардын сүрөттөрү жана айымдардын адистиктеринде иштеген мырзалардын сүрөтү;<br>– Венндин диаграммасы |
| 4 | Топтордун бет ачары | 8 мүнөт | Стикер |
| 5 | Талкуу | 10 мүнөт | |
| 6 | Сабакты жыйынтыктоо | 4 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим окуучуларга теманы жана анын максатын тааныштыруудан кийин, кесиптерге карата калыптанып калган көз караштар тууралуу маалымат берет:

| Кесип | Калыптанып калган көз караш | Чындыгында |
|---|---|---|
| Юрист | Акча көп табат. | Жумуш оруну жок, айлык акысы аз. |
| Айдоочу | Кийими, колу-бети кир, май сасыйт. | Ак эмгеги менен акча табат. |
| ГАИ | Паракор. | Алардын арасында да кесипкөй инсандар болот. |
| Мугалим | Бир гана билим берет. | Изденет, окуйт, жоопкерчилиги жогору. |
| Тигүүчү | Кесиби, билими жоктор иштейт. | Жакшы акча табышат, дизайнер катары өздөрүн көрсөтө алышат. |

Майыптуулугу бар инстандар иштебейт же иштей албайт деген калыптанып калган көз караш да бар. Балдар силер кандай деп ойлойсуңар? Чындыгында, майыптуулугу бар инстандар иштеп, ийгилик жаратып жаткандары да белгилүү.

Кесиптерден сырткары айрым учурларда гендердик дагы калыптанган көз караштар бар.

**Мырзалардын жана айымдардын мүнөздөмөсү**

Мугалим окуучуларга мырзаларга тиешелүү жети сапатты жана айымдарга тиешелүү жети сапатты жазууну сунуштайт. Окуучулар эмне үчүн ушул жети сапатты жазганына түшүндүрмө беришет. Мугалим ал сапаттарды төмөнкү таблицага жазат.

| Мырзаларга таандык сапаттар | Айымдарга таандык сапаттар |
|---|---|
| намыскөй | назик |
| эр жүрөк | мээримдүү |
| | |
| | |
| | |
| | |
| | |
| | |
| | |

**Мугалим окуучулардын ой жүгүртүүсү үчүн төмөнкү суроону берет:**

*Таблицадагы эки мамычанын ортосундагы айырма эмнеде?*

*Бул калыптанып калган көз караштар (стереотиптер) чындыгында эле ушундайбы?*

Мугалимдин: калыптанып калган көз караштар (стереотиптер) бардык мырзалар бирдей мүнөздөмөлөргө жана бардык айымдар бирдей мүнөздөмөлөргө ээ деген жалган пикирлерге негизделген. Ооба, мырзалар менен айымдардын ортосунда айырмачылыктар бар, бирок биз ар бирибиз – сапаттар, жөндөмдүүлүктөр жана кызыкчылыктар уникалдуу айкалышкан адамбыз. Калыптанып калган көз караштар (стереотиптер) көбүнчө чыныгы турмушта көйгөйлөрдү жаратышат.


**Кесиптерге карата калыптанып калган көз караштар (стереотиптер).**

Мугалим өзүнүн чыгармачылыгы менен классты 3 топко бөлүп алат. Топторго стикер таратып, тапшырма берет.

**1-топко:** адамдар көбүнчө **«мырзаларга тиешелүү кесиптер»** катары карап келинген кесиптерди сунуштайт.

**2-топко:** **«айымдарга тиешелүү кесиптер»** – деп эсептелип келген кесиптерди сунуштайт.

**3-топко:** **«мырзаларга да айымдарга да тиешелүү кесиптерди»** жазууну сунуштайт.



Топтор тапшырманы аяктаган соң, топторго адамдар эмне үчүн ушундай деп ойлоно тургандыгынын аргументтеп берүүлөрүн суранат.

Мугалим Венндин диаграммасынын оң жагына «мырзаларга тиешелүү кесиптер» жазылган стикерлерди, «айымдарга таандык кесиптер» жазылган стикерлерди сол жагына, ал эми экөөнө тең тиешелүү болгон адистиктер жазылган стикерлерди диаграмманын ортосуна жайгаштырууну сунуштайт.



Окуучулар бул адистиктер эмне үчүн мырзаларга же айымдарга тиешелүү болуп эсептелине тургандыгынын себептерин талкуулашат.

Мырзаларга таандык деп эсептелген адистиктерди айымдар же айымдарга тиешелүү деген адистиктерди мырзалар аткара алышабы? деген суроо берилет.

Суроо берүү менен айымдарга тиешелүү кесиптерди мырзалар да аткара алат, ал эми мырзаларга таандык кесиптерди айымдар  аткара ала тургандыгын мисал келтирүү менен, адистиктер жазылган бардык стикерлерди ортого жайгаштырып, окуучуларга кесиптер мырзалардыкы же айымдардыкы деп чектелүү туура эместигин талкуулашат.

Окуучулардын ойлорун уккан соң, видео көрсөтсө болот https://youtu.be/FW3BrBvtrA8 (кран айдаган кыз-келиндердин, ашпозчу мырзалардын ж.б.).

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Төмөнкү суроолор менен мугалим сабакты жыйынтыктайт:

1. Кесиптерге карата калыптанып калган көз караштар тууралуу эмнени биле алдынар?
2. Кесиптерди мырзаларга жана айымдарга тийиштүү кылып бөлгөнгө оюнду билдирсен?
3. Бүгүнкү сабактан кийин гендердик калыптанып калган көз карашка ойуң өзгөрдүбү?

**Үй тапшырмасы:** Үй-бүлө мүчөлөрү менен биргеликте кесиптик жана гендердик калыптанып калган көз караштар тууралуу талкуулагыла.

# 7-КЛАСС

## 7.1. Менин күчтүү жана чабал жактарым

**Сабактын максаты:**

- ✓ Өзүн-өзү талдоо аркылуу өзүн таанып билүү жана өзүндөгү сапаттарды сүрөт менен чагылдыруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ өздөрүнүн күчтүү жана чабал сапаттарын аныкташат;
- ✓ өздөрүндөгү сапаттарды баалап, жаккандарын айырмалашат, бири-биринин сапаттарын билип алышат.

**Сабактын планы:**

| № | Усул/сабактын этабы | Убакыт | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 3 мүнөт | |
| 2. | Арт терапия<br>*Мүмкүнчүлүккө жараша боёкторду ала келгиле деп окуучуларга алдын ала эскертип коюу керек.* | 15 мүнөт | А4 өлчөмүндөгү барак, маркерлер, түстүү карандаштар, боёктор, кыл калемдер, суу куюлган стакандар |
| 3. | *Сүрөттөрдүн бет ачары* | 22 мүнөт | |
| 4. | Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

**Мугалимдин эсине!**

Бул сабак окуучунун келечектеги кесибине кереги тие турган өзүнүн эң маанилүү сапатын аныктап алышына өбөлгө түзөт. Ал ошол сапатты кандайдыр бир нерсе, жаныбар же жансыз буюм же табияттын көрүнүшү түрүндө тартат. Оюндагы нерсени окуучу чыгармачыл сүрөт аркылуу чагылдырууга аракет кылышы керек. Албетте, сүрөттү жакшы тарта албайбыз деши мүмкүн. Мындайда мугалим окуучуларга минтип дем берсе болот: «Бул жерде сүрөтчүлүк жөндөмүңөрдү көрсөтүү эмес, сүрөт, колдонулган элестетүүлөр жана түстөр аркылуу өзүңөрдүн сапатыңарды талдоо мааниге ээ. Кээ бир балдар өздөрү каалаган нерсени тарта албашы мүмкүн, бирок биз бул жерде өзүбүздү таанып билүүгө, инсандык сапаттарыбызды айтканда кайсы нерселерди элестетериңерди сезип-туюуга аракеттенип көрүшүбүз керек».

**Мугалимдин эсине!**

- ✓ маркерлер, түстүү карандаштар, боёктор, кыл калемдер, суу куюлган стакандар жана А4 өлчөмүндөгү барактар алдын ала камдалып коюлушу керек;
- ✓ окуучулар бири-бирине тоскоолдук кылбай сүрөт тартышы үчүн шарт түзүңүз;
- ✓ сүрөт тартылып жатканда тынч, жагымдуу музыканы койсоңуз болот;
- ✓ окуучуларды бул көнүгүүнү жоопкерчиликтүү, жан дили менен берилип аткарууга чакырыңыз;
- ✓ окуучу өзүнө эң башкы жана өзү үчүн эң маанилүү сапатын өз алдынча аныктап, сүрөт аркылуу чагылдырышы керек;
- ✓ мугалим сапаттарды тандоо боюнча окуучуга көрсөтмө же кеңеш бербеши керек. Андан көрө жөн эле колдоп, багыт берсе болот;
- ✓ музыка сүрөт тартылып жаткан убакта гана коюлат.

Андан соң, мугалим окуучуларга төмөнкүлөрдү түшүндүрөт:

– Балдар, ар бир адамдын күчтүү жана алсыз жактары, сапаттары болот. Азыр силер бул сапаттардын ичинен силерди башкалардан айырмалап турган, маанилүү деп эсептеген бир сапатты тандагыла. Бул силердин негизги сапатыңар, т.а. мүнөзүңөрдү аныктаган өзөк сапатыңар болушу керек. Аны баракка сүрөт кылып тарткыла. Аны эмнеге салыштырасыңар? Бул кайсы бир нерсе, табияттагы көрүнүш же символ болушу мүмкүн. Силердин ошол сапатыңарды толугу менен эмне чыгылдырышы мүмкүн экенин ойлонгулачы. Сүрөт ойдогудай болушу үчүн кандай деталдарды жана боёкторду колдонуу керек? Сүрөт силердин тандаган сапатыңарды толук чагылдырышы керектигин эске алгыла. Эми ыңгайлуу орунга отуруп, сүрөт тарта баштагыла.

*Мугалим окуучуларга даярдалган орундарга отурууну сунуштайт. Мугалим жай музыканы коюп, жагымдуу маанай түзүп бериши керек. Ал сүрөт тартуу ишине кийлигишпей, байкоочу гана болуп турушу кажет.*

**Мугалимдин эсине!**

Айрым окуучулар нускаманы кунт коюп укпай, бир эмес бир нече сапатты сүрөткө тартышы ыктымал. Ошондуктан баарын туура түшүндүрүүгө аракет кылыңыз. Сүрөт тартууга кирише элек балдардын жанына барып, байкап көрсөңүз да болот.

Мугалим сүрөт тартууга 15 мүнөт берет. Окуучулардын үлгүрүшүнө карай убакытты кыскартса же узартса болот.

Эгер окуучу өзүнүн башкы сапатын атабай эле жалпы сөздөрдү айтса, анда мугалим кайсы конкреттүү бир сапатты айтып жатканын тактап сурап, ошону аныктоо жагынан окуучуга жардам бериши керек. Айрым балдар жетиле элек болгондуктан кыйналып калышы ыктымал, ошондуктан мугалим сабакка күн мурунтан камданып, окуучулардын тизмесинин тушуна анын башкалардан айырмаланган сапатын жазып коюу сунушталат. Бул тизме окуучуга багыт берүүдө керектиги тийиши мүмкүн.

**Акыл чабуулу (сүрөт тартылып бүткөндөн кийин):**

1. Өзүңөрдүн эң башкы сапатыңарды тартканда эмнеге көңүл бурдуңар?
2. Эмне үчүн силерде ушундай элес пайда болду?

Өздөрүнүн сүрөттөрүн таанытуу аркылуу окуучулар бири-бири менен жакыныраак таанышып, ар кимисинин өзгөчөлүктөрүн, мыкты жактарын билип алышат. Бул учурда

класста биримдикте болуу сезимин колдоп туруу зарыл. Мисалы, сабактын аягында мугалим окуучуларга алардын башкалар менен окшош, жалпы жактарын билип алышканын же мурда анча ачылбай жүргөн балдар менен жакшыраак сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөнүн айтса болот.

Мугалим сабакта окуучулар тарткан ар бир топтомдон бирден сүрөттү алып, авторлорун кезеги менен жанына чакырат.

Сүрөттүн бет ачарынан кийин мугалим окуучуларга мындай дейт:

– Рахмат. Келгиле, биздин биринчи бет ачарды тартынбай өткөргөн окуучуга колдоо көрсөтүп, кол чабалы.

Окуучулардын баары бет ачар өткөрүп бүткөнгө чейин көнүгүү улантыла берет.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Сабак төмөнкү суроолорду талкуулоо менен жыйынтыкталат:**

1. Өзүңөр тарткан сүрөттөрдүн бет ачарын өткөрүп жатканда кандай сезимде болдуңар?
2. Кимдин сапаттары сени таң калдырды? Эмне үчүн?
3. Силердин оюңарча, сүрөттөп чагылдырган сапатыңар келечектеги кесибиңерде кереги тийиши мүмкүнбү?
4. Белгиленген бир нече сапаттардын кайсылары келечекте кесип тандоого таасир этиши мүмкүн же ал сапаттарды азыртан эле тандап алдыңарбы?

**Үй тапшырмасы: Үй-бүлө мүчөлөрү менен алардын күчтүү жана чабал сапаттарың жөнүндө талкуу жүргүзүү.**

# 7.2. Кесип тандоо планы

**Сабактын максаты:**

✓ Окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын эске алып, атайын таблицаны колдонуп, кесип тандоо планын түзүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

✓ «кесип», «адистик», «кызмат» түшүнүктөрүн айырмалай билишет;

✓ диагноздоо материалдары менен иштөө көндүмү калыптанат;

✓ атайын таблицанын жардамы менен кесип тандоо планын түзөт жана анын артыкчылыктарын байкайт.

**Сабактын планы:**

| № | Усул/сабактын этабы | Убакыт | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 2 мүнөт | |
| 2 | Акыл чабуулу | 5 мүнөт | – «кесип», «адистик», «кызмат» түшүнүктөрүнүн аныктамаларын жазылган көргөзмө курал даярдоо |
| 3 | Чакан лекция | 8 мүнөт | – тактадагы №1 схема боюнча көргөзмө курал даярдоо (же проекторду пайдаланса да болот) |
| 4 | Жуптарда иштөө<br>Бет ачар | 25 мүнөт | – баалоо таблицасын жана кесип тандоо планын окуучулардын санына жараша кагазга чыгарып коюу |
| 5 | Сабакты жыйынтыктоо.<br>Ой жүгүртүү | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү**

*«Эгер келечекти ойлобосоңор, ал болбой калат».*

***Джон Голсуорси***

Мугалим сабактын темасы менен максаттарын жарыялайт. Андан кийин төмөнкү суроолорду окуучуларга узатып, талкуу жүргүзөт:

1. *Келгиле, адегенде, өткөн класстык саатта биз эмне кылганыбызды эстейли.*
2. *Силердин оюңарча, күчтүү жана чабал сапаттарыңарды билүү кесип тандоого кандай таасир этиши мүмкүн?*

Суроолорго жоопту окуучулардын 3-4 сураш керек.

Окуучулар жооп бергенден кийин мугалим лекцияга өтөт.

**Кесип тандоо планын түзүү зарылдыгы жөнүндө**

Жаңы технологиялар өнүгүп жаткан азыркы кезде жаңы кесиптер пайда болуп, эскилери жоголо берет. Ошондуктан силер тандаган кесип жок дегенде 8-12 жылдан кийин, окууну бүткөнүңөрдө керек болорун билишиңер кажет.

**Кесип** – бул атайын даярдоо жана тажрыйба аркылуу алынуучу теориялык билимдер менен практикалык көндүмдөр комплексин өздөштүргөн адамдын жашоосуна экономикалык булак болгон эмгек ишмердигинин түрү.

«Адистик» деген түшүнүк да бар. Бул – «бир кесиптин алкагындагы ишмердиктин кыйла кууш түрү».

Кесипти кызмат орду деген түшүнүк менен көп чаташтырышат.

Кызматтык орун – кызматкердин иш жүктөмү, жоопкерчилик даражасы, жумушуна коюлуучу талаптар жана кызматтык милдеттери менен аныкталуучу белгилүү бир макамынын мүнөздөмөсү.

*Мисалдар (буларды экрандан көрсөтсө же тактага жазып ушул таблица аркылуу түшүндүрөт):*

| кесип | адистик | кызматтык орун |
|---|---|---|
| мугалим | химия мугалими | директор |
| даарыгер | врач-хирург | бөлүм башчы |
| электрик | инженер-электромонтер | рай. электр. тармак башчысы |
| технолог | сут азыктары боюнча технолог | директордун орун басары |
| биолог | микро-биолог | кенже илимий кызматкер |

Кесип тандоо – бул бир иш-аракет же тез эле кабыл ала койгудай чечим эмес, бул келечегиңди аныктай турган чоң жумуш. Дал ошондуктан, өзүң тандаган багытка керегин тие тургандай билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди жакшы өнүктүрүү үчүн бул жумушту мүмкүн болушунча эртерээк баштоо керек. Анткени бул туура тандоого жол ачат. Мектепти бүткөнгө чейин эле сенин келечегиңдин ийгиликтүүлүгүнө негиз болуучу анык план, өнүккөн көндүмдөр түрүндөгү бекем пайдубал даяр болот.

Бул сабакта биз **кесип тандоо планын** түзүп көрөбүз. Албетте, мектепти аяктаганга чейин бул план бир нече жолу өзгөрүшү мүмкүн. Эң башкысы, эгер бул планды көңүлдө тутуп, өркүндөтө берсеңер, анда келечекте кесип, окуу жай тандоо жагынан адашпай, өзүңөргө кереги тире турган сапаттарыңарды өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүңөрдү текке кетирбейсиңер

**Кесип тандоодо буларды аныктоо баарынан зарыл:**

1. Эмнени каалайсыңар?
2. Эмне колуңардан келет?
3. Бул кесипке суроо-талап барбы?
4. Силер андагы талаптарга туура келесиңерби?

**Бул суроолорго таянып,** «Каалайм + Колумдан келет + Керек» **деген формула түзүлөт.**

**Келгиле, муну толугураак талдайлы:**

**«Каалайм»** – бул сенин кызыгууларың менен хоббиң.

Бош убактыңда ушулар менен алектенесиң. Эгер адам тандаган кесибинен ыракат алса, анын иши эң өнүмдүү, эффективдүү болот.

*«Өзүңдүн жан дүйнөңө дал келген жумушту тандасаң,, өмүрүңдө бир күн да иштебегендей болосуң, – деген Конфуций.*

**«Колумдан келет»** – бул сенин шык-жөндөмүң, сапаттарың, ден соолугуңдун абалы жана кесиптик көндүмдөрүң. Жумуштун колуңдан келиши ден соолугуңа эле эмес, ар кайсы ишмердик чөйрөлөрүндөгү билим, билгичтик жана көндүмдөр боюнча деңгээлиңе жараша аныкталат.




Схема №1

Кайсы бир жумуштун түрүн эч кыйналбай, өнүмдүү иштей алсаң, ошол кесипти тандаганың оң. Өзүң иштей албай кыйналган, канагат албаган жумушту башкаларга калтыр.

**«Керек»** – жумуш табуу мүмкүнчүлүгү, эмгек базарындагы суроо-талап деңгээли менен аныкталат. Мында коом ыкчам өнүгүп баратканын эске алуу керек: эски кесиптер жоюлуп, жаңылары пайда болууда.

**Практикалык иш**

Көбүнчө окуучулар бир нече кесипти тандашат. Муну эске алып, таблицада эки кесипти тандоо планын толтуруу сунушталат. Бирок эгер окуучу бир гана кесипке артыкчылык берсе, анда бир эле мамычаны толтуруу керек. Окуучулар ар бир суроого ойлонуп жооп бериши зарыл. Ошондо кесип жөнүндө түшүнүк кыйла кеңири болот. Таблицанын экинчи бөлүгү келечектеги тийиштүү керектүү сапаттарды, көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн окуу жайды тандоого колдонулат. Буга да олуттуу кароо керек.

Кесип тандоо планын түзүү кийинки иш-аракеттердин багытын эле аныктабастан, бул жааттагы жаңылуудан келип чыгуучу көптөгөн убарагерчиликтердин алдын алууга мүмкүндүк берет.

**Таблица: Артык көргөн кесипти аныктоо жана кесип тандоо планынын божомолу**

| | Суроолор | *Кесип варианттары* | |
|---|---|---|---|
| | | *1.* | *2.* |
| **1.** | Бул кесиптеги кызматкер кайсы милдеттерди аткарат?<br>Сага бул кызыкпы? | | |
| | **Бул сенин колуңдан келеби?** | | |
| ***2.*** | Кесипке ээ болуу үчүн сен эмнелерди өздөштүрүшүң керек болот? | | |
| | **Буга байланышкан сабактар сага жагабы?** | | |
| ***3.*** | Бул кесипте кызматкердин кандай сапаттары болушу керек? | | |
| | **Сенде бул сапаттар барбы?** | | |
| ***4.*** | Бул кесиптеги адамдын ден соолугу кандай болууга тийиш? | | |
| | **Сенин ден-соолугуң буга ылайык келеби?** | | |
| ***5.*** | Бул кесипте иштеш үчүн кайсы көндүмдөргө ээ болушуң керек? | | |
| | **Бул сага кызыктуубу?** | | |
| | ***ПЛАН*** | ***Иш-аракеттер*** | ***Мөөнөтү*** |

| | | |
|---|---|---|
| Бул кесипте ийгиликке жетиш үчүн кандай кадамдарды жасашың керек?<br>(иш-аракеттериңди кадам-кадам кылып жаз:<br>– кайсы көндүмдөрдү өнүктүрүшүң керек?<br>– кайсы сабактардан айрыкча жакшы окушуң керек?<br>– кайсы сапаттарыңды өнүктүрүшүң керек?<br>– тийиштүү ЖОЖ/колледжди качан издей баштоо керек? | | |

Класстык саатта окуучулардын айрымдары кесиптик диагностиканы толтурууга жана план түзүүгө жетишпей калышы ыктымал. Ошондуктан мугалим окуучулар пландарын түзүп бүтүшү үчүн үйгө тапшырма берүүсү керек.

Бул суроолорго жооп берип жатканда сен өзүңө кыйла туура келе турган башка кесипти да ойлонуп калган болушуң ыктымал. Эми ошол кесип боюнча ийгиликке жеткире турган кадамдарды аныкта.

Тапшырма аткарылып жатканда мугалим окуучуларды кыдырып, таблицаны толтуруп жатканын көрүп, бул жагынан кыйналгандарга жардам бериши керек.

Таблицаны толтурууга 15 мүнөт, бет ачарга 10 мүнөт берилет.

План толтурууга бөлүнгөн убакыт аяктаганда, мугалим ишин бүтүргөн окуучулардан пландарын көрсөтүүсүн өтүнөт. Сабакта убакыт чектелгенин эске алып, 3-5 окуучунун планы боюнча бет ачар жасоосуна мүмкүндүк берсе болот.

**Сабакты жыйынтыктоо үчүн суроолор:**

1. *Таблица толтуруу силерге пайдалуу болдубу? Эмне үчүн?*
2. *Кайсы суроо эң кыйын болду? Эмне үчүн?*
3. *Бул көнүгүү эмне үчүн керек деп ойлойсуңар?*
4. *Кимиңер тандаган кесибиңерге болгон мамилеңерди өзгөрттүңөр?*
5. *Бүгүнкү сабактан кандай негизги жыйынтыктарды жасадыңар?*

Кымбаттуу балдар, биздин сабак да аягына чыкты. Бүгүн биз тандаган кесипке ар тараптан кароо өтө зарыл экендигин түшүндүк. Бул сабакта түзүүгө аракеттенген планыбызга кесипке багыттоо сабактарында көп ирет кайрылабыз. Албетте, ал толук иштеле элек, дагы далай жолу кайра каралат. Бирок, эң башкысы, эгер аны өркүндөтүп, жүзөгө ашыруу үчүн иштей берсеңер, кийинчерээк ал силердин ийгиликтүү өсүшүңөргө негиз болот.

**Үйгө тапшырма:**

Окуучуларга кесип тандоо планын толуктап иштеп келүү тапшырма катары берилет. Эгер кесипке карата оюңарды өзгөрткөн болсоңор ушул таблицаны колдонуп жаңы план түзгүлө.

# 7.3. Менин көндүмдөрүм жана таланттарым

**Сабактын максаты:**

✓ Окуучулар өз таланттарын, кызыгууларын жана жөндөмдөрүн аныкташат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

✓ «көндүмдөр» жана «талант» деген түшүнүктөрдү терeңдеп түшүнүшөт;

✓ эмнелерге кызыгарын аныктап, хоббисин жана талантын табышышат;

✓ өзүнүн кызыкчылыктарын, көндүмдөрүн жана таланттарын сүрөттөй алышат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| **1.** | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| **2** | Мугалим тема боюнча маалымат берет | 8 мүнөт | |
| **3.** | «Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө» жумушчу баракчасы менен иштөө | 30 мүнөт | Жумушчу баракча |
| **4.** | Сабакты жыйынтыктоо | 4 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

*Мугалим окуучулар менен учурашып, сабактын темасы менен тааныштырат. «Менин көндүмдөрүм, кызыгууларым жана таланттарым» деп аталган бул сабак окуучуларга кесип тандоого жардам берерин баса белгилейт. Андан кийин ал окуучуларга төмөнкү суроолор менен кайрылат:*

- Кандай деп ойлойсуңар, хобби деген эмне?
- Кандай деп ойлойсуңар, көндүм деген эмне?
- Кандай деп ойлойсуңар, талант деген эмне?

Окуучулардын жоопторун мугалим чоң баракка жазып турат. Андан кийин терминдердин аныктамасын сунуш кылат:

**Адамдын кызыгуусу** – бул белгилүү бир билим чөйрөсү же адам үйрөнүүгө умтулган ишмердүүлүк, ошону менен ишмердиктин кайсы бир түрүнө (саясатка, модага, психологияга, интерьердин дизайнына, макияж жасоого/чач жасалгалоого) шыгы бар болгону билинет.

**Көндүм** – бул улам кайталап жасай берүүнүн натыйжасында аң-сезимсиз аткарылган иш-аракет, б.а. ошол ишти адам автоматтык түрдө жасап калат (компьютерде тамгаларды тез терүү, тамак бышыруу, машине айдоо, бир тилден экинчисине которуу ж.б.).

**Талант** – табият берген жөндөм, ал адамга кандайдыр бир оор ишти ийгиликтүү, өз алдынча жана кайталангыс түрдө аткарууга мүмкүнчүлүк берет. Талант адамды эмгектен

бошотпойт, тескерисинче, ал адам чоң, чыгармачыл, оор иш жасайт дегенди билдирет. Эмгектин арты менен гана таланттуу адамдар жогорку деңгээлдеги чеберчиликке, дүйнөлүк атак-даңкка жете алышкан (белгилүү сүрөтчүлөр, композиторлор, жазуучулар ж.б.).

**Эсиңизде болсун!**

- Терминдерди түшүндүрүп жатканда окуучулардын эсинде калсын үчүн мугалим мисалдарды келтириши керек.
- Маалыматты кабыл алуу оңой болсун деп, мугалим терминдердин аныктамаларын кагазга чоң шрифт менен жазып же басып чыгарып, окуучуларга көрүнүктүү жерге илип коёт.
- Андан кийин мугалим ар бир адамдын таланты жана белгилүү бир нерсеге болгон каалоосу бар экендигин, адам эмнени жактыраарын, эмне кызыктуу болгонун өзү гана сезип, билерин түшүндүрүп берет.

Көп учурда кесип тандоодо биз башка адамдардын пикирине баш иебиз, бирок сырттан караган адам башканын ички сезимдерин, хоббисин жана каалоолорун дайыма эле биле бербейт. Ошондуктан, кесип тандоодо адам талантына, хоббисине жана билген көндүмдөрүнө көңүл бурушу керек.

Анда балдар **«КӨНДҮМДӨР ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ДҮЙНӨСҮНДӨ»** деген жумушчу баракча менен иштейли

Ар бир кесипке ээ болуу үчүн белгилүү бир көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр талап кылынат. Бул жумушчу баракча силерге өзүңөрдүн көндүмдөрүңдү жана жөндөмдүүлүгүңдү өз алдынча баалоого жардам берет. Шык-таланттардын жана жөндөмдүүлүктөрдүн бардык сүрөттөлүштөрүн кунт коюп окуп чыккыла.

Ар бир окуучу «Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө» шкаласы менен иштейт. Окуучулар өздөрүнүн күчтүү көндүмдөрүнө жана жөндөмдүүлүктөрүнө так баа берүү менен тиешелүү пункуттардан чечкиндүү ( «начар», «орточо», «жакшы», «эң жакшы» дегендердин бирөөнү) белгилейт. Алдын ала ар бир окуучу «Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө» жумушчу баракчаны даярдап коюу керектелет.

| Көндүмдөр | Көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн сүрөттөлүшү | Начар | Орточо | Жакшы | Эң жакшы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Кол менен иштөө көндүмдөрү: | – Өзүнүн бош убактысында колу менен майда жумуштарды аткаруу:<br>– буюмдарды оңдоо,<br>– ишти тез жана жакшы аткаруу үчүн гаджеттерди тандоо | | | | |
| 2. Физикалык көндүмдөр жана ден-соолук: | – ачык абада спорт менен машыгуу;<br>– көчөдө иштөө үчүн физикалык жактан ийкемдүү,<br>– чыдамдуу,<br>– көтөрүмдүү болуу үчүн, аба-ырайынын шарттарына даяр болуу | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3. Көңүл буруу, ойду топтоо (концентрация): | тапшырмага көңүл буруп, ой топтоп жана кунт коюп кабылдоо | | | | |
| 4. Сөздөргө жана сандарга карата эс-тутум: | жатталган сөздөрдү, тексттерди жана сандарды эске сактап калуу | | | | |
| 5. Формаларга карата эс-тутум: | түстөрдү, формаларды, объекттерди же жүздөрдү эстеп калуу | | | | |
| 6. Кыял (фантазия) жана чыгармачылык: | дил баяндарды жазуу, мектепте же үйдө практикалык тапшырмаларды аныктоо же чыгаруу үчүн жакшы жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу | | | | |
| 7. Жазуу, окуу: | сөздөрдү жана фразаларды оңой, тез жана жакшы окуй билүү. Ишти аткаруунун эрежелерин түшүнүү, китептердеги же журналдардагы аңгемелерди түшүнүү, тексттеги каталарды көрүү | | | | |
| 8. Сүйлөө: | туура жана жөнөкөй сүйлөө, өз ойлорун формулировкалоо жана аларды түз байланышууда же телефон боюнча сүйлөшүүдө оозеки билдирүү | | | | |
| 9. Математика: | эсептөөлөрдү, эсеп-кысапты, алгебраны, геометрияны, физиканы жана сандарга тиешелүү болгондордун баарын оңой жана тез түшүнүү | | | | |
| 10. Чийүү (черчение) жана дизайн: | кол менен сүрөт тартуу жана чийүү боюнча эң жакшы жөндөмдүүлүктөр | | | | |
| 11. Геометриялык чийүү (черчение): | мыкты чийүү жөндөмдүүлүктөрү. Геометриялык жана техникалык чиймелердеги тактык | | | | |
| 12. Техникалык жөндөмдүүлүктөр: | түзүлүштөрдүн жана жабдуулардын функциялары тез жана так түшүнүү, шаймандар жана техникалык түзүлүштөр менен иштөө көндүмү, механикалык принциптерди түшүнүү | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13. Форма берүү боюнча көндүмдөр: | чийүү, конструкциялоо, моделдештирүү же кооз формалардын же объекттердин дизайнын түзүү | | | | |
| 14. Пландоо жана уюштуруу: | бош убакытты өткөрүүнү, үй тапшырмасын аткарууну, мектептеги жумуштарды жана тапшырмаларды аткарып бүтүрүүнү пландоо билгичтиги. Бардыгын системалоо билгичтиги. Эмнени биринчи кезекте, жана кайсыны экинчи кезекте жасоо зарылдыгын түшүнүү | | | | |
| 15. Абстракттык-логикалык ой жүгүртүү: | теориялык суроолорду, эрежелерди, илимий мыйзамдарды жана логикалык тапшырмаларды тез, оңой жана так түшүнүү. Мисалы, грамматиканы, математиканы, физиканы, компьютердик илимди, ой жүгүртүү оюндарында чечимдерди табуу | | | | |
| 16. Коммуникациялык көндүмдөр: | адамдар менен бирге болуу жана алар менен сүйлөшүү, аларды түшүнүү жана алар менен мамиле түзө билүү. Жакшы таасир калтыруу, ак көңүл болуу | | | | |
| 17. Жардам берүүгө даярдык: | адамдарга жардам берүү же алар жөнүндө кам көрүү. Адамдардын көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берүү, аларга бир нерсени түшүндүрүү жана алардын ойлорун жана сезимдерин түшүнүү. Кимдир-бирөөгө өзү жакшы сезиши үчүн жардам берүү. Сылыктык жана чыдамдуулук | | | | |

Жыйынтыгында, окуучу өзүндө кандай талант жана көндүмдөр бар экендигин билүүсү маанилүү.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Аягында мугалим сабактын жыйынтыгын чыгарат.

– Балдар, өзүңөр көргөндөй, ар бир адам өзүнчө таланттуу, ар биринин өзүнүн жөндөмү бар. Бирок, тилекке каршы, күнүмдүк жашообузда талантыбыз жана жөндөмүбүз тууралуу көп деле ойлоно бербейбиз.

Бүгүнкү сабакта сен үчүн кайсы таланттарыңды жана көндүмдөрүңдү биле алдың?

**Үй тапшырмасы:** Силердеги таланттар менен көндүмдөрүңдүн келечектеги кесибиңерге байланышы тууралуу жазып келгиле.

# 7.4. Кесиптерди өзүбүздүн кызыгууларыбызга карата талдап көрөбүз

**Сабактын максаты:**

- Окуучулар түрдүү кесиптерди өзүнүн тандоосу боюнча жана башкалардын сунушу менен талдашат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- классташтарынын оюу боюнча өзүнө туура келиши мүмкүн деген кесиптерди сынап көрүшүшөт;
- айрым кесиптердин өзгөчөлүктөрүн жана мүнөздүү белгилерин аныкташат;
- пантомима менен кесиптин өзгөчөлүктөрүн жеткире алышат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2 | «Кесипти тап» көнүгүүсү | 18 мүнөт | |
| 3. | «Кесиптердин пантомимасы» көнүгүүсү | 16 мүнөт | |
| 4. | Сабакты жыйынтыктоо | 8 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

**«Кесипти тап» көнүгүүсү**

Мугалим классты үчтөн бешке чейинки чакан топторго бөлөт. Топтор өз алдынча тегерек формада отурушат. Андан кийин мугалим так көрсөтмөлөрдү берет:

– *Балдар, азыр «Кесипти тап» деп аталган көнүгүүнү аткарабыз. Бул үчүн мен ар бириңерге стикерлерди таркатам. Ар бир окуучу өзүнүн сол жагында отурган коңшусун кунт коюп карап, кайсы кесип ага ылайыктуу экендигин болжолдоп, андан соң стикерге кошунасы үчүн тандап алган кесипти жазат. Бирок өзүнө көрсөтпөстөн, бул стикерди кошунасынын чекесине жабыштырат. Силерден шылдыңдоочу же кемсинтүүчү сөздөрдү жазбоону, лакап аттарды койбоону өтүнөм. Эгерде ушундай көрүнүш болсо, мен стикерди алып коюшум мүмкүн. Көнүгүү түшүнүктүү болдубу?*

– *Классташыңарга кесип тандап жатканда анын мүнөзүнө, жөндөмүнө жана кызыкчылыгына көңүл буруш керек. Эсиңерде болсун, жаман кесиптер жок жана биз кесиптерди бул эркекке, бул аялдарга тиешелүү деп бөлбөйбүз.*

Бардык окуучулардын чекесинде кесиптин аты жазылган стикерлери бар экендигине ынангандан кийин, мугалим төмөнкүдөй нускамаларды берет:

*– Эми классташыңар силер үчүн тандаган кесипти аныктоо үчүн кезектешип суроолорду беришиңер керек. Суроолорго «ооба» же «жок» деп гана жооп бере тургандай кылып түзгүлө.*

*Мисалы:*

1. *Бул медициналык кесиппи? (жооп: «ооба» же «жок»)*
2. *Бул кесипти аркалагандар окшош форма кийишеби? (жооп: «ооба» же «жок»)*
3. *Бул кесип технологияга байланыштуубу? (жооп: «ооба» же «жок»)*

*ж.б.у.с.*

Эгерде «ооба» деп жооп берилсе, анда окуучу суроону улантууга укуктуу. Кесипти божомолдоп таап жаткан адам «жок» деген жоопту укмайынча оюн улана берет. Биринчи катышуучу терс жооп алгандан кийин, оюнду башкасы улантат. Оюндун биринчи айлампасы окуучулардын бири өз кесибин тапканда аяктайт. Андан ары экинчи жана үчүнчү орундар үчүн күрөштү улантууга болот.

Мугалим процесске байкоо салып турат. Көнүгүүнү аткарып жатканда эгер кимдир бирөө түшүнбөсө, ага өзүнчө түшүндүрүүгө аракет кылат.

**Бул көнүгүүнү аткаргандан кийин мугалим суроолорду узатат:**

*– Классташыңар тандап берген кесип силерге жактыбы? Бул кесип тууралуу мурда ойлондуңар беле?*

*– Бул көнүгүү силер үчүн канчалык пайдалуу болду? Эмне үчүн классташыңарга ушул кесипти тандадыңар? Кесипти тандап жатканда эмнени элестеттиңер?*

**Окуучулар суроолорго жооп бергенден кийин мугалим кийинки көнүгүүгө өтөт:**

*– Балдар, эми биз «Кесиптердин пантомимасы» деп аталган кийинки көнүгүүгө өтөбүз.*

**«Кесиптердин пантомимасы» көнүгүүсү**

**Пантомима** – бул сахна искусствосунун бир түрү, мында сөз колдонулбайт, адам денесинин пластикасы көркөм образды түзүүнүн негизги каражаты болуп саналат.

Мугалим классты эки топко бөлүп, көнүгүүнүн аталышын жарыялайт жана окуучуларга бул көнүгүүнү аткаруу боюнча так көрсөтмөлөрдү берет:

– Балдар, эми биз «Кесиптердин пантомимасы» деп аталган көнүгүүнү аткарып көрөбүз. Бул көнүгүү ар кандай кесиптин өкүлдөрүнүн ролунда өзүбүздү сынап көрүүгө жардам берет.

Командадан улам бир адам чыгып, кезектешип башкаларга эки кесипти көрсөтүп беришет:

а) ата-энеңер тандаган кесип

б) өзүңөр тандаган кесип

в) силердин оюңар боюнча эң кызыктуу кесип

*Силер пантомиманын жардамы менен кесиптерди көрсөтүп беришиңер керек. Башка команда силер көрсөтүп жаткан кесипти табууга тийиш. Классташтар кесипти тапкандан кийин аны көрсөтүп берген окуучу өзүнүн кесиби, эмне үчүн аны көрсөткөндүгү, ушул*

*кесипке эмне үчүн кызыгып жүргөнү жөнүндө айтып бериши керек. Бул көнүгүүнү команда-лар кезектешип аткарабыз.*

Бул көнүгүүнү аткарууда негизги эреже бар: баяндамачы пантомиманы аягына чейин көрсөтүп бүткөнчө күтүп, ошондон кийин гана табуусу керек.

Мугалим процесске байкоо салып, көнүгүү аткарылып жаткан маалда фасилитатор-дун ролун аткарат.

**Бул көнүгүүнү аткаргандан кийин мугалим сурайт:**

1. Эмне үчүн ушул кесипти көрсөткүң келди?
2. Эки кесиптин ичинен кайсынысы силерге өзгөчө ыңгайлуу болду? Кайсынысы өзүңөргө кызык болду? Кайсы кесипти улуу адамдар силерге таңуулашат?
3. Бул көнүгүү силер үчүн канчалык пайдалуу болду?

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Окуучулар тегерек отурушуп, мугалим берген төмөнкү суроолор боюнча жалпы топто пикир алмашышат:

1. Балдар бүгүнкү сабактан эмне жыйынтык чыгардыңар?
2. Сабак силер үчүн пайдалуу болдубу? Эмне үчүн?
3. Бүгүн өзүңөр үчүн кандай жаңы кесиптерди ачтыңар?
4. Эки көнүгүүнүн кайсынысы силер үчүн пайдалуу болду? Эмне үчүн?
5. Силер үчүн эмнелер жаңы болду?
6. Кесип тандоодо ушул көнүгүүлөр багыт алууга жардам бере алдыбы?
7. Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн адам өзүн түрдүү кесиптерде сынап көрүүгө тийиш?
8. Бул болочок кесибин аныктап алууга кандайча жардам берет?

**Андан кийин мугалим сабакты төмөнкү кайрылуу менен жыйынтыктайт:**

– Балдар, өзүбүздү ар кандай кесиптерде сынап көрүү жана элестетүү абдан маа-нилүү, бул бизге кайсы бир кесипти сезүүгө, ушул кесиптин ээси катары өзүн элестетүүгө жардам берет. Бул өтө маанилүү. Ар кандай кесиптерди сынап жатканда ички туюмубуз-ду угушубуз керек, бардык жооптор жүрөгүбүздүн түбүндө жатат. Ар кандай кесиптерди сынап көрүп, жашообуздагы «Келечекте ким болом?» деген эң маанилүү суроого жооп таба алат экенбиз.

**Үй тапшырмасы:**

**Кесиптердин тизмесин төмөнкү критерийлер боюнча түзүү тапшырмасы берилет:**

- Өзүңөр үчүн тандаган кесип
- Улуулар сунуштап жаткан кесип
- Досторуңар сунуштап жаткан кесип
- Мугалимиңер сунуштап жаткан кесип.

# 8-КЛАСС

## 8.1. Биз уга билебизби?

**Сабактын максаты:**

- Кунт коюп угуу ыкмасын өздөштүрүү, жана ага тоскоол болгон жагдайларды аныктоо

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Кунт коюп угууга өбөлгө түзүүчү, же тескерисинче, ага тоскоолдук кылуучу иш-аракеттерди аныкташат;
- Кунт коюп угуу ыкмасы менен таанышып алышат;
- Кунт коюп угуу ыкмасын колдоно баштashat;
- социалдык-коммуникативдик билгилиги, ошондой эле маселе чечүү жагынан өз ишин уюштуруу билгилигин калыптандырышат.

**Сабактын планы:**

| № | Усул/сабактын этабы | Убакыт | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 1 мүнөт | |
| | «Үч окуя» (практикалык иш) | 20 мүнөт | 3 ыктыярдуу окуучуну алдын ала даярдап коюу керек |
| | «Кунт коюп угуу» (чакан лекция) | 12 мүнөт | ватман, маркерлер, скотч, такта |
| | Сабакты жыйынтыктоо | 12 мүнөт | Суроолор |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Баарлашуу адебинин негизги эрежелери бар. Аларды сактоо менен чыр-чатаксыз жашоого, жакшы мамиле, чөйрө түзүүгө болот. Баарлашуу убагында өнөктөшүн кандайдыр бир сөз менен басынтып сүйлөсө, анын беделине доо кетиши мүмкүн. Бул ар түрдүүчө ачыкка чыгат: жүрүм-турумдан, колдонулган сөздөрдөн, ишарат-жаңсоодон ж.б.у.с. Чыр-чатактардын көпчүлүгү сылык баарлаша билбегендиктен келип чыгат. Сөз кадырын билгендер өз ара түшүнүшүп, бири-бирине сый-урмат менен мамиле жасайт.

**Бул сабакта чыр-чатактуу кырдаалдар ролдук оюндар аркылуу көрсөтүлөт. Мугалим кырдаалды жакшы көзөмөлдөө үчүн төмөнкүлөрдү эскертүүсү керек:**

- көнүгүүнү өз убагында аяктоо;
- бул көнүгүүнү көрсөтүүдөн тартынбагандыгы үчүн окуучуларга алкыш айтуу («Кунт коюп угуу эмес түрдөгү угуу маектешке кандай таасир этерин көрсөтүүгө сен абдан жакшы жардам бердиң, рахмат!» «Балдар, ыктыярдуу жардамчылардын баарына алкыш айталы!»);

- катышуучунун өзүн кандай сезгенин суроо («Өзүңдү кандай абалда сездиң?»).

Сабактын жүрүшүндө окуучулар Кунт коюп угуу усулу жана ага тоскоолдук кылуучу жагдайлар менен таанышат. «Угуу» жана «укпоо» деген эмне экенин талдашат. Кунт коюп угууга өбөлгө түзүүчү жана ага тоскоолдук кылуучу иш-аракеттердин тизмесин түзүшөт. Кунт коюп угуунун үч ыкмасы менен таанышып, баарлашууда анын артыкчылыктарын билип алышат. Бул ыкмаларды колдонууга кызыгышат.

**Төмөнкүлөрдү алдын ала ойлонуштуруу керек:**

- Окуучулар бири-биринин сөзүн жакшы угушу үчүн үстөлдөр тегерете тизилип коюлат.
- Класстын ичиндеги окуучулар эмне кылышы керектигин мугалим айтат. Ал эми сыртта турган ыктыярчыларга тийиштүү көрсөтмөлөрдү анын жардамчысы жеткирет. Мунун баарын алдын ала макулдашып алуу керек.
- Класстан чыккан үч ыктыярчы ичкеридеги окуучуларга айтылган нускамаларды укпашы керек.
- «Эмне кылуу керек жана эмне кылбоо керек?» деген тизмени түзгөндө кунт коюп угуу үчүн окуучуларга жардам берип, алардын салымын да баалап туруу керек.
- Мугалим «бул туура эмес» дебей турушу кажет. Эгер кайсы бир ойго макул болбосоңуз, башка окуучулардан эле минтип сураңыз: «Бул ойду жазыш керекпи же тим эле коёлубу?»

**Үч окуя (практикалык көнүгүү)**

Сабак башталганга чейин мугалим алдын ала тандалган үч окуучуну/ыктыярчыны жана аларга жардамчы бир окуучуну класстан алып чыгат. Калган окуучулар тегеректе отурушу керек. Тегеректеги бардык окуучуларга корунуктуу кылып доскага/тактага жакын бир отургучту борборго коюу керек. Ал отургучка улам ирет менен кирген окуясы менен бөлүшкөн ыктыярчы отурат

**№ 1 окуя**

**Мугалим окуучуларга кайрылат:**

*– Балдар, азыр биз силер менен ролдук көнүгүү аткарабыз. Класстан сыртка чыккан биринчи ыктыярчы азыр кайра кирип, бизге бир окуяны айтып берет. Ал кирип, орундукка отуруп сөздү баштаганга чейин силер ага көңүл буруп уккула. Силер анын сөзүнө кызыкпагандай түр көрсөтүшүңөр керек. Ыктыярчы окуяны айта баштагандан 10-15 секунда өткөнгө чейин силер дагы эле кайдыгердер көрүнгүлө: анын сөзүн укпай, башка нерселерге алаксып, өз ара кобурашып отура бергиле. Бирок анын абалына да байкатпай көз салып тургула. Тапшырманын шарты түшүнүктүүбү?*

Бул убакта мугалимдин жардамчысы ыктыярчыга: .

– Сен азыр мугалим сунуштаган бул окуяны толугу менен айтып беришиң керек, - дейт.

«Кире бер» деген белги берилгенде, биринчи ыктыярчы класска кирет.

Ал киргенге чейин бардык окуучуларга эрежелерди түшүндүрүп коюу зарыл. Ыктыярчы мугалим көрсөткөн орунга отуруп, 2-3 мүнөттө өзү билген окуяны айта баштайт.

Биринчи ыктыярчы сөзүн бүтүргөндөн кийин мугалим ага мындай суроолорду берет:

1. Сүйлөп жатканыңда эмнени байкадың?
2. Ошондо өзүңдү кандай сездиң?

3. Эч ким укпай жатканын байкаганда, кандай абалда болдуң?
4. Сенин оюңча, турмушта адамдар ушундай учурлар болобу?
5. Сенин оюңча, эч ким кулак салбай койсо, сүйлөгөн адам эмне болушу мүмкүн?

Биринчи ыктыярчынын жоопторун уккан соң, мугалим өзүнүн жана бүтүндөй класстын атынан кечирим сурап, атайын ушундай тапшырма берилгенин айтышы керек. Ыктыярчы ордунда калат, мугалим окуучуларга кайрылат:

1. Бул тапшырманы аткаруу силер үчүн кыйын болдубу же оңойбу?
2. Эмнелер оңой, эмнелер кыйын болду?
3. Бул кырдаалдан кийин кандай ойлор пайда болду?

Талкуудан кийин биринчи ыктыярчы калган окуучуларга кошулуп отурат.

**№ 2 окуя**

**Мугалим окуучуларга төмөнкүлөрдү түшүндүрөт:**

*– Балдар, ролдук көнүгүүнү улантабыз. Класска экинчи ыктыярчы кирип орундукка отуруп, өзү билген окуяны айта баштаганда, баарыңар абдан кунт коюп угасыңар. Бирок 10-15 секунддан кийин ар кимиңер өзүңөрчө алаксып, окуяны тыңшабай коёсуңар. Ыктыярчы атайын ушинткениңерди сезип калбашы үчүн силер муну мүмкүн болушунча табигый түрдө аткаргыла. Ошол эле учурда анын абалына да көз салгыла. Бул ирет 2-3 гана бала кунт коюп угат. Кимиңер анын сөзүн толугу менен угасыңар?*

Окуучулар 2-3 баланы тандашат. Мугалим аларга мындай дейт:

– Силер абдан кунт коюп угуп жатканыңарды билдирип, улам баш ийкеп отурасыңар. Тапшырманын шарты түшүнүктүүбү?

Бардык окуучулар нускаманы түшүнүп алган соң, класска экинчи ыктыярчы чакырылат.

Мугалим аны ортодогу орундукка отургузуп, билген окуясын 2-3 мүнөт айтып берүүсүн өтүнөт.

Ал сөзүн аяктаганда, мугалим ага алкыш айтып, мындай суроолорду берет:

- *Сүйлөп жатканыңда эмнени байкадың?*
- *Ошондо өзүңдү кандай сездиң?*
- *Эч ким укпай жатканын байкаганда кандай абалда болдуң?*

Экинчи ыктыярчынын жоопторун уккан соң, мугалим өзүнүн жана бүтүндөй класстын атынан кечирим сурап, атайын ушундай тапшырма берилгенин айтышы керек.

**Анан мугалим бул суролорду берет:**

- *Класста сенин сөзүңдү уккандар да бар экенин байкадыңбы? Аларды атап берчи.*
- *Алардын угуп отурганын кантип билдиң?*

Эгерде ыктыярчы туура жооп бере албаса, анда мугалим 2-3 окучунун ысымдарын айтат, ким аны кунт коюп угууга милдеттендирилген.

**Анан мугалим ошол кунт коюп уккан окуучуларга кайрылат:**

- *Ыктыярчынын сөзүн жакшы угуу үчүн эмне кылдыңар?*
- *Жакшы угуп жатканыңарды билдирүү үчүн эмне кылдыңар?*

**Акырында калган окуучулардан сурайт:**

– *Класста сенин сөзүңдү уккандар да бар экенин байкадыңбы? Аларды атап берчи.?*
– *Алардын угуп отурганын кантип билдиң?*

Эгер ыктыярчы так айта албаса, мугалим кунт коюп угууга тапшырма алган балдардын атын айтат.

**Анан мугалим ошол кунт коюп уккан окуучуларга кайрылат:**

– *Ыктыярчынын сөзүн жакшы угуу үчүн эмне кылдыңар?*
– *Жакшы угуп жатканыңарды билдирүү үчүн эмне кылдыңар?*

**Акырында калган окуучулардан сурайт:**

– *Бул тапшырманы кандай аткардыңар? Эмне кыйын, эмне оңой болду?*

Окуучулар жооп берген соң, мугалим биринчи ыктыярчыга алкыш айтып, классташтарынын катарына кошуп отургузат.

**№ 3 окуя**

**Мугалим тапшырманын шартын түшүндүрөт:**

*– Балдар, ролдук көнүгүүнү аяктоо үчүн азыр үчүнчү ыктыярчыны чакырабыз. Ал кирип, өзү билген окуяны айта баштаганда баарыңар абдан кунт коюп уккула. Анын ар бир сөзүн түшүнүүгө аракет кылгыла, көзүнө түз карагыла. Анын абалына көңүл бургула. Ыктыярчы сөзүн бүткөнгө чейин суроо да бербей тынч отургула. Тапшырманын шарты түшүнүктүүбү?*

Окуучулар нускаманы түшүнүп алган соң, класска үчүнчү ыктыярчы чакырылат.

**Ал окуясын айтып бүткөндө, мугалим суроолорду берет:**

– *Өзүңдү кандай сезип жатасың?*
– *Сен окуяны айтып жатканда классташтарың кунт коюп уктубу?*
– *Муну эмнеден сездиң?*

Жоопторду угуп, мугалим үчүнчү ыктыярчыга алкыш айтып, классташтарына кошулуп отуруусун өтүнөт. Анан биринчи ыктыярчынын сөзүн эч ким укпаганын, экинчи ыктыярчынын сөзүн бир нече эле окуучу, үчүнчүсүн баары тыңшаганын айтып берет.

**Анан окуучуларга мындай суроо берип, алардын ойлорун угат:**

– *Бул тапшырманы аткаруу силер үчүн оңой болдубу же кыйынбы?*

**Кунт коюп угуу**

–Балдар, сабактын башында биз окуяларды үч башка жагдайда угуп көрдүк. Эч ким тыңшагысы келбеген биринчи кырдаалды эстеп, төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

– *Эмнени байкадыңар, сездиңер?*
– *Чыгып сүйлөөчүлөр өзүн кандай сезишти?*
– *Турмуштагы баарлашууда ушундай жагдайлар көп кездешеби? Көбүнчө кайсы жерлерде кездешет?*

*Жоопторду талкууга алынат.*

**Мугалим:**

**Эми баары жакшы тыңшаган үчүнчү кырдаалды эстеп, бул суроолорго жооп бергиле:**

- *Окуяны баяндаган окуучу жана угуп отургандар кандай сезимдерди баштан кечирдиңер?*
- *Муну Кунт коюп угуу деп атаса болобу? Эмне үчүн?*
- *Эгер адамдардын баары ушундай баарлашса, биздин жашообузда кандай өзгөрүүлөр болмок?*

**Мугалим:**

- Мугалим окуучуларды **кунт коюп угуу ыкмасы** менен тааныштырат.

1. **«Мен абдан кунт коюп угуп жатам».** Кунт коюп угуу учурунда маектеш сүйлөп жаткан адамга көңүлүн бүт бойдон буруп, сөзүн бөлбөй, кызыгып угуп жатканын сөз же ишарат менен билдирип, кез-кезде гана тактама суроолорду берип отурат.

- ***Ишарат тили менен колдоп туруу (вербалдуу/сөз түрүндө эмес катнаш):*** *баш ийкөө, алдыга жүткүнүү, көзгө түз кароо, каштарды жакындаштыруу, айтылып жаткан сөздүн маанисине жараша кол менен жаңсоо ж. б. у. с.*
- ***Үн менен колдоп туруу:*** *эгер «аа», «ии», «эх!» ж. б. сырдык сөздөрдү ыңгайына жараша айтып турсаңар, бул кунт коюп угууну билдирет.*
- ***Тактоочу суроолор (вербалдык катыш):*** *кунт коюп угуунун белгиси болуп сейрек учурларда гана өтө зарыл болгондо тактоочу суроолордун берилип турушу саналат. Бул силердин айтылып жаткан сөзгө чындап кызыкканыңарды билдирет. Бирок сүйлөп жаткан киши өз оюн толук айта алышы үчүн ага көп суроо бербеш керек.*

2. **Парафраз.** Кунт коюп угуу учурунда айтылып жаткан сөз толугу менен туура түшүнүлүп жатканын билдирүү үчүн аны өзүңөрдүн сөзүңөр менен эле кыскача кайталап айтсаңар болот. Мында көп сөздүн кереги жок. Парафраз – бул укканыңды бүт бойдон кайталоо эмес, ток этер жерин гана алып чыгуу. Бул үчүн ыңгайлуу учурду күтүү керек: эгер өтө шашылып кыстырма жасай берсеңер, тыянак чыгарганга убактыңар аз калат. Бирок өтө кечиктире берген да жарабайт, анткени керектүү маалыматты унутуп коюшуңар мүмкүн.
3. **Аңгемечинин «жүрөгүн тыңшоо» (б.а. анын сезимин чагылдыруу).** Кунт коюп угуу учурунда силер өзүңөрдү сүйлөп жаткан адамдын ордуна коюп, анын сезимин чагылдырып көрсөңөр. Мисалы:

- Сенин … тынчсызданып жатканыңды көрүп турам;
- Сен өтө капа болуп турасың;
- Сенин муну абдан каалаганыңды түшүнөм;
- Мен …га кубандым;
- Сен … үчүн капа болуп турасың;
- Сен … кыйналат экенсиң;
- Сенин абдан капаланып турганыңды түшүнөм, сезип турам;
- Сен аябай кубанып турасың;
- Сенин буга абдан ыраазы экениңди түшүндүм, анткени …

Эгер силер тыянак жасагандан кийин маектешиңер: «Ооба, дал ушундай сезип турам» десе, демек, силер ушул үч кадам аркылуу Кунт коюп угуунун максатына жеттиңер. Эгер андай болбой калса, жакшыраак түшүнүү үчүн дагы тактоочу суроолорду беришиңер керек.

Бул үч кадамды жасап көргөнгө чейин жасалмадай көрүнүшү мүмкүн. Көнүгө электе кулакка да өөн угулушу ыктымал. Ошентсе да, эгер аракет кылсаңар, жакшыраак баарлашууга жол ачылат. Бул ыкмаларды күнүмдүк турмушта ар түрдүү жагдайларда (мисалы, кошуналар менен учурашканда, сатуучулар же башка адамдар менен кездешкенде) колдонсо болот.

**Эсиңизде болсун**

«Абдан кунт коюп уккан» учурда эч качан **1) маектештин пикирин сындабаңыз; 2) баа бербеңиз; 3) кеңеш бербеңиз.** Турмушта мындай учурлар көп кездешет. Бирок сезимдерди күзгүдөй чагылдыруу менен сындоонун айырмасы бар.

| Маектештин сезимдерин чагылдыруу | Сын |
|---|---|
| «Бул сенин ачууңду келтиргенин түшүндүм» | «Ооба, бул такыр туура эмес чечим дегениңе толугу менен макулмун» |
| «Наараазы экениңди көрүп турам» | «Мен ал кишиге баарын айтып салмакмын. Ал неге минтти? |

- Демейде биз бирөөнүн сөзүн бөлүп, сурабаса деле кеңеш берип, сындап же баа берип көнгөнбүз. Бирок Кунт коюп угууда биз өзүбүздү аңгемечинин ордуна эле коёбуз да, өзүбүздүн жеке пикирибизди аныкы менен аралаштырбайбыз..

**Сабакты жыйынтыктоо**

Сабактын аягында төмөнкүдөй суроолор берилип, кайтарым байланыш жүргүзүлөт:

1. Адамдардын бири-биринин сөзүн кунт коюп укпаганы эмнеге алып келет?
2. Адамдар бири-биринин сөзүн кунт коюп укканда эмне болот? Эмне үчүн?
3. Кунт коюп угуу ыкмасы канчалык зарыл? Бул ыкманы башкаларга кантип үйрөтүүгө болот?

**Үйгө тапшырма:**

Үйгө барганда жакындарынын бирине мектептеги окуялардан айтып берип, алардын кандай угуп жатканын, кунт коюп угуу ыкмасы колдонуп . Аны байкап, айтып берүү тапшырмасы берилет.

# 8.2. Бири-бирибиздин сөзүбүздү түшүнүү менен укканды үйрөнөбүз

**Сабактын максаты:**

Окуучулардын социалдык-баарлашуу билгилигин калыптандыруу, маалымат менен иштөө көндүмүн, өзүнүн иш-аракеттерин уюштуруп, маселе чече билүү жөндөмүн өнүктүрүү

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- «Аңгемечинин», «угуучунун» жана «байкоочунун» ролдорун аткарып көрүшөт;
- Кунт коюп угуу ыкмаларын колдонуп көрүшөт;
- Кунт коюп угуу ыкмаларын колдонуудагы кыйынчылыктарды талдап көрүшөт;
- Кунт коюп угуу ыкмаларын күнүмдүк турмушта колдонуунун натыйжалары кандай болорун аныкташат.

**Сабактын планы:**

| № | Сабактын этаптары | Убакыт | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 1 мүнөт | |
| 2 | *Акыл чабуулу* | 9 мүнөт | Сабакта көрсөтүлө турган видео тасманы мугалим тандайт. |
| 3 | Топтордо иштөө | 22 мүнөт | |
| 4 | Сабакты жыйынтыктоо | 13 мүнөт | Суроолор |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабак убагында мугалим эмнелерге көңүл буруусу керек?**

Бул сабакта ар бир окуучу иш жүзүндөгү баарлашуу аркылуу Кунт коюп угуунун бардык кадамдарын жасап, аңгемечинин, угуучунун жана байкоочунун ролдорун аткарып көрүшөт. Окуучулар сөздөрүн башкалар кандай угарын жана бирөөнүн сөзүн өздөрү кандай угарын талдап көрүшөт.

Окуучулар Кунт коюп угуу чыр-чатактын алдын алууга мүмкүндүк берерин билип алышат. Чыр-чатаксыз баарлашуунун артыкчылыктарын талдашат.

**Сабактын жыйынтыгында Кунт коюп угуу боюнча көргөзмө курал даярдоо керек:**

- ыктыярдуу маанай;
- маектешке толугу менен бурулуп, бир аз ийилүү;
- көз аркылуу байланыш түзүү (бирок өтө эле тигиле бербеш керек) – бир деңгээлде карашып турган оң;
- тактоочу суроолорду берип туруу;
- сүйлөшүү убагында кез-кезде билинер-билинбес түрдө баш ийкеп туруу ж.б. керек.

**Сабактын жүрүшү**

**«Акыл чабуулу»**

**Мугалим сабактын башында үй тапшырмасын талкууга коёт да, мындай суроолорду берет:**

– *Кунт коюп угуу усулун иш жүзүндө колдонгондо кандай кыйынчылыктар болду?*
– *Мындай кыйынчылыктардын жаралбашы үчүн кандай кеңештерди бересиңер?*

**Үй тапшырмасын талкуулаган соң мугалим окуучуларды топторго бөлүп, мындай нускамаларды берет:**

*– Балдар, үч чакан топко бөлүнүп, ар бир топко өзүнчө ролдор берилет: биринчи топ – аңгемечи, экинчи – угуучу, үчүнчү – байкоочу болушат.*

*«Аңгемечи» менен «угуучу» бет маңдай отурат, «байкоочу» алардын орто тушунда, бирок алардын сөзүнө тоскоол болбогудай чегинип отурат.*

**Окуучулар чакан топторго бөлүнгөндөн кийин мындай нускама берилет:**

*– Ар бириңер башыңардан өткөн абдан таасирдүү окуяны айтып бересиңер. Анан ошондой окуяларды эстегенге убакыт бөлөт.*

**Мугалим:**

*– Балдар, адегенде, өз жашоосунда болгон окуясын айтып берүү үчүн «Аңгемечинин» сөзүн угалы. «Угуучу» аны кунт коюп тыңшап, Кунт коюп угуунун бардык элементтерин көрсөтөт. «Байкоочу» «Угуучунун» Кунт коюп угуу усулун канчалык туура колдоноруна жана «Аңгемечинин» канчалык өзүн эркин кармап отурушуна көз салат. Аңгеме аяктагандан кийин гана «Байкоочу» өзү байкаган нерселерди айтат.*

*Кунт коюп угуу канчалык жүзөгө ашырылганын талкуулагыла. Эгер ишке ашпай калган болсо, себептерин аныктагыла.*

*Ар бириңер бул ролдордун баарын ойноп көрүшүңөр үчүн биз ар 10 мүнөттө ролдорду алмаштыруу үчүн белги берип турабыз.*

Нускаманы түшүндүргөндөн кийин мугалим Кунт коюп угуу формуласын окуучуларга эстетет да, бул көнүгүү кандай аткарыларын эки жардамчысы менен өзү мисал катары көрсөтөт. Андан соң мисалда кунт коюп угуунун үч элементи тең сакталгандыгын, же тескерисинче, сакталбагандыгын сурайт (Эгер сакталган болсо, кайсы учурлардан көрүндү? Сакталбай калган болсо, бул элементтерди колдонуу боюнча кандай варианттыңарды сунуштайсыңар?)

*Мугалим жана жардамчылар көрсөткөн мисалды талкуулагандан кийин чакан топтор практикалык ишке киришет.*

**Мугалимге эскертүү!**

Байкоочулук кылган окуучулар кунт коюп угуу усулунун туура колдонулушуна көз салып туруу керек. Аларга ыңгайлуу болсун үчүн кунт коюп угуунун үч элементи жазылган чоң баракты илип койсоңуз болот.

**Нускама:**

Мугалим жардамчылары менен көнүгүүнү аткаруу үлгүсүн көрсөтөт. Мугалим өзү аңгемечи, жардамчыларынын бири угуучу, экинчиси байкоочу болот. Сабакта талкуулана турган окуялардын баары, муну менен кошо мугалимдин айтып бергени да окуучуларга түшүнүктүү болушу зарыл. Тема жасалма болбоого тийиш.

Кунт коюп угуунун үч этабын **(«Абдан кунт коюп угуу», «Парафраз»** жана **«Аңгемечинин «жүрөгүн тыңшоо»)** көрсөтүү убагында окуучулар баарлашуунун сөздүк жана ишарат жолдорун колдонушу керек. Балдар ар бир баскычтын өзгөчөлүктөрүн түшүнүп өздөштүрүшү жана мүмкүн болушунча натыйжалуу колдоно билиши өтө зарыл.

Ыкмалардын баары түшүндүрүлгөндөн кийин чакан топтордогу иш башталат.

**Мугалим:**

*Балдар, тобуңардагы аңгемечи өзүнүн окуясын айтып бүткөндөн кийин талдап, кыскача талкуулагыла. Талкуу учурундагы айтылгандарды дептериңерге жазып тургула.*

*Чакан топтордогу иштин биринчи айлампасы аяктаганын анык билип, 10 мүнөттөн кийин мугалим окуучулардан ролдорду алмаштыруусун өтүнөт.*

**Үч айлампада ар бир окуучу «Аңгемечи», «Угуучу», «Байкоочу» болуп көргөн соң, мугалим кайтарым байланыш жүргүзөт. Мугалим төмөнкү суроолорду берет:**

- *Бул көнүгүүдө эмнелер оңой да, эмнелер кыйын болду?*
- *Кайсы роль баарынан оңой болду? Эмне үчүн?*
- *Кайсы роль баарынан кыйын болду? Эмне үчүн?*
- *Кайсы топтогулар кунт коюп угуу боюнча өз тажрыйбасын айтып бергиси келет?*

**Дагы бир нече топтон кунт коюп угууну көрсөтүүсүн өтүнөт. Ар бири көрсөткөндөн кийин окуучулардын сабакты канчалык өздөштүргөнүн билиш үчүн мугалим төмөнкү суроолорду берет:**

- *Бул көрсөтүү ишинде кунт коюп угуунун бардык элементтери камтылдыбы?*
- *Кайсы этапта, кайсы сөздөр, иш-аракеттер боюнча муну байкоого болор эле?*
- *Эгер болбосо, себеби кайсы? Муну кантип камсыздоого болот?*

Окуучулар **кунт коюп угуу усулун** эсинде сактап калуу үчүн анын бардык элементтерин көрүнүктүү жерге жайгаштырып (чоң баракка жазып же таблого чыгарып) койгула.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Сабактын жыйынтыгын чыгаруу үчүн төмөнкү суроолордун тегерегинде талкуу уюштурулат:

1. Кунт коюп угуу ыкмаларын колдонуп баарлашкандан кийин силерде кандай ойлор пайда болду?
2. Тапшырманы аткаруу убагында кыйынчылыктар болдубу? Эгер болсо, кайсылар?
3. Кунт коюп угуу ыкмаларын колдонгондо адамдар менен болгон мамилеңер өзгөрүшү мүмкүнбү? Мүмкүн болсо, кандайча?
4. Күнүмдүк турмушта кунт коюп угуу ыкмаларын колдонуудан натыйжа кандай болууда?

**Үйгө тапшырма:**

Окуучуларга мурда сүйлөшкөндө кунт коюп угуу ыкмаларын колдонбой жүргөн адам менен сүйлөшүп көрүп, жогоруда талкууланган ыкмаларды колдонуп, байкоолорун дептерге жазып келүү тапшырмасы берилет.

## 8.3. Эмгектин азыркы дүйнөсүнүн картинасы

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулар эмгектин азыркы дүйнөдөгү өзгөрүүлөрүн түшүнүп, бүгүнкүнүн жана келечектин кесиптери тууралуу маалымат алышат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ эмгектин азыркы дүйнөсүнө жараша кесиптерди анализдешет;
- ✓ актуалдуу кесиптер жөнүндө маалымат алат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2 | Киришүү оюну | 4 мүнөт | |
| 3. | Мугалимдин түшүндүрмөсү | 7 мүнөт | |
| 4. | Топтор менен иштөө | 15мүнөт | Ватман, маркер, стикер |
| 5 | Топтордун бет ачары | 10 мүнөт | Кагаз скотч |
| 6. | Сабакты жыйынтыктоо | 2 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим «Менин ысымым жана кесип» аттуу оюнду уюштурат. Мында ар бир окуучу өзүнүн ысымын жана өзүнүн аты башталган тамгага бир кесипти атайт. Мисалы: Элчибек – электрик, Айнура – агрохимик. Оюн балдардын баары ысымына жараша кесиптерди айтып бүткөнгө чейин уланат. Эгер окуучулар кесиптин аталышын таппай калса, мугалим жардам берет.

**Чакан лекция**

Мугалим эмгектин азыркы дүйнөсүнүн картинасы жөнүндө түшүндүрмө берет. Эмгектин азыркы дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдөн улам (технологиялардын өнүгүүсү, ааламдашуудан(глобализациядан) улам өзгөрүүлөр, эмгекти ийкем уюштуруу, кыскартылган жумуш күнү, үйдө иштөө мүмкүнчүлүгү, гендердик ролдордун өзгөрүүлөрү, маалыматтарга негизделген кызмат көрсөтүүлөрдүн жана кесиптердин кеңири жайылтылышы ж. б. у.с.) жаштар жана учурда эмгектенип жаткан улуу муундар үчүн жаңы талаптар жаралуу менен жаңы кесиптер да пайда боло баштагандыгы тууралуу айтып берет.

**1-слайд:**

Бүгүнкүнүн жана келечектин кесиптери: робототехник, биоинженерия, IT-технология, программист, онлайн-маркетолог, эколог ж.б.

2-слайд

| Кыргызстанда эмгек рыногунда көп суралуучу кесиптер 10 ТОП | Дүйнө жүзүндө жогорку акы төлөнүүчү кесиптер 10 ТОП | Дүйнө жүзүндө эмгек рыногунда көп суралуучу кесиптер 10 ТОП |
|---|---|---|
| маалыматтык коопсуздук | хирург | IT-адис |
| маалымат коммуникациялык технологиялар жана байланыш системасы | анестезиолог | инженер-проектировщик |
| тоо кен иши | жогорку звенону башкаруучу | педагог |
| геологиялык чалгындоо технологиясы | учкуч | юрист |
| технологиялык машиналар жана жабдуулар | тиш дарыгер | дарыгер |
| Медицина | рынокту талдоочу | маркетолог |
| менеджмент жана маркетинг | юрист | персонал боюнча адис |
| агро/ агроинженерия | IT-адис | кесиптик жумушчу |
| Курулуш | жарнама боюнча менеджер | сулуулук индустриясынын адиси |
| билим берүү | гендик инженер | эколог |

**Топтордо иштөө**

Мугалим окуучуларды класстагы балдардын санына карата үч топко бөлөт, эгер окуучулардын саны көп болсо 6 топко бөлсө болот (ал учурда 2 топ окшош тапшырма аткарат). Ар бир топко тема боюнча суроолорду берет.

**Окуучуларга тапшырманы аткаруу үчүн 12-15 мүнөт берет.**

1. Топ: Эмгек рыногунда кандай кесиптерге суроо талап жогору?

2. Топ: Жаңы пайда болгон кандай кесиптерди билесиңер?

3. Топ: Бүгүнкүнүн жана келечектин кесиптери кайсылар?

Берилген суроонун негизинде топтордо иштеп, бет ачар жасашат.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Эмгектин азыркы дүйнөсүнүн картинасын кандайча түшүндүңөр?
2. Балдар кесип тандоодо актуалдуу кесипти тандоо канчалык маанилүү?
3. Кыргызстанда талап кылынган кесиптер кайсылар?

Бүгүнкү сабактын пайдасы тийдиби? - деген суроолорго окуучулардан жооп алуу менен, кесип тандоодо тандап жаткан кесибинин коомдо актуалдуулугун, жарамдуулугун эске алуу зарылдыгын белгилөө менен жыйынтыктайт.

**Үй тапшырмасы:**

Эмгек рыногунда дагы кандай жаңы кесиптер бар жана кайсы кесипке суроо талап жогору экенин билип келүү.

## 8.4. Кесиптер үчүн талап кылынган негизги иш билгилик/компетенция

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулар эмгектин азыркы дүйнөсүн түшүнүп, кесиптер үчүн негизги иш билгиликти/компетенцияларды аныкташат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ негизги иш-билгиликтин/компетенциялардын маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
- ✓ Сервистик кызмат көрсөтүү, адам-техника, адам искусство категорияларындагы кесиптерге кандай иш билгилиликтер керек экендиги жөнүндө аныкташат;
- ✓ келечектеги кесибине байланышту иш билгиликтерди аныкташат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2 | Үйгө тапшырма | 4 мүнөт | |
| 3. | Мугалимдин түшүндүрмөсү | 3 мүнөт | |
| 4 | Топтордо иштетүү | 10 мүнөт | Ватман, маркер |
| 5 | Бет ачар | 10 мүнөт | |
| 6. | Жуптарда иштөө | 10 мүнөт | Жумушчу баракча |
| 7. | Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Балдар өткөн сабакта силерге жаңы жана суроо талап жогору болгон кесиптерди билип келүү тапшырмасы берилген. Силер кандай кесиптерди билип келдиңер? Кайсы кесиптер силер үчүн жаңы, таңкалыштуу болду? 3-4 окуучуну уккан соң, «кесипти туура тандоо эмне үчүн маанилүү?» – деп суроо узатат. 4-5 окуучуга суроого жооп бергенге мүмкүнчүлүк берет.

Жалпы кесиптерге тиешелүү болгон негизги кесиптик иш-билгилик/компетенциялар тууралуу мугалим маалымат жасайт. Ар бир иш-билгиликке мисал келтирип кетсе да болот.

**Компетенция** – бул инсандын айлана-чөйрө менен аракеттенүүсүндө активдүү, жоопкерчиликтүү өз алдынча ишмердүүлүк болуп эсептелет. Бул жерде илимдер, билгичтиктер, көндүмдөр өз алдынчалыкты өстүрүү үчүн материал болуп эсептелет.

**Бүгүнкү күндүн маанилүү иш-билгилиги/компетенциялар:**

- коммуникабелдүүлүк
- көз карандысыздык
- өзүн-өзү баалоо
- стресске туруктуулук
- тайм-менеджмент
- жеке жоопкерчилик
- жеке демилге
- өзүнө жоопкерчиликти алуу ыктыярдуулугу
- жамаатта (командада) иштөө билгичтиги
- өзүн-өзү көрсөтүүгө даярдык
- чыгармачылык
- өмүр бою окууга даярдык
- баарлашуу
- тилдик иш-билгилик /компетенциялар
- маданияттар аралык иш-билгилик /компетенциялар
- маалыматтык технологиялар боюнча иш-билгилик /компетенциялар
- мобилдүүлүк
- ийкемдүүлүк

- өзгөрүүгө даярдык жана/же ачыктык
- адаптацияланууу билгичтиги
- тобокелдикке барууга даярдык
- чечкиндүүлүк
- экологиялык активдүүлүк
- бизнести жүргүзүү билимдери жана көндүмдөрү жана ишкердик көндүмдөрү (өзүн-өзү жумуш менен камсыздоо) ж. б.

2. Мугалим классты үч топко бөлүп, ар бир топко кесиптерге таандык маанилүү иш-билгиликтерди/компетенцияларды аныктап жазгыла деп тапшырма берет. Мисалы конкретүү кесипти алабыз:

***–Слайд: Өрт өчүрүүчү***

- *физикалык жана моралдык жактан күчтүү болуу*
- *тайманбастык*
- *шамдагайлык*
- *тобокелдикке баруу*
- *кырдаалдан чыга билүү*
- *тапкычтык*
- *эрдик*

Өрт өчүрүүчүгө мисал келтирип бүткөн сон, топторго тийген кесиптерге таандык иш-билгиликтерин жазууну сунуштайт

**1-топко:** Сервистик кызмат көрсөтүү (повар, визажист, электрик, сантехник, менеджер, тигүүчү);

**2-топко:** Адам-техника (программист, инженер, электрик, слесарь, механик);

**3-топко:** Искусство адамдары (ырчы, бийчи, флорист, сүрөтчү, актер).

Топтор иштеп бүткөндөн кийин, бет ачар жасашат. Мугалим төмөнкү нускамалар менен топтордун ишин салыштырып, жыйынтык чыгарууну сунуштайт:

– **Сервистик кызмат көрсөтүүчү (повар, визажист, электрик, сантехник, менеджер, тигүүчү) адам кандай сапаттарга ээ болуусу зарыл:**

- чыдамдуулук
- коллективде иштей билүү
- мобилдүүлүк
- жоопкерчиликтүүлүк
- өзгөрүүгө даярдык жана
- тыкандык

**- Адам-техника:**

- коллективде иштей билүү
- жоопкерчиликтүүлүк
- коммуникабелдүүлүк
- креативдүүлүк
- чыдамдуулук
- тактык
- туруктуулук

**Искусство адамдары (ырчы, бийчи, флорист, сүрөтчү, актер)**

- өзүн-өзү көрсөтө билүү
- жөнөкөйлүүлүк
- креативдүүлүк
- артистизм
- ийкемдүүлүк
- тырышчаактык
- чыгармачылык


Окуучулар компетентүүлүк жөнүндө билгендерин бекемдөө үчүн жуптарда жумушчу баракча иштөө сунушталат.

**Нускама**

Жумушчу баракчанын ортосундагы тегеректе жанындагы классташыңдын атын, ал эми четтериндеги формаларга жүрүм-турумун, мүнөзүн эске алуу менен классташында бар негизги иш-билгиликти жазып чыккыла. Жумушчу баракчаны көрүнүктүү жерге илип коюу сунушталат.

Мүмкүнчүлүк болсо жумушчу баракчаны сабакка чейин ар бир окуучуга даярдап коюу сунушталат. Болбосо окуучуларга А4 баракчаларын таратып, үлгүдөгүдөй формаларды тартып алуусун суранат..

Жуптар жумушчу баракчаларын алмашып талкуу жүргүзүшөт.



**Мугалим окуучуларга суроо берет.**

1. Классташың белгилеген иш-билгиликтерге макулсуңбу? Эмне үчүн?
2. Кайсы иш-билгилик сен үчүн жаңы?

**Сабакты жыйынтыктоо максатында төмөнкү суроолор берилет**

– *Кесиптер боюнча иш-билгиликтин/компетенциялардын кайсыларын билдиң?*

***Үй тапшырмасы:***

– *Ар бир окуучу өзүнүн тандаган кесибине ылайык келген негизги иш билгиликти жазып келүү .*

# 9-КЛАСС

## 9.1. Чыр-чатаксыз баарлашууга үйрөнөбүз

**Сабактын максаты:**

- жамааттагы чыр-чатактуу кырдаалдар менен байланышкан маселелерди чечүү жөндөмүн өнүктүрүү

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- «Мен-кабар» ыкмасынын формуласын өздөштүрүшөт;
- коллективде иштей билүү жана стресске туруктуулук көндүмдөрүнө ээ болуу зарылдыгы менен таанышышат;
- чыр-чатактарды алдын алуу көндүмдөрү жакшырат;
- келечекте балдардын баарлашуу көндүмү өркүндөйт, жөнөкөй турмуштук кырдаалдарда, жумушта ж.б. учурларда сүйлөшүүлөрдү жүргүзө алышат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар /ыкмалар | Убактысы | Каражаттары |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 2 мүнөт | |
| 2 | Мээ чабуулу | 5 мүнөт | |
| 3 | Чакан лекция | 10 мүнөт | - стресске туруктуулуктун формулалары, мисалдары жана аныктамасы келтирилген көрсөтмө курал даярдоо |
| 4 | Топтордо иштөө | 20 мүнөт | Топтор үчүн кырдаалдар жазылган карточкалар |
| 5 | Сабакты жыйынтыктоо. Ой жүгүртүү | 7 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

**«Мээ чабуулу»**

Мугалим сабакты суроо берүү жана окуучулардын жоопторун угуу менен баштайт.

*– Балдар, турмушта чыр-чатактар жөнөкөй эле түшүнбөстүктөн келип чыгат ? Мындай кырдаалдарды болтурбай койсо болобу? Кантип?*

**Чакан лекция**

Биз каалабасак да, турмушта, ар кыл чөйрөлөрдө чыр-чатактарга туш болобуз. Мейли жашоодо болсун, мейли жумушта болсун кишилердин көйгөйлөрүнүн жарымынан көбү айланадагылар менен мамиле түзө билбегендиктен келип чыгат. Адам айткысы келгенин эмес, бөлөк нерсени айтат, угуп жаткан адам башкача угуп, башкача түшүнөт. Бул сабакта кесиптик багыт берүү боюнча бир айлык өнөктүктү улантып, биз силер менен конкреттүү кырдаалдын мисалында стресске кыйла туруктуу болууга жана командада/жамаатта иштөөгө мүмкүндүк бергидей чыр-чатактуу жана чыр-чатаксыз баарлашууну талкуулайбыз.

Чыр-чатак пайда болушу мүмкүн болгон кырдаалды кыйла кунт коюу жолу менен жайгаруу үчүн адистер алака-катышты жана кызматташтыкты жолго коюуга өбөлгө түзгөн мамиле түзүүнүн формаларын бөлүп көрсөтүшөт. Аларды майнаптуу мамиле түзүүнүн, баарлашуунун ыкмалары деп аташат. Бул ыкмаларды үй-бүлөдө да, жумушта да, ар кандай чыр-чатактуу кырдаалдарды жөнгө салуу үчүн да колдонсо болот. Бүгүнкү сабакта биз силер менен ошондой ыкмалардын бири – «Мен-кабар» тууралуу сүйлөшөбүз.

**«Мен-кабар» деген эмне?**

*Мен-кабар – бул өзүнүн нааразылыгын сабаттуу, каршы пикирсиз айтып жеткирүү.*

*Мен-кабар бирөөнү тескөө үчүн эмес, маектештин силерди угуп, силердин ой-пикириңерди туура түшүнүшү үчүн керек.*

Адатта, биз нааразылыгыбызды айыптаган үн менен «сен-билдирме» аркылуу билдиребиз. А мындай диалог бири-бирибизден алыстатат, маектеш оолактап, коргонуу позициясына өтүп алат.

**Формула**

| Элементтер | Мисал |
|---|---|
| Фактынын сүрөттөлүшү | Кечигип келгенде |
| Фактты сезүүнүн сүрөттөлүшү | Мен капа болом, тынчсызданам |
| Себебин түшүндүрүү | Себеби мен сенин кайда экениңди жана эмне болгонун билбейм |
| Каалооңуз же каалооңуз жөнүндө билдирүү | Кечигип калганда чалышыңды каалайм |

**Мисалдар:**

| Мен кабармын | Сен кабарсың |
|---|---|
| Кабатырмын, чарчадым, мага жагат | Сен, сага, сен үчүн |
| Жумуштан кийин аябай чарчайм, мага сенден кийин тазалаш кыйынчылык туудурат | Кайрадан баш аламандык кылдыңбы, сен үчүн баарын тазалоо менде күч жок! |
| Мен бөлүм башчы катары кызматкерлерим башка кесиптештердин жана жогорку бийлик өкүлдөрүнүн алдында кечигип калганда абдан ыңгайсыз болуп калам, кечикпөөгө аракет кылсаң жакшы болмок. | Сен тынымсыз кечигип жатасың жана биздин бөлүмдү бүт жамааттын жана жетекчилердин алдында уят кыласың! |

Аталган ыкманы үйрөнүү менен силер кайсыл бир жагдайларда чыр-чатакты алдын алууну, **стресске туруктуулук жана жамаатта иштөөгө өбөлгө түзүүчү** жөндөмдөрдүн бирин өздөштүрөсүңөр.

**Командада иштөө жөндөмү** адисте ага кесиптештери менен майнаптуу мамиле түзүүгө, жалпы максатка жетүү үчүн өз жөндөмдөрүн колдонууга мүмкүнчүлүк берген бир катар сапаттардын бар экендигин билдирет.

**Стресске туруктуулук** – бул чоң жүктөмдөрдө да кишиге ден соолугуна зыян келтирбей, майнаптуу иштөөгө мүмкүнчүлүк берген мүнөздүн өзгөчөлүгү. Жумуштагы стресске туруктуулук чыр-чатактуу же адаттан тыш кырдаалдарга токтоо жооп кылып, зарыл болгон учурда мөөнөтүнөн ашыкча иштөө жөндөмүн билдирет. Стресске туруктуулук жумшак көндүмдөргө (softskills) кирет, ал иштин майнаптуу жана ийгиликтүү болушу үчүн абдан керек. Анткени ал иштин өнүмдүүлүгүнө кедергиси тийген көптөгөн жагдайларга көңүл бурбоого үйрөтүп, кесиптик жабыгуудан да сактайт.

Стресске туруктуулуктун деңгээли инсандын келечекте боло турган кыйынчылыктарга каршы туруу жөндөмүн, эмоционалдык факторду жеңүү жана шашпай ойлонуп аракет кылуу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтөт.

Ыкманы жакшы колдонууга үйрөнүү үчүн оң жактагы QR-код аркылуу тасманы көрүү. Эгер мугалимдин техникалык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болсо (проектору же ноутбугу жок болсо), анда шилтемедеги видео сабакты балдардын өз алдынча көрүшү үчүн ватсап тайпага жиберсе болот.

Видеодо чагылдырылган ар бир мисалдан кийин төмөндөгү келтирилген суроолор боюнча талкуу жүрөт:

– *Биринчи/экинчи мисалдан силер эмнени байкадыңар?*
– *Ой кандай формада айтылган?*
– *Ал кандай кабылданган?*

**Топтордо иштөө**

«Мен-кабар» пайдалануу көндүмүн өстүрүү үчүн топтордогу практикалык иш учурунда катышуучуларга карточкаларда сыпатталган кырдаалдардын варианттарын же кырдаалдарды өздөрү ойлоп табышын сунуш кылса болот:

**1-кырдаал.** *Классташыңар силерге тиешелүү кайсы бир буюмду сурабай алды.*

**2-кырдаал.** *Досуңар силер макулдашкан жолугушууга кечигип келди. Силер аны жарым сааттан көп күттүңөр.*

**3-кырдаал.** *Маектеш силердин сөзүңөрдү улам эле бөлө берди.*

**4-кырдаал.** *Классташың сабакта силердин жалпы ишиңердин натыйжасын өзүнүкү кылып көрсөттү.*

**Катышуучуларга тапшырма:** «мен-кабар» формуласын колдонуп озүңөр кабылган бир окуя боюнча мисалдарды түзүү (8-10 мүнөт).

Топтор конкреттүү кырдаалда диалог түзүү үчүн фразаларды (ватманда) түзүшөт-мисал болушу үчүн.

**Топторго тапшырма:**

алар туш болгон кырдаалга жараша сабакта көрсөтүлгөн формула боюнча «Мен-кабарды» түзүү.

Көрсөтмө мисал катары топторго конкреттүү кырдаалдагы диалогду ватманда жазуу үчүн кайтарым байланышка 8-10 мүнөт берилет. Андан соң ар бир команда ишинин натыйжасын топтордо тааныштырат.

Ар бир топтун ишинин натыйжасы менен таанышууда мугалим ыкма канчалык кунт коюп колдонулгандыгын билүү жана зарыл болуп калса оңдоп-түзөө үчүн кайтарым байланыш түзүшү шарт.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим төмөндөгү суроолорду талкуулоо менен сабакты аяктайт:**

1. Силердин оюңар боюнча бул ыкма эмне үчүн «Мен-кабар» деп аталган?
2. Эмнеликтен аталган ыкманы үйрөнүү көндүмү адамдын командада иштөө жана стресске туруктуулук жөндөмүн өнүктүрөт деп ойлойсуңар?
3. Бөлөк адамды өзүңдөй түшүнүүнүн мааниси эмнеде деп эсептейсиңер?
4. Башка көз караштагы карманган адамга өз пикириңерди билдирүүдө эмнеге көңүл буруу керек дейсиңер?
5. Балдар, силердин оюңарча, эгер биз «Мен-кабар» усулун туура колдонгонубузда кишилер ортосундагы алака-катышта эмне өзгөрмөк?

**Сабакты жыйынтыктап жатып, мугалим буларды белгилеши керек:**

Албетте, бардык бөлөк ыкмалардай эле, бул ыкманы колдонууда да үйрөнүү, чеберчиликти арттыруу керек. Анткени аны тез-тез пайдаланып, тажрыйба топтогондо гана жемишин берет. Турмушта көбүнесе адаттан тыш кыйытып айткандан (түзгөндөн) көрө, бирөөгө тике багытталган сен-билдирмени айтуу кыйла жеңил. Мен-кабар аркылуу баарлашуу көндүмүнө ээ болсоңор, ар кандай чыр-чатактуу кырдаалда кыйла Кунт коюп маектеш боло аласыңар.

**Үй тапшырма. Үй-бүлөө мүчөсү менен** наразылыкты туюнтуу зарыл болгон кырдаалдарда «Мен-кабар» ыкмасын колдонуп көрүү.

# 9.2. Кесип тармактары

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулар өз кызыкчылыктарына таянып кесиптин кайсыл тармагы кызыктуу экенин билишет.

***Күтүлүүчү натыйжалар:***

***Окуучулар***

- ✓ кесиптин тогуз тармактагы түрлөрүн билишет;

- ✓ өзүлөрүнүн кызыкчылыктары кайсы тармактарга тиешелүү экенин билишет;
- ✓ кесиптерди тогуз тармакка бириктиришет.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 2 мүнөт | |
| 2 | Кызыкчылыктар боюнча маалымат | 4 мүнөт | |
| 3. | Тогуз тармактын аймагын белгилөө | 15 мүнөт | |
| 4 | Топко бөлүү | 3 мүнөт | |
| 5. | Топтордо иштөө | 15 мүнөт | Кесиптин аттары жазылган карточка, конверт, ватман |
| 6 | Топтор презентация кылышат. | 6 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим окуучуларды өздөрүнүн кызыгуулары тууралуу айтып берүүнү суранат. 5-6 окуучу айтып бергенден кийин, мугалим кесиптин 9 тармагы бар экенин, ар бирөөнө тандык аймактары жөнүндө маалымат берет




| | | |
|---|---|---|
| **Жаратылыш:**<br>– таза, ачык абада болуу,<br>– табийгат койнунда иштөө,<br>– мал багуу (кармоо) | **Тамак-аш, мейманкана бизнеси:**<br>**– азык-түлүк азыктары менен иштөө**<br>**– тамак даярдоо**<br>**– дасторконду жасалгалоо ж.б** | **Жасалгалоо:**<br>**– жасалгалоо**<br>**– коздоо, тартуу**<br>**– идеяларды жүзөгө ашыруу** |
| **Курулуш иши, тиричилик техникасы, ички түзүлүш, жыгач иштетүү:**<br>-Физикалык иш<br>-көл өнөрчүлүк менен алектенүү | **Техникалык өнөр жай, техникалык кесип:**<br>– аппараттар<br>– машиналар<br>– электртехникасы<br>– электроника менен иш алып баруу | **Пландоо, техникалык чийме изилдөө, информатика:**<br>-пландоо<br>– эсептөө<br>– техникалык сүрөт тартуу<br>– изилдөө<br>– өздөштүрүү<br>– информатика |
| **Соода, сатуу, башкаруу, ташып жеткирүү, экономика, коопсуздук:**<br>– товарларды сатып алуу жана сатуу<br>– кеңседе иштөө<br>– уюштуруу<br>– башкаруу | **Тилдер, байланыш, театр, искусство, гуманитардык илимдер:**<br>– тил менен иштөө маалымдоо<br>– окутуу<br>– оюн-зоок | **Адамдар менен мамилекатнаш, билим берүү, саламаттык, кеңешме, тейлөө:**<br>– адамдар менен көп иштешүү<br>– окутуу<br>– кам көрүү<br>– тарбиялоо |

Кесиптердин тармагы жана аймагын билүү адистикти тандоодо окуучулардын жеке кызыкчылыктарына байланыштуу. Кайсы тармактын аймагына кызыгуулары бар экенин билүү үчүн жумушчу баракча менен иштешет.

**Жумушчу баракчага нускама:**

Тогуз тармактын ар биринин тушуна жагат, орточо, жакпайт дегендин бирөөсүн тандап «кушча» белгиси коюп чыгат.

| Тармак | Тармактын аймагы | жагат | орточо | жакпайт |
|---|---|---|---|---|
| **Жаратылыш:**   | – таза, ачык абада болуу,<br>– табийгат койнунда иштөө,<br>– мал багуу (кармоо) | | | |
| **Тамак-аш, мейманкана бизнеси:**   | – азык-түлүк азыктары менен иштөө<br>– тамак даярдоо<br>– дасторконду жасалгалоо ж.б | | | |
| **Жасалгалоо:**   | – жасалгалоо<br>– кооздоо, тартуу<br>– идеяларды жүзөгө ашыруу | | | |
| **Курулуш иши, тиричилик техникасы, ички түзүлүш, жыгач иштетүү:**   | – Физикалык иш<br>– көл өнөрчүлүк менен алектенүү | | | |
| **Техникалык өнөр жай, техникалык кесип:**  | – аппараттар<br>– машиналар<br>– электртехникасы<br>– электроника менен иш алып баруу | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Пландоо, техникалык чийме, изилдөө, информатика:**   | – пландоо<br>– эсептөө<br>– техникалык сүрөт тартуу<br>– изилдөө<br>– өздөштүрүү<br>– информатика | | | |
| **Соода, сатуу, башкаруу, ташып жеткирүү, экономика, коопсуздук:**   | – товарларды сатып алуу жана сатуу,<br>– кеңседе иштөө<br>– уюштуруу<br>– башкаруу | | | |
| **Тилдер, байланыш, театр, искусство, гуманитардык илимдер:**   | – тил менен иштөө<br>– маалымдоо<br>– окутуу<br>– оюн-зоок | | | |
| **Адамдар менен мамиле-катнаш, билим берүү, саламаттык, кеңешме, тейлөө:**   | – адамдар менен көп иштешүү<br>– окутуу<br>– кам көрүү<br>– тарбиялоо | | | |

**Жыйынтык чыгаруу:**

– *Келгиле белгилеп бүтсөңөр эсептеп, карап чыгалы.*
– *Кесиптин кайсы тармагына сенин кызыгууң көп экен?*
– *Кайсы тармагы кызыгууларына дал келбейт экен, деген суроо узатып, 3-4 окуучунун жообун угуп, талкуулашат.*

Талкуу аяктагандан кийин мугалим өзүнүн чыгармачылыгына жараша окуучуларды 3-4 топко бөлөт. Топторго атайын даярдап койгон конверттерди (кесиптердин аталыштары салынган) жана ватман берет.

Топтордо иштөө үчүн нускама: Окуучулар кесиптерди чогуу талдашат жана аларды кесиптер аймагы боюнча тогуз тармакка топтоштурушат.

**(Конверттин ичине салынуучу кесиптердин аталыштары жазылган карточка, мугалим дагы кошсо болот).**

| | | | |
|---|---|---|---|
| ТЕАТР ЖАНА КИНО ПРОДЮССЕРЛЕРИ ЖАНА РЕЖИССЕРЛОРУ | ИНВЕСТИЦИЯЛЫК БАНКТЫН МЕНЕДЖЕРИ | ФАРМАЦЕВТТЕР | ЮРИСТ |
| ТЕХНИК-МЕДИК | ЖАРНАМА БОЮНЧА СҮРӨТЧҮ | АРХИТЕКТОР-КУРУУЧУ | ӨЗГӨЧӨ МУКТАЖДЫКТАРЫ БАР БАЛДАР МУГАЛИМИ |
| СОЦИОЛОГ | КОСМЕТОЛОГ | ЗЕРГЕРЧИЛИК ИШИ ЖАНА БААЛУУ МЕТАЛЛДАР БОЮНЧА АДИС | ИНЖЕНЕР - ЭКОЛОГ |
| ИНЖЕНЕР ЭЛЕКТРОНИК | ИНТЕРЬЕРЛЕРДИН ДИЗАЙНЕРИ ЖАНА ЖАСАЛГАЛООЧУ | ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДООНУ ИШТЕП ЧЫГУУЧУ | СУРДОЛОГ ЖАНА ЛОГОПЕД |
| ТАМАК-АШ АЗЫКТАРЫНЫН ЖАНА СУУСУНДУКТАРД ЫН ТЕХНОЛОГУ | ФЕРМЕРДИК ЧАРБАЛЫК БОЮНЧА КОНСУЛЬТАНТ | БАЛАГА КАМ КӨРҮҮ БОЮНЧА АДИС | КОНФЕРЕНЦИЯЛА РДЫ ЖАНА ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ПЛАНДАП УЮШТУРУУЧУ |
| АДИСКӨЙ КОНСУЛЬТАНТ | ПСИХОЛОГ | ТУРИСТТИК САПАРЛАР БОЮНЧА УЮШТУРУУЧУ ЖАНА КОНСУЛЬТАНТ | КАМСЫЗДАНДЫ РУУ БОЮНЧА АГЕНТ |
| ӨРТ ӨЧҮРҮҮЧҮ | ТИГҮҮЧҮЛӨР | ХОРЕОГРАФ | ТЕХНИК-ОРТОПЕД ЖАНА ПРОТЕЗИСТ |
| ОФИЦИАНТ | АДИСКӨЙ МЕДАЙЫМ | ТУРИСТТИК САПАРЛАР БОЮНЧА УЮШТУРУУЧУ ЖАНА КОНСУЛЬТАНТ | АШПОЗЧУ |

Топтор иштеп бүтүргөн сон бет ачар жасашат. Топтордун иштерин салыштырып, талкуулашат.

**Жыйынтыктоо:**

- Мурун кесип тармактарын билчи белен? Кайсыларды?
- Бүгүнкү сабак силерге пайдалуу болдубу? деген суроолорго жооп алуу менен сабак жыйынтыкталат.

**Үй тапшырма:** Ар бир окуучу өзү кызыккан кесиптин тармагына тиешелүү кесиптерди жазып келүү берилет.

# 9.3. Өз сапаттарыбызды жана көндүмдөрүбүздү талдаганды үйрөнөбүз

**Сабактын максаты:**

- окуучулар өздөрүнүн сапаттарына жана көндүмдөрүнө талдоо жасашат

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар:**

- өздөрүнө жаккан сапаттарын аныкташат;
- өз көндүмдөрүнө баа беришет;
- кайсы көндүмдөрүн жана сапаттарын мындан ары өнүктүрүш керектигин билип калышат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2 | Мээ чабуулу | 6 мүнөт | |
| 3 | Топтор менен иштөө | 20 мүнөт | Кесиптердин сүрөттөлүшү жазылган карточкалар, жумшак көндүмдөрдүн тизмеси жазылган конверттер (чакан топтордун саны боюнча), флипчарт, маркерлер, клей, кайчы, кагаз скотч |
| 4 | Талкуулоо | 12 мүнөт | |
| 5 | Сабакты жыйынтыктоо | 4 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

**Мугалим иштөө шартын түшүндүрөт:**

– Бүгүн биз өзүбүздүн сапаттарыбызды жана шык-жөндөмдөрүбүздү талдаганды үйрөнөбүз. Тактада «Жеке мүнөзүмдө кандай өзгөчөлүктөр мага жагат?» деген суроону көрүп турасыңар. Ой жүгүртүүгө жана дептерге жоопторду жазууга 3 мүнөт убакыт берилет. Бул өз алдынча иш, эч ким бири-бирине тоскоол болбошу керек. Эгерде жардам керек болсо, мени чакырсаңар болот. Тапшырма баарына түшүнүктүү болдубу?

Окуучуларга жооп берүүгө жеңил болушу үчүн мугалим «сапат» терминин аныктамасын эске салат.

Сапат – бул адамдын мүнөзүн түзгөн, башкалардан айырмалап турган жеке өзгөчөлүгү же касиети.

Мугалимге окуучуларга «Жеке мүнөзүмдө кандай өзгөчөлүктөр мага жагат?» деген суроого өз алдынча жооп берүүгө убакыт берет. Эгерде кайсы бир окуучу жооп бере

албай кыйналып жатканын байкап калса, анын жанына барып, суроолордун жардамы менен өзүнүн негизги сапаттарын аныктап алууга жардам берет.

**Эскертүү:** Бул сапаттардын тизмеси төмөндө сүрөттөлгөн практикалык иш маалында толукталышы керек.

Андан кийин мугалим окуучуларды эки топко бөлүп, ар бири үчүн эки дубал даярдайт. Бул дубалда А4 барагына басылып чыккан сапаттар жазылган. Бул карточкалар чапталган жерде окуучуларды алагды кыла турган ашыкча эч нерсе болбошу керек.

Окуучуларды эки топко бөлүп жатканда мугалим чыгармачыл мамиле жасап, каалаган методиканы колдоно алат.

Ар бир командадан чыккан окуучу бири-бирине жолтоо болбой, дубалдагы эки тизмени толтурушат:

1. Окуучунун ою боюнча, ал кайсы сапаттарга азыркы учурда ээ болсо, ошолорду жазып чыгат. Сабактын башында окуучулар өздөрүндө бар болгон жана жаккан сапаттар жөнүндө жазганы эскертилет. Практикалык иш учурунда окуучулар ошол тизмени дубалга илинген сапаттардын ичинен толукташат.

2. Экинчи тизмеге окуучунун ою боюнча, келечектеги кесиби үчүн керек деген сапаттарын жазууга тийиш.

Окуучуларга ыңгайлуу болушу үчүн мугалим ар бир дубалга «1-команда» жана «2-команда» деп жазылган карточкаларды илип койсо болот. Мугалим окуучуларга бир адам экинчиге окшош болбогонун, мындан улам ар бир адам өзү үчүн жооп бериши керектигин эскертет.

**Мугалим:**

– Балдар, бул дубалда адамдын ар кандай сапаттары жазылган. Эсиңердеби, сабактын башында өзүңөргө жаккан сапаттар жөнүндө жазгансыңар. Эми бардык сапаттар менен таанышып чыгып, өзүңөрдө бар болгон сапатты биринчи тизмеге жазгыла. Экинчи тизмеге кызыккан кесибиңердин адиси болуу үчүн өзүңөрдө өркүндөтүүнү каалаган сапаттарды жазгыла. Балким, учурда силерде бул сапаттар али жок, бирок келечектеги кесибиңерде керек экендигин түшүнүп турасыңар.

Окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Ар бир топ сапаттар жазылган карточкалар илинип турган дубалга басып келип, төмөнкүлөрдү: **биринчи** тизмеге өздөрүнө азыр бар болгон сапаттар, **экинчи** тизмеге өз кыялындагы кесипке ээ болуу үчүн өздөрүндө өнүктүргүсү келген сапаттарды жазышат.

– Азыр силерди эки топко бөлөм, ар бир топ өз дубалына келип, бири-бириңерге тоскоол болбой, тынчтыкты сактап, эки негизги суроого жооп берип, дептерге сапаттарыңарды жазгыла. Тапшырма баарыңарга түшүнүктүү болдубу?

Мугалим окуучуларга бул сапаттардын толук тизмеси эместигин, жалпысынан, алардын саны көп экендигин, эгерде окуучу карточкалардын арасында кандайдыр бир сапатты таппай калса, анда отуруп алып, төмөнкү суроолорго жооп берүү үчүн өзүнүн варианттарын жазса болорун эскертет:

1) менде азыр кандай сапаттар бар?

2) тандап алган келечектеги кесибимде мага кандай сапаттар пайдалуу болот?

Ошондой эле мугалим окуучуларга биринчи суроого жооп берүү менен алар сапат-

тардын чакан тизмесин алышы мүмкүн экендигин, же экинчи суроого жооп берүү менен, окуучуларда келечектеги кесибинде керектүү сапаттар али жок экендигин түшүнүшү мүмкүн экендигин, бул кадыресе көрүнүш экенин эскертет. Мугалим алдын ала түстүү кагазга же кадимки баракка жазып коюшу зарыл болгон сапаттардын тизмеси:

1. Эр жүрөкмүн: мен тобокелге барганды билем.
2. Дымагым(мотивация) бар: ийгиликке жетүү ниетим күчтүү.
3. Маңдайым жарык: мени менен иштешкен жеңил.
4. Чынчыл адаммын: мен бардык жерде чынчылдыкты баалайм.
5. Түз жүрөмүн: адамдардын алдында өзүмдү жакшы жагынан көрсөтө алам.
6. Чыгармачыл адаммын: чыгармачылыгымды жана креативдүүлүгүмдү көрсөтө алам.
7. Демилгелүү адаммын: кызыгуумду көрсөтүп, демилгени өз колума алганды билем.
8. Өзүмө ишенем: суроо бергенден тартынбайм.
9. Кызматташканды билем: чыр-чатактан алысмын жана классташтар менен мамилем жакшы.
10. Ынтызар адаммын: мага бардык нерсе кызык, баарын билгим келет.
11. Чечкиндүү адаммын: түрдүү шартта тез чечим кабыл алам.
12. Тырышчаакмын: ар дайым колумдан келишинче аракет кылам.
13. Мамиле түзгөндү билем: адамдар менен баарлашууда кыйналбайм.
14. Тыканмын: өз ишимди алдын ала дыкат пландап алам.
15. Чыдамкаймын: менден канчалык талап кылынса, ошончолук чыдоого даярмын.
16. Ишендире алам: башкаларды ынандыруу мен үчүн кыйын эмес.
17. Так адаммын: дайыма өз убагында келем.
18. Сабырдуумун: сүйлөгөнгө караганда башкаларды укканды жакшы көрөм.
19. Жоопкерчиликтүү адаммын: берилген тапшырманы дайыма өз убагында аткарам.
20. Сөзмөр адаммын: баарлашууну биринчи болуп баштай алам.
21. Ишенимдүү адаммын: мага ишенген адамдарды алдабайм.
22. Тамашакөй адаммын: маанайым дайыма жакшы жана башкалардын да көңүлүн көтөргөндү билем.
23. Ак ниет адаммын: жасалмалуулукту жактырбайм жана калп айтканды билбейм.
24. Эмгекчилмин: иштегенди жакшы көрөм жана убакытты текке короткондужактырбайм.
25. Адилеттүү адаммын: мен дайыма адилеттүүлүк жана чындык тараптамын.

**Эскертүү:**

Зарылчылык болсо, сапаттардын тизмесин мугалим өзү да толуктай берсе болот.

Окуучулар тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин мугалим алардан өз ордуларында отурууну өтүнүп, кийинки тапшырмага көңүлүн бурат. Мугалим алдын ала ватман кагазына «көндүмдөрдүн дөңгөлөгүн» чагылдырган материалды даярдайт (сабактын тиркемесинде бар).

Берилген тапшырманын түшүнүктүү болушун камсыз кылуу үчүн мугалим окуучулардан «көндүм» деген эмне экендигин эсине салууну өтүнөт.

**Көндүм** – бул кайталоо жана автоматтык деңгээлге жеткирүү жолу менен пайда болгон ишмердик. Башында кандайдыр бир өз алдынча, өнүккөн жана аң-сезимдүү болуп башталган ар бир жаңы ыкма бир нече жолу кайталоонун натыйжасында, ишти автоматтык түрдө жасап калууга жеткирет.

Окуучулар мугалим менен чогуу көндүм терминин эстегенден кийин, мугалим «көндүмдөрдүн дөңгөлөгүн» кантип толтуруш керектигин түшүндүрүп берет.

**Дөңгөлөк төрт сектордон турат:**

1. Баарлашуу көндүмү
2. Ишенимдүүлүк көндүмү
3. Сынчыл ой жүгүртүү
4. Командада иштей билүү көндүмү

Бул дөңгөлөктүн ар бир блогу өзүнө төрт көндүмдү камтыйт.

Мисалы, **«Ишенимдүүлүк көндүмдөрү»** блогу өзүнө жөндөмдүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрүн камтыйт:

1. Мен өз иштеримди жана убактымды кандай өткөрөрүмдү дайыма пландайм.
2. Мен берген сөзүмө туруп, жоопкерчиликтүү болгонго аракет жасайм.
3. Эгерде кимдир бирөө жардам сурап кайрылса, мен ага жардам бергенге аракет кылам.
4. Мага ишенсе болот.

**«Баарлашуу көндүмдөрү»** блогу өзүнө жөндөмдүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрүн камтыйт:

1. Мен бейтааныш адамдар менен оңой эле тил табышып кетем.
2. Мен башка адамдардын алдында сөз сүйлөгөндө өзүмдү эркин сезем.
3. Мен өз оюмду эркин жеткире алам.
4. Эгерде бир нерсе түшүнүксүз болсо, мен такташ үчүн суроо узата аламын.


**«Команда менен иштөө»** блогу өзүнө жөндөмдүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрүн камтыйт:

1. Мен досторум/классташтарым менен иш-чараларды оңой эле уюштура алам.
2. Мен башка адамдын сөзүн бөлбөстөн, аны аягына чейин угуп, анын пикирин кабыл алганды билем.
3. Адамдар мени менен чогуу иштегенди жана убакытты чогуу өткөргөндү жакшы көрүшөт.
4. Мага досторум/классташтарым менен идеяларды бөлүшүп, алардын да идеяларын уккан абдан жагат.

**«Сынчыл ой жүгүртүү»** блогу өзүнө жөндөмдүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрүн камтыйт:

1. Мен маалыматтарды салыштырып, терең изилдеп, ошондон кийин гана чечим кабыл алганга аракет кылам.

2. Мен «бөтөн бирөөнүн пикирин» ээрчибестен, өз алдынча ой жүгүртүп, тыянак чыгарганга аракет кылам.
3. Мен кырдаалды дагы жакшыраак түшүнүш үчүн керектүү суроолорду узатканды билем.
4. Мен социалдык тармактардагы такталбаган маалыматтарга, ушак-айыңга ишенбестен, маалыматтын ишенимдүү булактарын издейм.




**Мугалим окуучуларга тапшырма берет.**

Дөңгөлөктө сүрөттөлгөн көндүмдөрдү кунт коюп окуп чыгып, окуучунун бул көндүмдөргө канчалык деңгээлде ээ экенине 0дөн 5ке чейин баа бериши керек. Бул жерде 0 – бул борбор, ал эми дөңгөлөктүн чети – бул 5.

Окуучуларга түшүнүктүү болуш үчүн мугалим өз мисалын келтирип, 4 блоктун бири боюнча өз көндүмүн баалап, ар бир мисалды окуп, 0дөн 5ке чейин баа бериши керек. Мисалы, мугалим өзүн «Баарлашуу көндүмдөрү» блогу боюнча баалоону чечти дейли.

– Балдар, «Баарлашуу көндүмдөрү» блогу боюнча өз жөндөмүмдү баалагым келип турат. Мен аны төмөнкүчө жасайм:

1. Мен бейтааныш адамдар менен оңой эле тил табышып кетем – мен өзүмдү 4кө баалап, 0дөн 4кө чейин боёп коём.
2. Мен башка адамдардын алдында сөз сүйлөгөндө өзүмдү эркин сезем – менимче, бул жерге 3 деген бааны коём, 0дөн 3кө чейин боёп коём.
3. Мен өз оюмду эркин жеткире алам – бул жерде 5 койсом болот, демек, 0дөн 5ке чейин боёп коём.
4. Эгерде бир нерсе түшүнүксүз болсо, мен такташ үчүн суроо узата аламын – бул жерге 4 деп койсом болот, 0дөн 4кө чейин боёп коём.

Мугалим боёлгон сүрөттү окуучуларга көрсөтөт. Андан кийин мугалим «көндүмдөр дөңгөлөгүнүн» шаблонун окуучуларга өзүн-өзү баалоо жана боёп чыгуу үчүн таратып берет («Көндүмдөр дөңгөлөгүнүн» шаблону колдонмого тиркелди).

**Мугалим окуучуларга бул тапшырманы аткарууга 10 мүнөт убакыт берет.**

Эгерде окуучуларда суроолор пайда болсо, мугалим окуучулардын жанына барып, тапшырманы түшүнүүгө жардам берет.

Окуучулар өзүнө баа берип, өз сапаттарын талдашат.

**Мугалимге эскертүү:**

Бул дөңгөлөк төрт негизги көндүмдөн турат жана аларды мугалим каалоосу боюнча дагы толуктай алат. Дөңгөлөктүн төрт бөлүгүнүн ордуна, мугалим окуучулардын өзүнө өзү баа берип, талдай алуусу үчүн зарыл деп эсептеген көндүмдөрдү кошо алат.

Окуучулар көндүмдөрүн баалай алуу боюнча тапшырманы аткаргандыгына көзү жеткенден кийин мугалим окуучулардан бири-бири менен жуп болуп, беш мүнөттүн ичинде бири-бирине жазгандарын көрсөтүүнү өтүнөт. Талкуу маалында төмөнкү суроолорго жооп бериш керек:

1. Кайсы сапаттарым жакшы өнүккөн, ал эми кайсыларын чабал деп эсептейм?
2. Кесипкөй өнүгүүм үчүн кандай көндүмдөрдү өркүндөтүшүм керек же өздөштүрүшүм керек?

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Мугалим сабакты жалпы талкуу менен жыйынтыктап, төмөнкү суроолорду берет:

1. Өзүңөрдөгү сапаттар жана көндүмдөр жөнүндө эмнелерди билдиңер?
2. Өзүңөрдө кандай сапаттарды жана көндүмдөрдү өркүндөтүүнү же жакшыртууну каалайсыңар?

**Үй тапшырмасы:**

1. Мугалим окуучуларга «Беш жылдан кийин кандай инсан болгум келет?» деген темада дил баян жазып келүүсүн айтат.

# 9.4. Орто мектептер жана кесиптер. Окуу жай тандоонун чен белгилери/критерийлери

**Сабактын максаты:** кесиптик билим берүү мекемелери жөнүндө маалымат алышат. Окуу жайларды тандоонун чен-белгилерин жана кантип кирүүнү өздөштүрүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар:**

- ✓ ар кыл кесиптик билим берүү мекемелери менен таанышышат;
- ✓ орто кесиптик-техникалык окуу жайлардын багыты менен таанышышат;
- ✓ мектептик же болбосо кесиптик билим берүү мекемеси жөнүндө маалымат алган-

ды өздөштүрүшөт;

- ✓ окуу жай тандоонун чен-белгилерин / критерийлерин түзүшөт.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2. | Мугалимдин түшүндүрмөсү | 5 мүнөт | |
| 3. | Топтор менен иштөө | 15 мүнөт | ватман, маркер |
| 4 | Топтордун бет ачары | 8 мүнөт | Кагаз скотч |
| 5 | Окуу жай (мектептин кийинки звеносун) тандоонун себептеринин/ чен-белгилеринин / критерийлеринин тизмесин түзүү | 7 мүнөт | |
| 6 | Топту берүү оюну: сүйлөмдү улантыш керек | 5 мүнөт | Топ |
| 7 | Сабакты жыйынтыктоо | 2 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим: Урматтуу окуучулар, силер 9-классты аяктап жатасыңар. Кээ бир окуучулар өздөрүнүн кызыкчылыгына, талантына, шык-жөндөмүнө карата кесиптерди тандап башка окуу жайларга тапшырып кетсе, кээ бирөөлөрүңөр мектепте окууну улантасыңар. Бүгүнкү сабактын силерге пайдасы тиет деп ишенем.

Кесиптик билим берүү мекемелери боюнча мугалим маалымат берет.

**Орто кесиптик билим берүүнүн негизги милдеттери:**

- эмгек рыногунун талаптарына адистерди даярдоо;
- жоопкерчиликке, өз алдынча жана команда менен иштөө жөндөмүн калыптандыруу;
- өз ишинин натыйжаларын пландоо, чечим кабыл алуу;
- адистиктигиндеги практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу.

**Орто кесиптик билим берүүнүн артыкчылыгы эмнеде?**

- ✓ окууга тапшыруунун салыштырмалуу жеңил шарты;
- ✓ окутуунун кыска мөөнөтү;
- ✓ профилдик ишканаларда практикадан өтүү;
- ✓ талап кылынган кесипти тандап алууга багыттоо;
- ✓ бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу;
- ✓ натыйжалуу практик кадрларды даярдоо;
- ✓ эмгек рыногунда орто кесиптик звенонун суроо талаптарына ээ болуу.

**Орто кесиптик билим берүү мекемелери жөнүндө тааныштыруу.**

**Мугалим:**

Кыргыз Республикасынын бардык жети дубанын борборунда, шаарларында орто кесиптик окуу жайлар бар. Мисалы, бир кесиптик лицей тууралуу окуучуларга төмөндөгүдөй маалымат берүү:

**Дареги:**

Бишкек шаарындагы С.Чокморов атындагы №10 кесиптик лицейи

Миссиясы – эмгек рыногуна керектүү, конкурентке туруктуу КР, ЕАЭС биримдигине мүчө өлкөлөрүнүн аймагына жарактуу квалификациялуу адистерди даярдоо.

**Тест аркылуу сынак алынуучу предметтер:** математика, биология, химия, география.

**Бөлүмдөр:**

- Улуттук жана чет элдик тамактарды даярдоочу ашпозчу
- Кондитер азыктарын даярдоочу
- Ашпозчу
- Чач тарач, визажист

Бюджеттик бөлүм: Стипендия 10 ай

Контракт: 12 ай

Кошумча сабактар:

**Кошумча сабактар:**

- Жеке ишкерликти негиздөө
- Информатика
- Англис тили

Кийинки кесиптик лицейинде техникалык кесиптерге басым жасалат.

**Ал Бишкек шаарындагы №100 профессионалдык кесиптик лицейи**

| № | Кесиптерди | Окуу мөөнөтү | Ишке орношуу тармагы |
|---|---|---|---|
| 1 | **Электр монтаждоочу-электргаз-ширетүүчү** | 3 жыл | Электростанциялык түйүндөрдөгү электр каражаттарын ондоо, тейлөө |
| 2 | **Электрмонтаждоочу-электргазширетүүчү** | 10 ай | Электростанциялык түйүндөрдөгү электр каражаттарын ондоо, тейлөө |
| 3 | **Автомобилдерди оңдоо слесары** | 1 жыл | Унаа оңдоо жана тейлөө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | **Электр каражаттарды ондоо слесары** | 3 ай | Электр каражаттарын ондоо, тейлөө |
| 5 | **Ыкчам чара көрүү тобунун электромонтеру** | 3 жыл | Электртүйүндөрдүн электр каражаттарын оңдоо, тейлөө |
| 6 | **Категориялуу айдоочулар** | 3 ай | Унаа айдоо |

Мугалим окуучуларды айыл чарба, сулуулук индустриясы, техникалык деп 3 топко бөлүп алуу менен, топторго тапшырма берет:

– Төмөндөгү вебсайтка кирүү менен өзүңөргө тийиштүү багытка (айыл чарба, сулуулук индустриясы, техникалык) тиешелүү бир кесиптик лицейге же университетке жогорудагыдай маалымат таап, ал жердеги кесиптерди төмөнкү төрт багытка бөлүүнү сунуштайбыз:

1. Техникалык;
2. Айыл чарба;
3. Мал чарба;
4. Өндүрүш;
5. Сулуулук индустриясы.

**Вебсайт:**

Кесиптик лицейлердин тизмеси: **http://kesip.kg/ru/8**

**Университеттердин каталогу:**

http://edu.gov.kg/ru/high-education/unis-system/spisok-gosudarstvennyh-i-chastnyh-vuzov/.

Иштеген ишинердин бет ачарын жасоого 10 мүнөт берилет.

Топтор иштеринин бет ачарын жасап, талкуудан кийин көнүгүүгө өтөт.

Балдар, 9-классты аяктоо алдында ар бириңерде окуу жай тандоо ойлондуруп атса керек. Анда окуу жай тандоонун себептерин, чен-белгилерин /критерийлерин карап чыгалы.

Эскертүү: Мугалим чен-белгилер жөнүндө маалымат берип атып далил, мисалдарды кошсо жыйынтык жакшы болот.

| Чен-белгилер/Критерийлер | ООБА | ЖОК |
|---|---|---|
| ✓ Кызыкчылыктар | | |
| ✓ Жөндөмдүүлүктөр | | |
| ✓ Мектептин жашаган үйдүн жанында жайгашышы | | |
| ✓ Мектептин бедели (имиджи) | | |
| ✓ Аяктагандан кийин жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү | | |
| ✓ Карьералык перспективалар | | |
| ✓ Эмгек рыногундагы перспективалар | | |

| | | |
|---|---|---|
| ✓ Мектептеги атмосфера | | |
| ✓ Башка | | |

**Мугалим төмөнкү суроолор менен талкуу кылат:**

- Дагы кандай чен-белги (критерий) кошот элеңер?
- Кайсыл чен белгилер (критерийлер) өтө маанилүү, эмне үчүн антип ойлойсуң?
- Кайсыл себептер сизге кызыктуу болуп көрүндү?
- Окуу жайды тандоонун чен-белгилери (критерийлери) канчалык денгээлде кесипти тандоонун чен-белгиси (критерийи) болуп саналышат?
- Чен-белгилерди алмаштыруу: кайсыл чен-белги (критерий) баарынан жогору баалайсынар?

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**«Топ берүү» көнүгүүсү**

Түшүндүрмө: Окуучулар берилген сүйлөмдү улантышы керек.Топту берүү – колуна топ тийген окуучу «Мен … (кесиптик же орто билим берүүчү лицейди же мектептин аталышы) тандайм, себеби… (өз тандоосун түшүндүрүү)»

**Үй тапшырмасы:**

Өзүн каалаган кесип кайсы окуу жайда окутуларын жана ал боюнча маалыматтарды жазып келүү.

# 10-КЛАСС

## 10.1. Максат коюу жана убакытты тескөө (тайм менеджмент)

**Сабактын максаты:**

- Окуучулар өз иш-аракетин пландоону, убакытты туура пайдаланууну жана максат коюуну үйрөнүшөт;

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар:**

- Окуучулар план түзүү аркылуу убакыт текке кеткен кырдаалдарды жана аны уюштуруу ыкмаларын үйрөнүшөт;
- окуучуларды окуу маалында жана сабактан бош убактысын пландоого үйрөтүү;
- окуучулардын өз убактысына сарамжалдуу мамиле кылууну калыптандыруу.

**Сабактын планы:**

| № | Сабактын усулу/баскычы | Убактысы | Каражаттары |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 1 мүнөт | |
| 2. | Шыктандыруу | 4 мүнөт | |
| 3. | Чакан лекция | 7 мүнөт | |
| 4. | Практикалык иш | 22 мүнөт | Окуучулардын саны боюнча таблица |
| 5. | Ой жүгүртүү | 8 мүнөт | |
| 6. | Сабакты жыйынтыктоо | 3 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

**Окуучулардын көңүлүн сабакка буруу**

Сабак убакыттын маанилүүлүгүнө окуучулардын көңүлүн буруу үчүн мугалим бул суроону берет:

- **Акчаңар уурдалса, бул кырдаалга кандай карайсыңар?**

Мугалим окуучулардын жоопторун уккандан кийин тактоочу суроону берет:

- **Уурдалган акчаны кайтарып алуу мүмкүнбү?**
- **Силердин оюңарча, уурдалган/жоголгон убакытты кайтарып алуу же калыбына келтирүү мүмкүнбү?**

Окуучулар суроолорго жооп бергенден кийин мугалим сабактын темасы менен максаттарын жарыялайт.

**Чакан лекция**

Убакытты туура колдонуу жөндөмү мектепте окууда дагы, жашоодо дагы жана адамдын кызматтык өсүшүн пландоодо дагы эң маанилүү жана зарыл жөндөм болуп эсептелет.




Суткада 24 саат болсо, анын 9 сааты үй тапшырмаларын аткарууга, кызыккан нерселерине, достору менен баарлашууга, дагы бөлөк иштери менен милдеттерине, 8 сааты уйкуга, 7-8 сааты мектепке даярданууга жана сабактарга бөлүнүшү мүмкүн.

Тайм-менеджмент адамдын жеке ишмердигин эле эмес, бүтүндөй өмүрүн майнаптуу тескөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Убакытты тескөө жөндөмү өтө орчундуу билгилик болуп саналат. Өз убактыбызды тескей билүүнү бала кезден адатка айландырышыбыз абзел.

Убакытты тескей билүү күн сайын башына толгон-токой жумушту үйүп албай, алагды кылган жана убакытты текке кетирген нерселерден арылууга, өтө зарыл жана жооптуу иштерди сапаттуу аткарууга мүмкүнчүлүк берет.

Андан ары мугалим убакыттын текке кетүү себептерин айтуудан мурда бул тууралуу окуучулардын пикирин сураганы дурус. Анткени бул окуучулардын көңүлүн бурдуруу жана аларды талкуулоо процессине тартуу үчүн керек. Окуучулардын жоопторун угуу зарыл.

Окуучулар убакытты бекерге коротуунун себептерин белгилегенден кийин, мугалим бул тизмени төмөндө сыпатталган себептер менен толукташы керек.

Көбүнчө убакыттын жетишпегендигине жана анын сарамжалдуу колдонулбай жатканына төмөнкүлөр себеп болот:

- ✓ *интернет, соцжеле жана телевизор көп убакытты алат;*
- ✓ *күн алдын ала пландалбаса, ошондуктан иштер кийинкиге калтырыла берет, даана, так план жок;*
- ✓ *орчундуу иштерден оңой эле алаксышат;*
- ✓ *үй тапшырмасын аткарууга өтө көп убакыт кетет;*
- ✓ *баштаган нерсесин аягына чыгарышпайт;*
- ✓ *ишмердиктин темпи жай, анткени кандайдыр-бир ишке киришүү үчүн «козголууга» убакыт көп кетет;*
- ✓ *«жок» деп айта албагандык.*

Көрүп турганыңардай, убактыбызды натыйжалуу/үнөмдүү пайдалануу үчүн бизди алагды кыла турган факторлор өтө көп.

**Практикалык иш**

№1 таблицада убакытты майнаптуу пайдалануу графигин толтуруу боюнча практикалык иш көрсөтүлгөн.

Сабактын бул бөлүгүндө мугалим таблицаны өткөн күндүн мисалында (бир гана күн-

дүн), чарчыларды чынчылдык менен боёп, так-тап айтканда, алар кечээ күнү убактыларын иш жүзүндө канча короткон болсо, ошончосун толтурууну сунуш кылат. Келерки күндөрдү максатка жетүү үчүн пландар чагылдырылгандай, б.а. СМАРТ критерийлерине ылайык пландоо керек.

**Тайм-менеджмент** – бул адамга коюлган максаттарына жетүү үчүн ишмердигин майнаптуу уюштурууга мүмкүнчүлүк берүүчү ыкмалар.

**(Тапшырманы аткарууга 10 мүнөт, 12 мүнөт бет ачаар үчүн берилет)**

Эгер мүмкүнчүлүк болсо, окуучулар мисалга карап өз дептерлерине жазышы үчүн мугалим таблицаларды ар бир окуучу үчүн алдын ала кагазга чыгарса же проектордо көрсөтсө болот. Ар бир окуучу графикти толтурууга олуттуу жана объективдүү мамиле кылууга тийиш:

- туруу, жуунуп-тарануу жана тамактануу
- эс алуу убактысы, үйгө жардамдашуу
- кошумча сабактар/курстар
- окуу убактысын белгилөө
- оюндар/соцжеле/сыналгыга арналган убакыт

Мурдагы күндүн мисалында таблицаны боёгондон кийин ар ким майнаптуу колдонсо боло турган канча убакытты текке кетиргендигин аныктайт. Мугалим таблицаны калган күндөр боюнча өтүп жаткан жуманын мисалында үйдө толтурууну сунуш кылат.

**№ 1 таблица. Убакытты майнаптуу колдонуу боюнча календарь жүргүзүү**

| | 7.00 | 8.00 | 9.00 | 10.00 | 11.00 | 12.00 | 13.00 | 14.00 | 15.00 | 16.00 | 17.00 | 18.00 | 19.00 | 20.00 | 21.00 | 22.00 | жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Пн | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Вт | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Ср | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Чт | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Пт | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Сб | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Вс | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| жалпы | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Окуучулар күнүмдүк графикти пландоонун жүрүшүндө эң негизги иш-чараларды гана белгилеп, анча чоң эмес убакытты тиричилик иштерине жана майда-барат күтүлбөгөн иштерге калтырышы шарт.

**Таблицаны, планды/календарды толтуруунун жыйынтыгы боюнча ой жүгүртүү**

Мугалим окуучулардын сапаттуу ой жүгүртүүсүнө өзгөчө көңүл буруусу абзел. Себеби дал мына ушул жерде талкууланып жаткан маселе боюнча анализ жасоого мүмкүнчүлүк

түзүлөт. Атүгүл, кээ бир окуучулар суроолорго жооп бербесе да, баары бир классташтарынын жообунан өздөрү үчүн тыянак чыгарат.

Ар бир суроого 2-3 окуучунун жооп беришине мүмкүнчүлүк берүү зарыл. Ошондуктан ой жүгүртүүгө 10 мүнөттөн кем эмес убакыт бөлүү керек.

**Практикалык ишти жыйынтыктоо**

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Планды толтуруудан алган таасириңер: эмне жакты, эмне жакпады, эмне кыйын болду?
2. Телевизор көргөнгө, оюнга, соцжелеге, сабактарды даярдаганга, сейилдегенге канча убактыңарды короттуңар?
3. Үйгө жардам бергенге жана окуу иштерине канча убактыңарды сарптадыңар?
4. Убактыңарды текке кетирдиңерби же жокпу?
5. Убактыңарды эмне үчүн бекерге короттуңар?
6. Дем алыш күндөрү пайдалуу иштер менен алектенүү зарылбы же аларды калтырып коюу керекпи?
7. План түзүү жана талдоо иши силер үчүн пайдалуу болдубу? Эмнеси пайдалуу болду? Пайдасы тийбеген болсо, эмне үчүн?
8. Пландоонун жыйынтыгы боюнча планыңардан бир нерсе өзгөрткүңөр келеби?

Мугалим окуучуларга натыйжаларды байма-бай талдоо аркылуу эки жума бою план түзүү өз убактысын күн сайын максаттуу пландоого көндүрөрүн белгилөөгө тийиш.

Эгер айрым окуучулар календарды пайдаланбаса да, алар өздөрүнүн күнүн кайра карап көрүп, аны майнаптуу пайдалануу үчүн дагы да жакшыраак пландоого болорун түшүнүшөт.

**Көнүгүнү жыйынтыктоо**

Мугалим сабакты жыйынтыктап жатып, убакытты натыйжалуу уюштурууга түрткү болгон төмөндөгү иллюстрацияда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алышы керек.

Убакытты натыйжалуу уюштуруу (тайм-менеджмент) төмөнкү кадамдарды сактоодон көз каранды

▼

| Пландоо ▶ | Адаттар ▶ | Күн тартиби ▶ | Өсүү |
|---|---|---|---|

Кечинде 5-10 мүнөт убактыны өздүк планды талдоого бөлүп, буларга көңүл буруу абзел:

– Бир күнүңдү/жумаңды пландоо эмне үчүн маанилүү? Артыкчылыгы эмнеде?
– Бүгүн эмнеге жетише алдың?
– Эртеңки күнгө эмнени калтыруу шарт?
– Баарына план боюнча жетишүү үчүн эмнени алып салуу/жасоо зарыл?

Мында бир күн ичинде иш жүзүндө жетишсе боло турган иштерди пландоо керек.

**Үй тапшырмасы:** Убакытты туура колдонуунун таблицасын 2 жума катары менен күндүгө кечинде кийинки күнгө карата колдонууну сунуштайт.

*– Балдар, биз бүгүн силер менен белгилүү максатка жетүү үчүн милдеттер белгиленген жуманын бир күнүн пландоого аракет кылдык. Максатка жетүү үчүн планды туура түзүү өтө маанилүү. Бул жаатта бизге СМАРТ формуласын билип, колдонсок, пайдалуу болот.*

Мугалим үй тапшырмасын аткаруу алдында алардын ата-энелери менен бирге SMART максаттарын канчалык деңгээлде туура коё аларын аныктай турганын белгилеши керек.

**Окуу жана практика үчүн маалымат**

Тилекке каршы, көпчүлүк жаштар максаттарын так, анык койбой, аларга жетүү далалатында убактыларын бекерге коротушат. Адам аракет кылат, бирок коюлган максаттарына жете албайт, ал буга жагдай-шартты күнөөлөй баштайт. Ар дайым жолу болбогондуктун эң башкы себеби максаттын туура эмес коюлганында.

«Балдар, бир барак кагаз/дептер алып, окууңарга, келечектеги кесибиңерге байланыштуу алдыңарга койгон максатыңардын бирин жазгыла».

**Баракты үстөлгө коюп койгула.**

Төмөндөгү формула менен ынтаа коюп таанышып чыккыла. Кийин өзүңөр жазган максат менен салыштыргыла. Силер аны туура коюпсуңарбы? Эгер туура эмес болсо, формуланы пайдаланып, аны кайрадан түюнтууга аракет кылгыла.

**SMART –** максаттын тактыгын, өлчөөгө, жетүүгө мүмкүндүгүн, маанилүүлүгүн жана мөөнөтүнүн аныктыгын билдирген максат коюу ыкмасы.

| S | M | A | R | T |
|---|---|---|---|---|
| Specific<br>конкреттүү | Measurable<br>чен-өлчөмдүү | Attainable<br>жетүүгө мүмкүн | Relevant<br>маанилүү | Timebound<br>анык<br>мөөнөттүү |
| «Момуму каалаймын» дегендин ордуна майда-баратына чейин максаттын акыркы натыйжасын жазгыла. | Натыйжасына баа берүү жана максат чен-өлчөмдүү болсун үчүн цифраларды же бөлөк так маалыматтарды пайдалангыла. | Колуңардан келе турган максаттарды койгула. Реалдуу эмес болбосун. | Өзүңөрдөн: «Бул мага эмне үчүн керек?» - деп сурагыла. Балким, максатты өзгөртүш зарыл же ал такыр эле кереги жок. | Максатка жете турган мөөнөттү белгилегиле. Бул түрткү болуп, бошошууга жол бербейт. |

**Мисалдар:**

| **SMART боюнча ЭМЕС** максат коюуга мисалдар | **SMART боюнча** максат коюуга мисалдар |
|---|---|
| ЖОЖго кирүү үчүн англис тилин үйрөнүү | ЖОЖго программист адистиги боюнча кирүү үчүн англис тилин 2023-жылдын аягына чейин жетиштүү деңгээлде үйрөнүү |

*Бул мисал түстөрдүн жардамында СМАРТ формуласынын жогоруда келтирилген картинасына жараша иштелип чыккан. Мугалим керектүү түстөрдү тандап алып, проектордо же чоң баракта/плакатта алдын ала даярдалган формуланы келтирүү аркылуу окуучулардын көңүлүн ушуга бурушу абзел*

Кайрадан эки максатты жазып, СМАРТ формуласы боюнча текшергиле, эгер алар критерийлерге жооп бербесе, аларды кайрадан карап чыгып, формулага таянып жазгыла.

# 10.2. Кесип тандоодогу кыялдарды реалдуу дүйнө менен салыштырабыз

**Сабактын максаты**

- ✓ Окуучулар кыялындагы кесибин реалдуулук менен салыштырып көрүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар:**

- ✓ атаандаштыкка жарамдуу адис болуш үчүн кандай көндүмдөрдү өркүндөтүү керектигин билип калышат;
- ✓ эмгек рыногунда тигил же бул кесиптин келечегин сүрөттөшөт;
- ✓ айрым кесиптерин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныкташат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 8 мүнөт | |
| 2. | Топто иштөө | 25 мүнөт | Суроолор жазылган 17 карточка |
| 3. | Суроо-жооп | 10 мүнөт | |
| 4 | Сабакты жыйынтыктоо | 2 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Сабак окуучуларды көзүн жумдуруп, каалаган окуу-жайды аяктап, диплом алгандан кийин жумушта иштеп жаткандарын элестетүү менен башталат.

Бир эки окуучуну элестетүүсүн сураган соң, бүгүн өтүлүүчү сабактын темасын жарыялайбыз: «Кыялдарды реалдуу дүйнө менен салыштырабыз»

*– Балдар, бүгүн кызыктуу көнүгүүнү аткарабыз. Бул көнүгүү бизге келечектеги кесибибизди тереңирээк билип, ага башкача көз караш менен карап, ал азыркы заманда канчалык зарыл болгонун түшүнгөнгө жардам берет. Бул үчүн биз чакан топторго бөлүнөбүз. Келгиле, жаныбызда отурган адамдар менен төрттөн болуп кичи топторго бөлүнөлү.*

Окуучулар 4 кишиден турган чакан топторго бөлүнүшөт, андан кийин чакан топтор тегерек тартып отурушат.

Топтор тегеректи түзүп бүткөндөн кийин мугалим ар бир тегеректин ортосуна 17 суроодон турган жыйнакты суроолор көрүнбөй тургандай кылып коюп, окуучуларга көрсөтмө берет.

*– Балдар, бул көнүгүү учурунда суроолорго чын дилиңер менен жооп беришиңер керек. Ар бир топко бирдей эле сандагы карточкалар берилет. Алардын ар биринде 17 суроо, ал эми ар бир картада бирден суроо болот. Суроолорду алдын ала көрүп албасын деп карточкалар оодарылып коюлат. Ар бир катышуучу кезек-кезеги менен карточканы суурул чыгып, суроону топко окуп берет, андан кийин ага жооп берет. Окуучу суроого жооп бергенден*

*кийин карточканы четке коёт. Андан кийин кезекте турган окуучу карточканы алып, кийинки суроого жооп берет. Көнүгүү карточкалар түгөнгө чейин улана берет.*

Мугалимдин көрсөтмөсүнөн кийин окуучулар кезектешип карточканы алып, суроону окушат. Андан соң суроолорго жооп беришет.

Бардык окуучулар суроолорго жооп берип бүткөндөн кийин мугалим окуучулардан өз ордуна отуруп, пикирин айтуусун өтүнөт.

**17 карточка**

| | | |
|---|---|---|
| Силер тандаган кесип эмгек рыногунда кандай көрүнөт? Аны сүрөттөп бергилечи. ******** | Тандап алган кесиптин чөйрөсүндө кимди кесипкөй деп эсептейсиңер? ******** | Туугандарыңар тандаган кесип менен акча табууга болот деп ишенишеби? Эмне үчүн ушундай деп эсептешет? ******* |
| Кандай деп ойлойсуңар, тандап алган кесибиңерди үй-бүлөңөр колдойбу? Эгер андай болбосо, анда аларды ынандыруу үчүн эмне кылыш керек? ******** | Ата-энеңер тандаган кесибиңерге макул болобу? Алар муну акылдуу тандоо деп эсептешеби? Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуңар? ******* | Тандаган кесибиңерге кандай салым кошуп, коомго кандай пайда келтирмек элеңер? ******** |
| Силер кыялданган жумуш өзүңөр жашаган чөйрөгө канчалык дал келет? Же башка жакка көчүп кетиш керекпи? Кыялданган жумуш үчүн башка өлкөгө кетүүгө даярсыңарбы? ******* | Кыялыңардагы кесип менен кайда жана кантип иштей аласыңар? ******** | Кесибиңерди өзүңөр тандап алдыңарбы? Же жөн гана бирөөнүн кеңешине кулак төшөдүңөрбү? ******** |
| Кесип тандоого байланыштуу маанилүү чечим кабыл алууда силер үчүн кимдин пикири маанилүү? ******* | Силер тандаган кесиптин эң мыкты адиси болуу үчүн эмне кылуу керек? ******** | Силер жашаган өлкөдө, аймакта ушул кесипке сурооталап канчалык жогору? ******** |
| Тандаган кесибиңерде кандай кемчиликтер бар деп ойлойсуңар? Мурда бул тууралуу ойлондуңар беле? ******* | Тандап алган кесип боюнча жумуш таба алам деп ойлойсуңарбы? ******** | Тандап алган кесипте силерди эмне кызыктырып жатат деп ойлойсуңар? ****** |
| Тандап алган кесипте силердин кызмат көрсөтүүңөр үчүн ким акы төлөйт? ******* | Тандап алган кесибиңер боюнча атаандаштыкка туруштук берүү үчүн эмнени өркүндөтүшүңөр керек? Кандай көндүмдөрдү жана билимди өрчүтүү керек? ****** | |

Окуучулар өз ордуларына отурушат. Мугалим баары өз ордуна отурганга чейин күтүп, суроолордун жардамы менен кайтарым байланышты баштайт. Ар бир суроо боюнча мугалим 2-3 окуучуга сөз сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берет.

1. Бул сабак силер үчүн пайдалуу болдубу? Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуңар?
2. Силер үчүн эң кыйын суроо кайсынысы болду? Эмне үчүн?
3. Силердин оюңар боюнча, кайсы суроо эң пайдалуу болду? Кайсы суроого жооп берип жатып, өзүңөр үчүн жооп таптыңар?
4. Бул сабак кандай максатты көздөдү деп ойлойсуңар?
5. Суроолорго жооп берип жатып, кандай негизги тыянактарды чыгардыңар?
6. Араңарда тандаган кесибине мамилесин өзгөрткөндөр барбы? Эмне үчүн мындай болду?

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Мугалим сабакты мындай сөздөр менен жыйынтыктайт:**

- *Кымбаттуу балдар, ошентип биздин сабак да соңуна жетти. Бул сабакта бир топ суроолорго жооп тапкандай болдук. Тактап айтканда:*
- *Эмне үчүн тандап алган кесипке ар тараптан көз чаптыруу өтө маанилүү?*
- *Бул кесиптин кандай кемчиликтери бар?*
- *Ал эми тобокелдиктери кандай?*
- *Биз кесибибиздин тобокелдиктерин жана кемчиликтерин кабыл алууга даярбызбы?*
- *Эмгек рыногунда биздин кесипке суроо-талап барбы?*
- *Тигил же бул кесипти тандап коомго пайда алып келебизби?*

**Үй тапшырмасы:**

Мугалим окуучуларга өзүңөрдүн кызыкчылыгыңарга, жөндөмүңөргө, талантыңарга туура келген бир нече кесиптерди жазып келгиле деген тапшырма берет.

# 10.3. Тандалган кесиптин мааниси

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулар тандалган кесиптин турмушунда канчалык денгээлде пайдалуу, маанилүү экендигин түшүнүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:.**

**Окуучулар:**

- ✓ Өздөрү кызыккан, актуалдуу жана маянасы жогору кесипти тандашат;
- ✓ Эмгек сферасы, өзгөчө талаптар жана ишке орношуу тармактары боюнча жумушчу баракчаны иштешет;
- ✓ Адистиктерге жана ишке орношуу тармактарына карата өзгөчө талаптардын ортосундагы байланыштарды өздөштүрүшөт.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
| --- | --- | --- | --- |
| 1. | Уюштуруу | 2 мүнөт | |
| 2. | Кесиптер боюнча иштөө | 10 мүнөт | А4 барагы |
| 3 | Белгилүү бир адистиктерге жана ишке орношуу тармактарына карата өзгөчө талаптарды өздөштүрүү | 20 мүнөт | Жумушчу баракча |
| 3. | Талкуу | 8 мүнөт | |
| 4. | Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим балдар менен саламдашып, уюштуруп алуудан сон төмөнкү таблицаны толтурууну сунуштап жана түшүндүрмө берет. 1-графага 15-20 кесиптердин аталыштарын. 2-графага 15-20 кесиптин ичинен кызыккан 10 кесипти. 3-графага 10 кесиптин ичинен актуалдуу 5 кесипти, 4-графага 5 кесиптин ичинен маянасы жогору 3 кесипти тандап алуу.

**Мугалимге эскертүү.**

– Таблицанын үлгүсүн интерактивдүү тактадан көрсөтүү же көрүнүктүү жерге илип коюу сунушталат.

– Мүмкүнчүлүк болсо ар бир окуучуга чыгарып берсе, болбосо А4 барагына же дептерине иштетсе болот.

| Кесип | Кызыккан | Актуалдуулугу | Маянасы |
| --- | --- | --- | --- |
| | | | |

Баардыгы таблицаны толтуруп бүткөндө 4-5 окуучуну угуп, талкуудан кийин төмөнкү жумушчу баракча менен иштешет.

*– Эмгек сферасы, өзгөчө талаптар жана ишке орношуу тармактары боюнча жумушчу баракчаны иштөөдө силер кандай пайда алдыңар?*

**2-тапшырма**

**ЖУМУШЧУ БАРАКЧА:** кесиптер боюнча талаптар, жөндөмдүүлүктөр жана ишке орношуу тармактары

Мугалимге эскертүү: Ар бир окуучуга жумушчу баракчаны алдын ала даярдап коюу керектелет.
Жумушчу баракчаны иштөөдө үлгү кылып окуучуларга түшүндүрмө берүү.

Окуучулар белгилүү бир адистиктерге жана ишке орношуу тармактарына карата өзгөчө талаптардын ортосундагы байланыштарды өздөштүрүшөт.
Өзүнө төп келген өзгөчө талаптарды жашыл маркер менен белгилешет жана толук ылайык келүү үчүн дагы окуу керек болгон талаптарды кызыл түс менен белгилешет.

| ЭМГЕК сферасы | ӨЗГӨЧӨ ТАЛАПТАР | ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАГЫ |
|---|---|---|
| Айыл чарбасы, тамак-аш азыктарын өндүрүү жана кайра иштетүү | Мыкты психомотордук көндүмдөр, мейкиндиктеги ориентация жана координация, кыймыл көндүмдөрү, кайраттуу чымыр дене түзүлүшү, сезимдердин курчтугу: мыкты көрүү, даам, жыт сезими, мыкты угуу. | Фермердик чарбалар, ветеринардык станциялар, селекциялык мекемелер, эт жана балык азыктарын өндүрүү жана кайра иштетүү, нан азыктарын өндүрүү, тоңдурулган азыктарды өндүрүү, суусундуктарды өндүрүү, азыктарды жана жашылчаларды кайра иштетүү, дан-ды кайра иштетүү. |
| Токой чарбасы жана жыгачты кайра иштетүү | Мейкиндикте мыкты багыт алуу, мейкиндиктик мамилелерди түшүнүү, визуалдык деталдарга карата өөрчүгөн эстутум, туура жана так кыймылдар жана манжалардын кыймылынын мыкты координациясы, мыкты механикалык жана сандык көндүмдөр, сезимдердин курчтугу: көрүү, угуу, жыт сезүү | Токойлорду жана коомдук сейил бактарын башкаруучу мекемелер, көчөттөрдү жана жаш бутактарды өндүрүүчүлөр, жыгачты кайра иштетүү индустриясы жана эмерек өндүрүү, долбоордук мекемелер, курулуш, устачылык цехтери ж.б. |
| Геология, тоокен өнөр-жай жана металлургия | Механикалык мамилелерди мыкты түшүнүү, мейкиндиктик элестетүүнүн өнүккөн жөндөмдүүлүгү, деталдарга карата визуалдык эстутум, кыймылдуулук жана колдордун кыймылынын координациясы, дайыма көңүл буруу, күчтүү жана чыдамкай дене түзүлүшү, жер алдында иштөө жөндөмдүүлүгү, саламат жана туруктуу респиратордук, кан тамыр жана жүрөк системалары, сезимдер ор-ганынын курчтугу | Тоо-кен өнөр жайы, курулуш, геологиялык кызматтар, лабораториялар, топурак казуучу техниканы инспекциялоо институттары, куюучу өндүрүш, металлургиялык өнөр жай, жез жана түстүү металлдарды өндүрүүчү ишканалар, жогорку сапаттагы жез жана түстүү металлдарды өндүрүү ишканалары, прокаттык стандар, кабелдер, түтүктөр жана профилдер ж.б. |

| | | |
|---|---|---|
| Механикалык инженерия, металлдык кайра иштетүү | Механикалык мамилелерди жана физикалык принциптерди, сандык жана мейкиндиктик элестетүүнүн мыкты мүмкүнчүлүктөрүн колдонууну мыкты түшүнүүнүн өнүккөн жөндөмдүүлүгү, деталдарга карата визуалдык эстутум, кыймылдын, колдордун тез жана так кыймылынын координациясы, мыкты өрчүгөн көңүл буруу жана көңүлдү бурууну багыттоо жөндөмдүүлүгү, ден-соолуктун мыкты жалпы абалы, чыдамдуулук жана чымыр дене түзүлүшү, тереңдикте жана кендикте көрө билүү, түстөрдү дифференциациялоо | Өнөр жайдын бардык тармактары: машина куруу, темир иштетүү, электротехника, деңиз техникасы, курулуш, нефть өнөр жайы, транспорт өнөр жайы, азык өнөр жайы, текстиль жана басма өнөр жайы, тоокен өнөр жайы, металлургия, автомобиль куруу, көл өнөрчүлүк өнөрканалары ж.б. |
| Электрдик инженерия | Физикалык принциптерди түшүнүүнүн мыкты өнүккөн билгичтиги, мыкты сандык көндүмдөр, мейкиндиктик мамилелерди мыкты түшүнүү, деталдарды визуалдык эске тутуу, колдордун өнүккөн эптүүлүгү, өнүккөн макулдашуучулук жана көңүлдүн өнүккөн тереңдигин ыкчам буруп кетүү, көрүүнүн дааналыгы жана түстүн дифференциациясы, тереңдикте жана кендикте, экстремалдык шарттарда иштөө жөндөмдүүлүгү, кол-буттардын жана жүлүндүн деформациясы, ошондой эле кыймылдардагы чектөөлөрдүн жоктугу | Энергия өндүрүүчүлөр жана жабдууларды өндүрүүчүлөр, лифттерди өндүрүүчүлөр, өнөр жай өткөргүчтөрүн өндүрүү, өлчөөчү жана жөнгө салуучу техникалык түзүлүштөр, автоматика, телекоммуникациялар, радио- жана телевизиондук техника, автомобилдик өнөр жай, электр түзүлүштөрүн тейлөө, көл өнөрчүлүк өнөрканалары ж.б. |
| Химия, металл эмес өнөр жайы жана басма иши | Мейкиндиктик жана механикалык түзүлүштү мыкты түшүнүү, колдордун мыкты координациясы жана манжалардын так кыймылы, так визуалдык эстутум, сандар менен иштөө көндүмү, формалоого карата мыкты жөндөмдүүлүк, бекем жана чыдамдуу дене түзүлүшү, көрүүнүн, угуунун жана кол тийгизүүнүн өрчүгөн органдары. | Химиялык металл эмес өнөр жайы, нефтехимиялык өнөр жайы жана резинаны кайра иштетүү, жарылуучу заттарды өндүрүү, курулуш материалдарын өндүрүү, фармацевтикалык өнөр жайы, басма жана кагаз өнөр жайы ж.б. |

| | | |
|---|---|---|
| Текстиль жана тери өндүрүшү | Механикалык принциптерди жана мейкиндиктик түзүлүштөрдү түшүнүү жөндөмдүүлүгү, формаларды түзүү жөндөмдүүлүгү жана сандарга карата мыкты эстутум, көрүүнүн жана кол тийгизүүнүн өнүккөн сезими | Текстиль өнөр жайы жана кийим-кечек өндүрүү, тери кийимдерин жана териден жасалган аксессуарларды өндүрүү, бут кийим өнөр жайы, бут кийим, кийим-кечек, аксессуарларды, кол каптарды, тери жана аң териден жасалган буюмдарды өндүрүүдөгү кол өнөрчүлүк кызматтарын көрсөтүүлөр |
| Геодезия жана курулуш индустриясы | Мейкиндиктик элестетүү жөндөмдүүлүктөрү жана так визуалдык эстутум, сандар менен иштөөнүн мыкты көндүмдөрү, колдордун жана манжалардын мыкты координациясы, бекем жана чыдамкай дене түзүлүшү, бийиктиктерде жана тереңдиктерде иштөө билгичтиги, өрчүгөн көрүү (даааналык, тереңдик жана түстүк дифференциация) | Курулуш иштери жана курулуш элементтерин өндүрүү, долбоордук мекемелер жана имараттарды реконструкциялоо жана калыбына келтирүү боюнча институттар, кадастрдык кызматтар, геодезия жана жерлерди консолидациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр ж.б. |
| Транспортировкалоо | Эмоционалдык туруктуулук, ачык байкалган психомотордук жөндөмдүүлүктөр жана белгилерге карата ыкчам реакция, механикалык принциптерди түшүнүүнүн жана колдонуунун жеңилдиги жана мейкиндикте багыт алуу, сандар менен иштөө жөндөмдүүлүктөрү, бекем жана узак мөөнөттүү конструкция, сезимдердин өрчүгөн органдары (айрыкча көрүү). | РТТ-трафик жаатында иш алып барган уюмдар жана компаниялар, авиация, суу транспорту, кургактагы жана ички транспорт, темир жол траспорту, кампалар, курулуш жабдуулары боюнча мекемелер ж.б. |
| Соода, мейманкана индустриясы жана туризм | Сандар менен иштөөнүн мыкты көндүмдөрү, эмоционалдык туруктуулук, баарлашуудагы ачыктык жана боорукердик, эстетикалык сезимталдуулук, мыкты вербалдык көндүмдөр, сандарга карата эстутум, адамдын жүздөрүнө жана сөздөргө карата эстутум, кайраттуу физикалык дене түзүлүшү, сезимдердин курч органдары, кыймылдардын мыкты координациясы. | Соода компаниялары (ички соода, чекене соода, дүң соода) туристтик мекемелер, мейманканалар, ресторандар, кафелер ж.б. |

| | | |
|---|---|---|
| Экономика, укук жана администрация | Сандар менен иштөөнүн мыкты көндүмдөрү жана вербалдык көндүмдөр, сандарга, маалыматтарга жана адамдардын жүздөрүндө карата өрчүгөн көңүл буруу жана эс-тутум, ачык байкалган инсандык сапаттар: пунктуалдуулук, тар-типтүүлүк, тырышчаактык, эмгекчилдик, мамилечилдик, толеранттуулук, ак ниеттүүлүк, чыдамдуулук, колдордун жана манжалардын мыкты координациясы; көрүү жана угуунун өнүккөн сезим органдары. | Соода компаниялары (экспорт, импорт, чекене соода, дүң соода), банктар, финансылык кызматтар, кадрдык кызматтар, жалпы бөлүмдөр, архивдер, текстти терүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, муниципалдык, сот кызматтары жана коомдук коопсуздукту коргоо кызматтары ж.б |
| Аба-ырайын божомолдоо | Сандарга карата мыкты жөндөмдүүлүктөр жана мейкиндиктик элестетүүнүн көндүмдөрү, физикалык принциптерди түшүнүү жана колдонуу, сандарга жана визуалдык маалыматтарга карата мыкты эстутум, сабырдуулук жана чыдамдуулук, кайраттуу жана чымыр дене түзүлүшү, өрчүгөн көрүү органы, кыймылдардын мыкты координациясы | Аба-ырайынын божомолдоочу мекемелер, аэропорттор, гидроэнергетика мекемелери, токой чарбасы, айыл чарбасы, долбоордук мекемелер, курулуш жана коммуналдык ишканалар |
| Маданият жана коомдук маалымат | Ортоңку деңгээлден жогорку вербалдык жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөр, мыкты өнүккөн ыкластуулук, эстетикалык сезимдер, мамилечилдик/коммуникативдүүлүк, тырышчаактык, чыдамдуулук, музыкага, актерлукка шык-жөндөм, кыймылдардын өнүккөн координациясы, ден-соолуктун мыкты жалпы абалы, өрчүгөн көрүү жана угуу | Жаңылык жана басма компаниялар, архивдер, музейлер, театрлар, радио жана телевидение, долбоордук бюролор, текстилди, терини, бут кийимди, кийим-кечекти, күнүмдүк керектөөчүлүк товарларды өндүрүү, эмерек өндүрүү, СММ, таргетолог, искусство ансамблдери ж.б. |
| Саламаттыкты сактоо, фармацевтикалык жана социалдык кызмат көрсөтүү | Мыкты өнүккөн визуалдык маалыматтык эстутум, эмоционалдык туруктуулук (стресске карата туруктуулук), ден-соолуктун мыкты жалпы абалы, физикалык чыдамдуулук, өрчүгөн көрүү, угуу, жыт сезүү жана кол тийгизүү, колдордун, алакандардын жана манжалардын мыкты координациясы | Ооруканалар, клиникалар, лазареттер, курорттор, стоматологиялык клиникалар жана кеңселер, лабораториялар жана дарыканалар, фармацевтикалык өнөр жай жана мекемелер ж.б. |

| | | |
|---|---|---|
| Жеке кызмат көрсөтүүлөр | Өзгөчө мыкты координация жана колдордун жана манжалардын кыймылынын тактыгы, туруктуу жеке түзүлүш жана өнүккөн мамилечилдик, ак ниеттүүлүк, чыдамдуулук, тырышчаактык, ден-соолуктун мыкты жалпы абалы, чымыр физикалык дене түзүлүшү, дени-сак омуртка жана колдор-буттар… | Чакан ишканалар, жумушчу цехтер, ар кыл кызмат көрсөтүүлөр ж.б |

- Эмгек сферасы, өзгөчө талаптар жана ишке орношуу тармактары боюнча жумушчу баракчаны иштөө силерге пайдалуу болдубу?
- Талаптарды белгилөөдө жашыл түс көп болдубу же кызыл түспү?
- Силер жогоруда тандап алган 3 кесибиңерге жумушчу баракчада белгилеген талаптар туура келдиби? Келбесе кандай өзгөртүү киргизесин? деген суроолорду талкуулашат.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Жаңы маалыматтарды ала алдыңарбы? Кайсы маалыматтар? деген суроолор берилет.

**Үй тапшырма:**

Жумушчу баракчаны иштөөдө дагы окуу керек болгон талаптарды кызыл түс менен белгилеген болсоңор ошонун үстүнөн иштеп, окуп келгиле.

# 10.4. Кесип тандоо жолум

**Сабактын максаты:**

✓ Окуучулар тандаган кесиптеринин артыкчылык-кемчиликтерин, өзүнө туура келген кесипти тандоону жана убакытты туура пайдаланууну үйрөнүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

✓ Өздөрү тандаган кесиптин оң жана терс жактарын аныкташат;

✓ Тандаган үч кесибин 4 критерийдин негизинде баалашат;

✓ Убакытты туура пайдалануу кесип тандоодо жана маанилүү экенин билет.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу усулдар/ыкмалар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2. | 1-тапшырма | 10 мүнөт | А4 барагы же дептер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | 2-тапшырма | 10 мүнөт | карточка |
| 4 | «Убакытты туура пайдалан» | 12 мүнөт | Суроо жазылган карточка |
| 5 | Сабакты жыйынтыктоо | 10 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Саламдашып, уюштуруудан кийин өткөн сабакта окуучулар үч кесипти тандап алышкан, бүгүнкү сабакта ошол үч кесиптин оң жана терс жактарын таблицанын жардамы менен аныктайлы.

Таблицанын үлгүсүн интерактивдүү тактадан же болбосо көрүнүктүү жерге илип коюу сунушталат.

| № | кесип | оң жагы/ артыкчылыктары | терс жагы/ кемчиликтери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Таблицаны толтургандан кийин 5-6 окуучунун жообун укканга мүмкүнчүлүк берилет.

Андан кийин тандап алган 3 кесибиңди төмөнкү таблицага жазып, ар бир критерий боюнча баалагыла. Ар бир кесипке 10 баллдык шкала боюнча 1ден 10го чейин упай коюш керек. 5 мүнөт убакыт берилет.

(Таблицаны ар бир окуучуга алдын ала даярдап алуу керектелет.)

| Кесип | 1ден 10го чейин баа бергиле | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Эмгек рыногунда бул кесипке суроо-талап барбы? | Бул кесипте атаандаштыкка туруштук берүү үчүн менин көндүмдөрүм жана жөндөмүм жетиштүүбү? | Бул кесиптин тобокелчиликтерин жана кемчиликтерин кабыл алууга даярмынбы? | Бул кесип менин жеке кызыкчылыктарыма туура келеби? |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

Таблицаны баардык окуучу толтуруп бүткөнүн байкаган соң:

Койгон упайларды кошуп чыккыла

- *Үч кесиптин ичинен баарынан көбүрөөк упай алган кесип болдубу?*
- *Аз упай алып калган кесип эмне үчүн? Себептери?*
- *Көп упай алган кесипти тандайсыңбы? Ооба же Жок деген жооп болсо Эмне үчүн? - деп окуучулардан сурайт.*

Талкуу аяктагандан кийин убакытты туура пайдаланууга багытталган көнүгүүгө өтөлү.

Кесип тандоо жолунда убакытты туура пайдалануу менен тиешелүү курс, тренинг ж.б.у.с. иш-чараларга катышуу, кесиптик маалыматтарды алуу өтө маанилүү экендигин айтып, «Ооба», «жок» таблицасын толтурууну сунуштайт. (6 мүнөт берилет).

| № | Суроолор | «ооба» | «жок» |
|---|---|---|---|
| 1 | ЖОЖго бюджеттик орунга тапшыруу негизги максатыңбы? | | |
| 2 | Кесип тандоого олуттуу мамиле кыласыңбы? | | |
| 3 | Тандаган кесибиңе дал келген курс же кружокторго барасыңбы? | | |
| 4 | ЖРТга (ОРТ) даярдык көрүп жатасыңбы? | | |
| 5 | Тандаган кесибиң боюнча толук маалымат алдыңбы? | | |

Окуучулар таблицаны толтургандан кийин класс менен суроо аркылуу талкууланат.

- Жыйынтыгын чыгарууда «жок» графасында көбүрөөк белги болгондор болдубу? Эмне үчүн деп ойлойсун?
- Убакытты туура пайдаланууга жана кесипке болгон мамилеңди өзгөртүү керек бекен? Эмне үчүн?
- «Ооба», «Жок» таблицасын толтурууда ойлоруң өзгөрдүбү?

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Кесипти тандоодо жана кесипкөй адис болууга олуттуу мамиле кылуу менен изденүү керек экендигин талкуулашат.

**Үй тапшырмасы:**

Тандаган кесиби, убакытты туура пайдалануу боюнча үй-бүлөсү менен талкуулап келүү.

# 11-КЛАСС

## 11.1. Ички дүйнөнү таанып билебиз

**Сабактын максаты:**

- окуучуларга өзүлөрү абалы жөнүндөгү ой жүгүртүү жөндөмүн калыптандырууну, айланасындагы адамдардын кызыкчылыктары менен баалуулуктарына аяр мамиле кылууга, кастарлоого үйрөтүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- өз абалы, сезим-туюмдары менен бөлүшкөндү, башкалардын абалы менен салыштырганды үйрөнүшөт;
- орчундуу абалы тууралуу айтып бергенди үйрөнүшөт (эмоциялары, физиологиялык абалы, болочоктогу кесиби, жашоонун маани-маңызы ж.б.у.с.);
- негизги компетенттүүлүктөрү калыптанат.

**Эскертүү:** *Эгер араңарда кыйын кырдаалга дуушар болгон окуучулар болсо, алардын көңүлүн көтөрүп, колдоо көрсөткөндү унутпагыла.*

**Сабактын планы:**

| № | Сабактын усулу/баскычы | Убактысы | Каражаттары |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 1 мүнөт | |
| 2 | Чакан лекция | 9 мүнөт | кесип, адистик жана кызмат орду боюнча аныктамалары бар көрсөтмө материалдарды даярдоо |
| 3 | Отургучтар менен көнүгүү аткаруу | 22 мүнөт | 6 ашыкча отургуч, абалдын түрлөрүнүн сүрөтү тартылган барактар |
| 4 | Ой жүгүртүү. Сабакты жыйынтыктоо | 13 мүнөт | Суроолор |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

**Чакан лекция**

1. Адамдын күнүмдүк абалы эмнеден көз каранды деп ойлойсуңар?

Окуучулар маанайынан, ийгиликтерден, мүнөздөн, көйгөйлөрдөн ж.б.у.с. деп жооп бериши мүмкүн. Эгер окуучулар жооп бериштен кыйналса, мугалим жардамдашуусу керек.

2. Адам кишилердин жамааты жок болсо, баарлашып турбаса ийгиликке жете алабы?

**Экинчи суроонун жообун угуп, мугалим чакан лекцияны баштайт.**

Коом - кишилерден, инсандардан турат. Инсан басып, сүйлөп, башкаларды түшүнө билип, алар менен чогуу аракеттенет.

Инсандык – бул кишини негизги айырмалоочу өзгөчөлүгү. Ар бир адам башкалардан өзүнүн кайталангыс инсандыгы менен айырмаланат. Инсандык – бул адамдын кызыкчылыктары, илим-билими менен ойлору. Инсан өзүнө кишинин толгонууларын, адаттары менен шык-жөндөмдөрүн, мүнөз өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Адамдын адаттары менен мүнөзү жөнүндө биз анын иш-аракетинен, жүрүм-турумунан билебиз. Сөздөрү, кеби менен киши өз ойлорун, үмүт-кыялдарын, эмоцияларын, каалоолорун, өзүнүн ички дүйнөсүн туюндурат. Инсандын бардык тарабы бири-бири менен тыгыз байланышкан.

Адамдардын бири-бири менен баарлашканы – турмуштун табигый агымы.

**Келгиле, баарлашуу деген эмне экендиги тууралуу сүйлөшөлү.**

**Баарлашуу** – бул бөлөк кишинин инсанын билип, өзүнүн инсандыгын көрсөтүү жөндөмү. Айланабыздагылар бизди түшүнсүн үчүн туура баарлашканды, өз эмоцияларыбызды/абалыбызды туюндурганды билебизби? Баарлашуунун жүрүшүндө кишилер өз жан дүйнөсүнүн абалына, маанайына жараша ар кандай эмоцияларын, сезимдерин туюндурушат. Баарлашуу көп жагынан жан дүйнөбүздүн абалына жараша болот жана буга төмөнкү факторлор таасир этет:

**Эмоциялар** – булар өзүбүзгө, адамдарга жана алардын кылык-жоругуна, окуяларга, курчап турган табият кубулуштарына карата биздин ички толгонууларыбыздын чагылышы.

Оң (бакыт-таалай, кубаныч, канааттануу, кубанып өрөпкүү) жана терс (кайгы-касирет, үмүтсүздүк, көңүл чөгүү, канааттанбоо) эмоциялар болот.

Эмоцияларды көрсөтүү эрежеси коомдогу жүрүм-турум адебине кирет.

**Маанай** – бул оң же терс эмоцияларды көптөн бери баштан кечирип жаткан адамдын ички абалы.

**Сезимдер** – булар биздин белгилүү кишиге, нерсеге же көрүнүшкө карата баштан кечирген эмоцияларыбыз. Алардын күчү жана туруктуулугу кырдаалдан дагы, убакыттан дагы көз каранды эмес.

**Тынчсыздануу** – тигил же бул кырдаал жакшы же жаман бүтүшү белгисиз, анык эмес жагдайдагы адамдын эмоционалдык абалы.

**Тынчсызданганда биз коркобуз, кыжаалат болобуз, өзүбүздү ишеничсиз сезебиз.**

Бизди кыжаалат кылган кырдаал, киши, нерсе, зат биз үчүн канчалык маанилүү болсо, биздин эмоцияларыбыз ошончолук күчтүү болот.

Тынчсыздануну кантип жеңсе болот? Бекерге тынчсызданып жатканыңды, ага себеп жок экендигин түшүнүүң керек. Мындайда жөн эле кыжаалат болуп жатканыңа, сен аталган көйгөйдү чече аларыңа, мурда бул нерсени жеңгениңе жана эми да жеңе аларыңа ынанышың абзел.

**Тынчсызданууну жеңүү үчүн ал эмнеден пайда болгондугун билиш зарыл.**

Өзүңдү колго алып, өз эмоцияларыңды тескөө өтө маанилүү. Эгер сен өз коркунучуңду жеңе алсаң, анда өзүңө карата ишенич жаралат, чечкиндүү болосуң, өзүңдү алсыз сезбей каласың. Эң негизгиси – баштоо.

**Мүнөз** – инсандын кайталангыс, туруктуу сапаты. Мүнөз инсандын маанилүү өзгөчөлүгү катары биздин жүрүм-турумубузду, ойлорубузду, сезимдерибизди аныктайт.

**Оптимист** – бул жашоодон жалаң жакшылык күткөн киши, дайыма алдыдагы ийгиликтен үмүт үзбөй, жолу болбосо да көп капалана бербеген адам.

**Пессимист** – бул ийгилик болоруна ишенбеген, турмуш качан болсо бизге жагымсыз жагын көрсөтөт деп ойлогон адам.

**Өзүн-өзү таануу** – адамдын өзү, өзүнүн инсаны, мүнөз өзгөчөлүктөрү, адаттары, кызыкчылыктары, жорук-жосундарынын себептери тууралуу ойлоосу.

**Өзүңдү-өзүң таануу** – сен өзүңдү – өзүң, өз жорук-жосундарыңды, мүнөзүңдү, жорук-жосундарыңдын себептерин түшүнүүгө аракет кылуудан башталат.

**Байкоо жана салыштыруу** – өзүн-өзү таануу ыкмасы.

**Өзүнө-өзү баа берүү** – өзүн-өзү баалоо ыкмасы.

**Өзүнө-өзү баа берүү жана баалоо** – бул өзүбүзгө жана башка кишилерге карата мамилебизди аныктоонун негизи.

Киши тууралуу өз пикириңди түзүүгө аракет кыл, бирок биротоло тыянак чыгарууга шашпа (Мага жагат же жакпайт деп).

Адам менен баарлашып жатып, анын инсанын аңдап-билебиз, анын ички дүйнөсү менен таанышабыз.

Өзүбүзгө жана бөлөктөргө болгон мамилебиз аркылуу, тескерисинче, башкалардын бизге жасаган мамилеси аркылуу биз өзүбүздү, кишилердин дүйнөсүн тааныйбыз жана бул жашоодо өз ордубузду табабыз.

Күн сайын мектепте саламдашуу менен биз бири-бирибизге: «Иштер кандай?», «Баары жакшыбы?» деген сыяктуу көнүмүш суроолорду беребиз. Көбүнесе, биздин чыныгы абалыбызды чагылдырбаган көнүмүш жоопторду алабыз. Кээде маанайыбыз жаман болуп турганда жакындарыбыз, айланадагылар жана кесиптештер менен мамилебизди бузуп алышыбыз мүмкүн. Мунун аягы дайым эле жакшы боло бербейт. Бирок өз абалыбызды, өз эмоцияларыбызды кармана албасак, ден соолугубузга терс таасир этүүсү ыктымал.

Азыр кызыктуу бир көнүгүү жүргүзүү аркылуу силердин абалыңар тууралуу айтып берүүгө аракет кылам.

**Көнүгүү:**

**Алдын ала даярдалган каражаттар:** барактарда төмөндө келтирилген сөз айкаштары өз-өзүнчө жазылып, ар биринде сүрөт болууга тийиш (6 абалдын баарынын аталышы берилген, сүрөттөр колдонмого тиркелген).

1. Эмоционалдык абал: эрмек иш, тамашакөйлүк, жеке убакыт
2. Жан дүйнө: жашоонун маани-маңызы
3. Социалдык абал: үй-бүлө, ата-эне, достор
4. Кесип тандоо: келечектеги кесип, сый-урмат, жакшы көргөн жумуш
5. Тулку-бой абалы: тамак-аш, уйку, демдүүлүк
6. Интеллектуалдык абал: мээнин иши

Тактанын жанына алты отургуч бири-бирине тоскоолдук кылбай тургандай кылып жайгаштырылат. Ар бир отургучтун аркасына адамдын ар кандай абалдары жазылган барактар илинет.

Ар бир окуучуну колдоп туруу керек. Көнүгүү учурунда окуучунун үй-бүлөсүнүн социалдык абалы (толук, толук эмес), ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген учурлары же үй-бүлөдөгү турмуштук татаал жагдай эске алынууга тийиш. Көнүгүүнү чынчылдык менен аткаруу керектигин кайталап айтуу зарыл.

**Көнүгүүнүн жүрүшү**

Мугалим окуучулардын көңүлүн алдын ала даярдалган отургучтарга буруп, мындай дейт:

– Балдар, силер адамдын ички абалынын көрүнүшү чагылдырылган 6 отургучту көрүп турасыңар. Мисалы, биринчи отургучтун аркасында: **«Эмоционалдык абал: эрмектеген нерсе, тамашакөйлүк, жеке убакыт»** деп жазылган барак көрүнүп турат. Эгер азыр силер үчүн эрмектеген нерсеңер, жеке убактыңар тууралуу ойлоо орчундуу болсо же кубангыңар келсе, анда ушул отургучка отуруп, бул жөнүндө өз тобуңарга айтып бересиңер.

Экинчи отургучтун аркасында **«Жан дүйнө: жашоонун маани-маңызы»** деген жазуусу бар кагаз илинип турат. Эгер силер ушул учурда жашоонун маани-маңызы тууралуу ойлонуп жатсаңар, анда бул отургучту тандап жана ага отуруп, жан дүйнөңөрдүн абалы жөнүндө айтып бересиңер.

Үчүнчү отургучта **«Социалдык абал: үй-бүлө, ата-эне, достор»** деген жазуусу бар барак турат. Эгер азыр силердин көкүрөгүңөр өзгөчө сезимдерге толуп турса жана силер үй-бүлөңөр, ата-энеңер жана досторуңарды ойлоп жаткан болсоңор, анда бул отургучка отуруп, өз абалыңар жөнүндө айтып бересиңер.

Төртүнчү отургучта **«Кесип тандоо: келечектеги кесип, сый-урматтар, жакшы көргөн жумуш»** деп жазылган. Эгер азыр силерди келечектеги кесибиңер ойлондурса жана ошондой эле силерде аны менен байланышкан сезимдер болсо, сый-урматтар жана каржы маселеси, жакшы көргөн ишиңер кызыктырса, аны тандайсыңар. Ошол абалыңар тууралуу башкаларга айтып бересиңер.

Бешинчи отургучтун аркасында **«Тулку-бой абалы: тамак-аш, уйку, демдүүлүк»** деген жазуусу бар барак илинген. Эгер азыр силерде физиологиялык муктаждыктар (тамак-аш, уйку жана тулку-бойлук жигердүүлүк) артыкчылык кылып жаткан болсо, ушул отургучка отуруп, ошол абалыңар тууралуу айтып бересиңер.

Акыркы, алтынчы отургучта **«Интеллектуалдык абал: мээнин иши»** деген жазууну көрүп турасыңар. Эгер азыр силердин мээңер силерге тынчтык бербей жатса жана силер интеллектуалдык жактан маанайыңар көтөрүңкү болсо, анда өз маанайыңар жөнүндө айтып берүү үчүн ушул отургучка отургула.

Окуучулар бир нече отургучтарды тандап, өздөрүнүн бир канча абалдары менен бөлүшсө болот.

Нускаманы айтып бүткөндөн кийин мугалим мисал катары өзүнүн ички абалы тууралуу – көнүгүү кантип аткарыларын көрсөтүп, айтып берүүгө тийиш. Бардык окуучулар нускаманы түшүнгөнүнө ынанганыңардан кийин гана көнүгүүнү баштагыла.

**Мугалим:**

*«Балдар, азыр ким кандай абалда болуп жатат? Ким кайсы отургучка отуруп, өз маанайы тууралуу айтып бергиси келет?» – деп сурайт.*

Каалоочулар классташтарына өздөрүнүн учурдагы абалы жөнүндө айтып беришет. Окуучуларга түшүнүктүү болсун үчүн жана аларды шыктандыруу максатында алгач мугалим өз абалы тууралуу айтып бериши керек. Эгер каалоочулар көп болсо, анда мугалим алардын ар биринин сүйлөшүнө мүмкүнчүлүк бериши зарыл.

Окуучулар өздөрү каалаган отургучту тандап, өздөрүнүн учурдагы маанайы тууралуу айтып берет. Калгандары аны кунт коюп угуп, анын абалын түшүнүүгө аракет кылат.

Окуучулардын сүйлөгөндөрүнө, эмоциясына жараша көнүгүү канчалык талапка ылайык аткарылгандыгын жардамчылар/ыктыярчылар менен биргеликтер аныктаса болот.

**Көнүгүүнү жыйынтыктоо**

Окуучулар үй мүйүз тартып отуруп, төмөндөгү суроолор боюнча пикир алышат:

1. Силердин ички абалыңар окшошпу?
2. Сабактын жүрүшүндө силер үчүн эмне жаңылык болду?
3. Кимдин маанайы силерди кызыктырды жана эмне үчүн?
4. Силердин алака-катышыңарда өзгөрүү болобу? Эгер болсо, эмне үчүн?

**Ой жүгүртүү/сабакты жыйынтыктоо (10 мүнөт)**

Мугалим сабакты төмөнкү суроолорду талкуулоо менен аяктайт.

– *Классташтардын утурумдук ички абалы тууралуу билүү эмне үчүн маанилүү?*
– *Бул кандай натыйжаларга алып келет?*

Баарлаша, мамиле түзө билүү адамдын күнүмдүк турмушунда эле эмес, анын кесибинде да олуттуу мааниге ээ.

Иш процессин уюштурууда жамааттагы баарлашуунун ролу чоң. Анын майнаптуулугу ишти ынтымак менен уюштуруудан, милдеттерди калыс бөлүштүрүүдөн, өз ара түшүнүшүүдөн жана колдоодон көрүнөт.

**Кызматкерлер ортосундагы баарлашуу** да татаал маселелерди чечүүдөгү жана күтүүсүз пайда болгон кырдаалдардан чыгуудагы эң башкы көмөкчү факторлордун бири болуп эсептелет. Жамаатта жылуу-жумшак мамиле болсо командалык маанайдын жаралышына түрткү берет жана анын ар бир мүчөсү жумуш процессинен ырахат алат.

Ошондуктан командада сапаттуу мамиле түзүүнүн пайда болушуна өбөлгө түзгөн Кунт коюп баарлашуунун эрежелерин тутунуу зарыл.

Ар бирибиз тилектештерди, өнөктөштөрдү, жардамчыларды, кеңешчилерди жана досторду тапса боло турган биримдиги күчтүү жамаатка кошулгубуз келет. Муктаж болгондо жардам алсак, зарыл болгондо көмөк көрсөтсөк дейбиз.

Ушунун баарында майнаптуу баарлашуунун мааниси эбегейсиз чоң. Аталган сунуштамаларды пайдалануу аркылуу силер жумушта зор ийгиликтерге жетишип, жамаатта алгылыктуу мамиле түзө аласыңар.

**Сабакты жыйынтыктоодо төмөнкү суроолордун тегерегинде ой бөлүшүүгө болот:**

- ✓ Өз абалын, эмоцияларын туюндура билүү адамдын коммуникативдик жөндөмдөрүнө таасир этеби?
- ✓ Жамаатта иштеп жатканда баарлашуунун жөндөмдөрүнө ээ болуу маанилүүбү?
- ✓ Жамаатта мамиле түзө билбегендик эмнеге алып келиши ыктымал?
- ✓ Өз кызматкерлеринин абалын сезе билүү жетекчиге жамаатты башкарууда жардам береби?

**Үй тапшырмасы:**

Бул сабактын мисалында өз үй-бүлө мүчөлөрүнүн, жакындарынын жана досторун ички абалын билип келүү тапшырмасы берилет.

# 11.2. Жашоонун балансынын дөңгөлөгү

**Сабактын максаты:**

- ✓ Өз максаттарын туюндуруп, аларга жетүү ыкмаларын табуу жөндөмүн, өзүн-өзү талдоо, өзүн кабылдоо көндүмүн өстүрүү;

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар:**

- ✓ адамдын ийгилик даражасын көрсөтүүгө мүмкүндүк берүүчү «Турмуштун теңдештирүүчү айлампасы» усулу менен таанышат;
- ✓ турмуштун орчундуу жактарынын учурдагы абалын түшүнүүсү жакшырат.

**Сабактын планы:**

| № | Сабактын усулу/баскычы | Убактысы | Каражаттары |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасын жана максаттарын жарыялоо | 2 мүнөт | |
| 2 | Чакан лекция | 8 мүнөт | - айлампа тартылган көрсөтмө курал даярдоо |
| 3 | айлампаны толтуруу боюнча практикалык иш | 25 мүнөт | - окуучулардын саны боюнча айлампанын шаблону, муну окуучулардын дептерине тартса болот |
| 4 | Сабакты жыйынтыктоо | 10 мүнөт | суроолор |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**


**Чакан лекция**

– Балдар, бүгүн мен силерди «Жашоонун балансынын дөңгөлөгү» усулу менен тааныштырам. Бул усул адам турмушунун негизги тармактарынын утурумдук абалына баа берүүгө, көйгөйлүү жактарын көрүүгө мүмкүнчүлүк берип, жакшы жакка өзгөртүү үчүн мыкты таяныч болот.

Быйыл силер мектепти аяктап, ЖОЖго жана башка окуу жайларга тапшырасыңар, андан соң иштейсиңер. Ошондо мындай таянычтар турмуш балансын сактоого жардам берет.

Силер көрүп турган айлана Жашоонун балансынын дөңгөлөгү» чагылдырат. Силер суроолорго жооп induced бересиңер жана аталган айлампанын ар бир огун өзүңөрдүн милдеттерге ылайык келгендей боёп белгилейсиңер.

ЖАШООНУН БАЛАНСЫНЫН ДӨҢГӨЛӨГҮ



Эгер биз өз турмушубузду айлампага салыштырып, жашообуздун бардык тармагын бирдей өнүктүрсөк жана алардын ар бирине көңүл бурсак, анда биз салыштырмалуу бүт тарабы кынтыксыз айлампага ээ болобуз. Ар бир адам балансты (теңдемди) сакташы керек. Мисалы, бирөө өзүнүн бир жагын баарынан көп өнүктүрсө, ал бул тармакта өзүн ыңгайлуу сезиши мүмкүн. Бирок анын жашоосунун бөлөк тарабы бүлгүнгө учурап калышы ыктымал. Айталы, ал иштейт, иши жеңил, акчаны да көп табат, бирок үй-бүлөсүнө көңүл бурбайт. Бул жагынан маселе бар жана баланс (теңдем) бузулган. Мындай кырдаалда айрымдар өнүккөн тармагын дагы да өркүндөткүсү келет, бирок бакытты акчага сатып алууга мүмкүнбү? Мына ошондуктан айлампа кыйшайбасын десек, анда үч бурч же чарчы формада эмес, салыштырмалуу тегерек формасында айланып турушу үчүн турмуштун бардык тармагын тең кармоо зарыл.

**Практикалык көнүгүү**

Көрүнүп тургандай, айлана турмуш тармагынын 8 бөлүгүнө бөлүнгөн: ден соолук жана спорт, достор жана айланадагылар, мамиле жана үй-бүлө, өзүмдү өнүктүрөм, рухийлик жана чыгармачылык, эс алуу, менин тегерегимдегилер. Силердин милдетиңер: 10 упайлык тутумда убакыттын ушул учурундагы тармактардын ар биринин абалына баа берүү (сүрөттөгү ар бир бөлүмгө 2 упай берилет). Мында 1 – кайсы бир бөлүк боюнча такыр канааттанбагандык, 10 – толук канааттануу. Мындай баа берүү субъективдүү, анткени жеке сезим-туюмдарга негизделген. Бирок силер өзүңөрдү алдап, өзүңөр көргүңөр келген упайды койсоңор болбойт.

Эгер окуучуларда тармактар боюнча суроолор пайда болсо, төмөнкү маалыматты пайдалануу менен мисал келтирип түшүндүрсө болот.

**Ден соолук жана спорт.** Ден соолук бактылуу жашоо үчүн негизги тирек болуп эсептелет. Адам ооруп калганда гана ал тууралуу ойлонот. Дабагерлердин пикири боюнча, толук кандуу ден соолугу чың кишилер жокко эсе. Бирок ар бир адам өзүнүн саламаттыгы качан (быйыл же өткөн жылы), кандай болгондугун талдай алат. Бул бөлүктү баалоодо өткөн мезгил менен салыштыруудан тышкары, турмуш жолу менен кара жумушка да көңүл буруусу абзел.

**Достор жана айланадагылар.** Мында адам өзүнө бир катар суроолорду бериши керек. Силер жетиштүү баарлашасыңарбы? Ал канчалык алгылыктуу? Силер өз тегерегиңерден кайсы бир нерсени өзгөрткүңөр келеби?

**Мамиле жана үй-бүлө.** Бул бөлүктө адам ал үй-бүлөсүндө канчалык бактылуу экендигине, үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилесине канааттанарына баа берүүгө тийиш.

**Өзүмдү өстүрөм.** Силердин таалим-тарбияңарды калыптандыруучу билимдер, билгичтиктер, адаттар жана баалуулуктар – силердин жеке ийгилигиңердеги эң орчундуу байлык. Мында алдыңкы келечекте силердин билимиңер менен билгичтигиңердин кору эле бааланбай, а адаттарыңар, өзүңөрдү натыйжалуу өстүрүү жөндөмүңөр да бааланат. Өзүн өстүрүүгө умтулуу – ийгиликтүү кишилердин эң мыкты адаты, бирок өзүн өстүрүү ар кандай сапатта болот. Кээ бирөөлөр үчүн бул – күн сайын кандайдыр жаңы нерсени билүүгө куштарлануу, ал эми башка бирөөлөр үчүн – ар бир жаңы билим менен билгичтик мурдагы кадамдарды аягына чыгарып, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачуу. Кимдир-бирөө өзүнө шарт түзүп алган жана анын өзүн-өзү өстүрүүсү оңой жана ийгиликтүү жүрүүдө, бул үчүн керектүү тааныштарды тапкан, пайдалуу сабактар менен тренингдерге барат. Ал эми экинчи бирөө али мындай мүмкүнчүлүктөрдү таба элек, же издеген да жок. Силер өзүңөрдү өстүрүүнүн майнаптуулугун кандай баалайсыңар? Бул силердин турмуштук максаттарыңарга түрткү болобу?

**Чыгармачылык. Жашоонун жаркындыгы.** Бул бөлүк жумуштан бош убактысында адам эмне менен алектенет, өз эс алуусун канчалык кызыктуу өткөрөт жана андан кандай эмоцияларды алат – ушуга жооп берет. Эгер силерде оң эмоция алган кандайдыр бир кызыккан же эрмектеген нерсеңер бар болсо, бул бөлүктөгү баа берүү жогору болот. Буга ар кандай саякаттоолор, велосипед, сноуборд, лыжа тебүү, табият койнунда эс алуу ж.б.у.с. кирет.

**Рухийлик жана чыгармачылык.** Ашкере жеке жана көп кырдуу бөлүк. Астрология, эзотерика, нумерология, мифология ж.б.у.с. кызыгып, жашоонун маани-маңызы жана аалам сырлары тууралуу суроолорго жооп издеп, дайыма чыгармачылык изденүүдө жүргөн адамдар бар. Эгер силер өзүңөргө ушундай суроолорду берип жүрсөңөр, демек, силер рухий өсүш жолундасыңар. Андай эмес болсо, бул жөнүндө ойлонуп көрсөңөр болот. Чыгармачыл ишмердикке сүрөт тартуу, ырдоо, музыкалык аспаптарда ойноо, бий, поэзия – ички «Менди» өстүрүүчү нерселердин баары кирет.

**Эс алуу. Эс алуу** – бул биздин күч-кубатыбызды ордуна келтирген иш. Ар ким ар кандай эс алат: кимдир бирөө алма дарагынын астында китеп окуп жатып эс алса, а башкасы футбол аянтында чуркап эс алат. Биз ар түрдүүбүз, бирок өз көңүл ачуулары менен эс алуу сапатын ар ким калыс баалай алат. Эгер сиздин кесиптешиңиз дем алыш күнү шайдоот кетип, ал эми биринчи күнү араң жан келип: «Жигиттер, өзүмө келишим керек... Биз укмуш эс алдык! Бир-эки күнгө чейин мен ишке жарабайм!» десе, анын убакытты мындай өткөргөнүн эс алуу деп баалоого болобу? Ал эс алганбы? Кыязы, бул эс алуу болгон эмес. Тагыраагы, бул – өмүрдү бекерге сарптоо, ден соолукка залака келтирип, күч-кубаттан ажыроо. Силер өзүңөрдүн абалыңарды кандай баалайсыңар, адатта силер эс алган болосуңарбы? Силер өз абалыңарга канчалык тыкыр көңүл бурасыңар, канчалык сапаттуу эс аласыңар?

**Менин айланамда эмне бар?** Силер үстөлдүн жанында отурганда силердин алдыңарда үстөлдүн мейкиндиги болот. Алдыңарда турган нерселер силерге канчалык жагат? Үстөл ыңгайлуубу, майда-чүйдөгө толгон эмеспи, жарыкпы? Силердин үстөл кир, какыр-чикирге толгон, ыңгайсыз болушу мүмкүн, же колдор өздөрү эле тартылып, иштегиңерди эле келтирип, силерди кубандырып турушу ыктымал. Андан ары силердин бөлмө, батир, силердин жумуш кабинетиңер... Силер ушул мейкиндикте жашайсыңар – алар силерге жагабы? Силер турган үй силердин көңүлүңөргө төп келеби? Ал дал силерге керектүүбү? Анын көрүнүшү кандай, кандай жайгашкан, анда силерге керектүүнүн баары барбы? Силер аны суктанып карайсыңарбы? Силер күн сайын өтүп жүргөн босого көңүлүңөргө толук толобу? Силер жашаган жана силердин балдар жашай турган шаар – дал ошол силер жашагыңар келген шаарбы? Өлкөнү туура тандап алганыңарга ишенесиңерби? Ошентип, силер айланаңарда эмне бар экендигин карап көрдүңөр: булар силерге канчалык керектүү, **силердин максатыңарга** канчалык дал келет?

**Өз баанарды айлампанын огуна сызып жазгыла.**

**Тапшырма**


– Эсиңерге салып кетейин, силер өз бааңарды азыр каралып жаткан турмуш тармагын чектеген эки жанаша окторго коёсуңар. Эми силер ар бир бөлүктү боёп чыгасыңар. Бул үчүн түстүү калемдерди тандап алгыла.

Адам өзүнүн «Жашоонун балансынын дөңгөлөгү» менен кантип иштөө керек? Келгиле, төмөнкү критерийлер боюнча талдайлы:

1. Боёлгон жердин четтери канчалык тегиз болсо, ал ошончолук айлампага окшош. Башкача айтканда, коюлган упайлардын бир кылкалыгы эске алынат. Келтирилген мисалда (2-сүр.) айлампа кыйшык чыкты, анткени бөлүктөрдүн маанилеринин амплитудасы чоң (эң чоң мааниси - 9, эң кичинеси – 1).

2. Алынган айлампанын диаметри канчалык чоң болсо, жашоого канааттануу даражасы ошончолук жогору.

Эгер силердин айлампаңар тегиз, кооз, бирок кичинекей болсо, силер жашоо кемесинде жай, бейкапар, уйгу-туйгусуз сүзөсүңөр. Балким, бул силер үчүн ыңгайлуу.



Баары жаман болуп турса, көөдөндө: «Тагдырым ушундай экен да!» дегендей кандайдыр көңүлкоштук пайда болот. Бирок ушул жамандыктын жалпы фонунда кокус кайсы бир окто «Жакшы, мыкты, керемет!» жарк этип, ташың өйдө кулап, акча табылып, мамилең жакшыра баштаса, анда мурдагы деңгээл дароо аңга айланат. Жашоодогу мындай секириктен кийин аңга кайра кулоо абдан оор. Силер өз турмуш айлампаңарды айлантканда негизги октор боюнча жогору, күчтүү көрсөткүчтөр болуп, бирок кайсы бир пункт боюнча чуңкур болсо, ар бир айланган сайын ушул жерде силер катуу жапа чегесиңер.

Алынган фигураны карагыла. Бир же бир нече турмуш тармагын өзгөртүп жана 1-2 бирдикке жогорулатып, силер өз фигураңарды «сүйрөп», айлампанын формасына жакын формага келтире аларыңарды аныктагыла. Жакынкы мезгилдерде (айларда) жашоону шайкештирүү максатында турмуш тармагынын аталган жактарына силер өз күч-аракетиңерди багыттоого тийишсиңер *(Вариант катары: эми бөлүктөрдүн ар бирине турмуш тармагын теңештирүү үчүн жакынкы мезгилде аткарса боло турган максаттар менен милдеттерди ойлоп таап, жазуу шарт (биз силер менен буга чейин өткөн СМАРТ формуласын пайдаланса болот).*

Толтурулгандан кийин мугалим 5-7 окуучуну өз жумуштарын тааныштырууга чакырса болот.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор (практикалык көнүгүүнү жыйынтыктоо):**

**Өзүңөрдүн турмуш айлампаңарды карап көргүлө:**

- Кайсы тармактары түшүп кетип жатат?
- Аталган тармактардагы өз канааттанууларыңарды силер кантип көтөрө аласыңар?
- Бул үчүн дал ушул учурда кандай аракет жасай аласыңар?
- Теңдештирүүчү айлампаңар боюнча маал-маалы менен талдоо жүргүзүп туруу керек деп ойлойсуңарбы?

**Сабакты жыйынтыктоо**

Бул усул менен ойдогудай, бир кылка «Жашоонун балансынын көнүгүүсү» жетүү мүмкүн эмес, анткени кайсы биринин ордун толтуруу мыйзамы бар: бир тармакта жетишкениң менен, бөлөк жагынан чоң ийгилик жаратуу кыйын. Алсак, кызматтык өсүшкө эркек же аял көп күч-аракетин жумшаганы менен, үй-бүлө курууну көңүл сыртында калтырышы мүмкүн, же буга таптакыр эле убактысы жетишпейт. Муну айтып жатканыбыздын себеби: төгөрөгү төп келген тегиз айлампага жетүү иш жүзүндө мүмкүн эмес. Кандай болбосун турмуштун кайсы тармагына артыкчылык бериле берет жана бул дайым эле аң-сезимдүү түрдө болбойт.

Турмуш айлампасынын окторунун саны алардын аталышындай эле (адамдын кызыкчылыктарына жараша) ар кандай болушу мүмкүн. Кишилер турмуш айлампасынын сүрөтүн өздөрүнүн орчундуу турмуштук милдеттерин эске алып тартуусу үчүн, көбүнесе, алардын тандоосуна ар түрдүү окторду сунуш кылган оң. Бүтүндүккө ар тараптуулуктун эсебинен жетишүүгө болот.

Эгер силер зор ийгиликтерге жетип, ошол эле маалда өзүңөрдү бүтүн жана бардык тарабы шайкеш келген инсан катары сезгиңер келсе, турмуштун бардык тармагы боюнча өсүүгө аракет кылуу зарыл.

**Сабакты жыйынтыктоо үчүн суроолор:**

Айлампаны толтуруу пайдалуу болдубу? Эмне үчүн?


Бүгүнкү сабактан силер өзүңөргө кандай тыянактарды чыгардыңар?

**Үй тапшырмасы катары төмөнкүлөр берилет:**

Айлампаны үй-бүлө мүчөлөрү менен кайрадан толуктап толтуруп келүү.

**Эскертүү кагазга чыгаруу үчүн тиркеме/формасын окуучуларга мугалим берүүсү зарыл.**

## ЖАШООНУН БАЛАНСЫНЫН ДӨҢГӨЛӨГҮ




# 11.3. Үзгүлтүксүз билим алуу

**Сабактын максаты:**

- Окуучулар заманбап дүйнөдө адамдар өз билим жана жөндөмдүүлүктөрүн ар дайым жакшыртып турuусу керектигин билишет.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- Үзгүлтүксүз билим жөнүндө маалымат алышат;
- Үзгүлтүксүз билим алуунун маанилүүлүгүн терең түшүнүү менен ийгиликке жетерин билишет;
- Үзгүлтүксүз билим алуунун принциптери боюнча маалымат алышат;
- Кесипкөй адис кандай болорун билишет;
- Өзүн-өзү тынымсыз өркүндөтүп турууга багыт алышат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу ыкмалар/усулдар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2. | Мугалимдин түшүндүрмөсү | 6 мүнөт | |
| 3 | Талкуу | 5 мүнөт | |
| 3. | Топтордо иштөө | 10 мүнөт | Таблица, ватман, маркер |
| 4 | Топтор иштерин презентациялашат | 8 мүнөт | |
| 6 | Конкретүү кесиптин үзгүлтүксүз билим алган жана формалдык билим ээсин салыштыруу | 8 мүнөт | Пирамида |
| 7 | Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:

1. Үзгүлтүксүз билим алуу – бул эмне?
2. Эмне үчүн үзгүлтүксүз билим алуу керек?

Окуучулардын жоопторунан кийин мугалим толуктоо кылат.

**1-слайд**

Билим жана маалымат өзүнүн актуалдуулугун жоготуу касиетине ээ дегенди түшүндүрөт. Үзгүлтүксүз билим алуу – бул коомдук жана профессионалдык чөйрөдө актуалдуу болуу максатында ар дайым өзүнүн билим жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, жаңылоо, ар дайым өзгөрүүлөрдөн кабардар болуу деген ойду туюндурат.

**2-слайд**

**Үзгүлтүксүз билим алуунун принциптери:**

**Формалдык билим алуу** (орто же жогорку окуу жайды аяктаганы тууралуу диплом алуу)

**Формалдык эмес билим** (расмий таанылган документтерди алгандыгы менен байланышы жок. Мисалы тренинг, мастер класстар ж.б)

**Өзүн-өзү окутуу** – бул үй-бүлө жана жумушка байланыштуу ишмердүүлүк үчүн билим жана жөндөмдүүлүктөрдү үйрөнүү. Ар бир күндүн тажрыйбасынан алынган баалуулуктарды үйрөнүү.

**3-слайд**

Адам жашоосунда профессионалдык жөндөмдүүлүктөрдү гана эмес жашоо үчүн маанилүү, керектүү, кызыктуу нерселерди ар дайым үйрөнүп, жакшыртып туруусу зарыл.

**Мисалы:** Блогер же журналист болгуң келсе, өзүңдүн максатына жетүү үчүн мектептен эмне кылса болот? Мектептен эле өзүңдү журналист катары коомдук ар түрдүү актуалдуу маселелерди, окуучулардын жашоосу, мектептеги кызыктуу окуялар тууралуу макалаларды жазып, социалдык тармактарга жарыялаcа болот. Чыныгы адис болбогондуктан баштапкы убакта кыйынчылыктар болуп жатса, мугалимдерден жардам сурап, же болбосо, кеңешчи таап алуу керек.

**4-слайд**

Ал эми үзгүлтүксүз профессионалдык билим кошумча тренинг, ар түрдүү акысыз курстардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, өз билимин жана жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу зарыл.

**5-слайд**

Атактуу жана ийгиликтүү адамдар билимге ар кандай жолдор менен ээ болуп, алар билимин практика жүзүндө колдонууну токтоткон эмес. Мисалы: Азиядагы эн бай адам Жек Ма 12 жашында англис тилин үйрөнүүсү керек экендигин түшүнгөн. Аны үйрөнүү үчүн татаал, ординардуу эмес, бирок өтө эффективдүү жолду тандаган. Ал сегиз жыл бою ар күнү эртен менен велосипед менен өзүнүн үйүнө жакын мейманканага барып, чет элдиктер менен сүйлөшүп келип турган. Ошону менен бирге, радио аркылуу англис тилиндеги программаларды угуп, өз максатына тезирээк жетүүгө аракет кылган.

**Мугалимдин түшүндүрмөсүнөп кийин окуучуларга:**

- *Үзгүлтүксүз билим алуунун принциптерин мурун билчү белен?*
- *Үзгүлтүксүз билим алуунун маанилүүлүгүн далилде?*
- *Маалымат сен үчүн кызыктуу болдубу? деген суроолорду берип талкуулайт.*

**Топтордо иштөө**

Талкуудан кийин окуучуларды үч топко бөлүп, топторго таблицаны толтуруу тапшырмасы берилет. Таблицада үзгүлтүксүз билим алган кесипкөй инсан менен формалдык билим алган инсандын айрымачылыгы жана окшоштугун жазышат.

Мугалимге эскертүү: Таблицанын үлгүсүн интерактивдүү тактадан көрсөтүү же көрүнүктүү жерге илип коюу. Топторду ватманга иштетүү

| Үзгүлтүксүз билим алган кесипкөй инсан | Окшоштугу | Формалдык билим алган инсан |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Топтор бет ачар жасаган сон, мугалим өзүнүн толуктоосун көрсөтүп коюу сунушталат.

| Үзгүлтүксүз билим алган кесипкөй инсан | Окшоштугу | Формалдык билим алган инсан |
|---|---|---|
| Креативдүү | ЖОЖдо окуган | өзгөрүүнү каалабайт |
| Коммуникабелдүү | Кесип ээлери | изденбейт |
| Өзгөрүүгө ар дайым даяр | | үйрөнүүгө аракет кылбайт |
| Заманбап билим алуунун жолдорун билет | | |

Мугалим 2 пирамидадагы маалыматтарды интерактивдүү тактадан көрсөтүп же болбосо көрүнүктүү жерге илип коет.

**Окуучулардан:**

- Пирамидалардын айрымачылыгы эмнеде?
- Кайсы пирамида сага жакты? Эмне үчүн?
- Кесипкөй адис кайсы пирамидага тиешелүү?
- Эки пирамидадагы көндүмдөрдү талкулоо менен талкуу жүргүзөт.?







**Сабакты жыйынтыктоо:**

Азыркы учурда үзгүлтүксүз билим алуу өтө маанилүү, формалдык билим менен чектелип калуу мүмкүн эмес. Өнүгүү үчүн көптөгөн тандоо жана мүмкүнчүлүктөр бар. Жеке жана профессионалдык өнүгүүдө, жөндөмдүүлүктөрдү жакшыртууда ар кандай курстарга, тренингдерге катышсаңар болот. Өзүңөрдүн сүйүктүү жумушуңарга барып, кызыктуу адамдар менен жолугуп, өз ой жүгүртүүңөрдү позитивдүү жакка өзгөртүүгө мүмкүнчүлүктөрүнөрдү пайдалануу манилүү.

**Үй тапшырмасы:**

Билим алуу жөнүндө гана сөз кылдык, дагы кайсыл тармактарда өзүбүздү үзгүлтүксүз өнүктүрүп барсак болот? Ошол жөнүндө ойлонуп келгиле.

# 11.4. Менин чечимим

**Сабактын максаты:**

- ✓ Окуучулар алган билиминин негизинде кесип тандоодо тиешелүү чечимдерди чыгарышат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ Адамдын сөлөкөтү таблицасын колдонуу менен өзүнүн чечимин чыгарат;
- ✓ Кесибин, максатын конкреттештирет;
- ✓ Кесип тандоого болгон иш аракетин жакшыртат.

**Сабактын планы:**

| № | Колдонулуучу ыкмалар/усулдар | Убакыт | Керектелүүчү каражаттар: |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мүнөт | |
| 2. | Менин чечимим (адамдын сөлөкөтү аркылуу чечимин чыгарат) | 25 мүнөт | Адамдын сөлөкөтү тартылган барак |
| 3. | Талкуу | 15 мүнөт | |
| 4. | Сабакты жыйынтыктоо | 2 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |


**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим окуучуларга төмөнкү адамдын сөлөкөтү менен өздөрүнүн чечимин чыгарганга аракет кылууларын өтүнөт:

- жүрөгүнө – окуучу тандаган кесибин жазат;
- башына – койгон максатын жазат;
- оң кол тарабына – шык-жөндөмү, таланты, сапаты тандап алган кесибине байланыштуу;
- сол кол тарабына – иш-билгилиги/компетенциясы, көндүмү тандап алган кесибине байланыштуу;
- буттарына – кесипкөй адис болуу үчүн окуучунун жүргүзгөн иш-аракеттери. Мисалы: ЖРТга олуттуу даярдануу, курска баруу, убакытты туура пайдалануу, билим алуу, өзүн-өзү өнүктүрүү.

**Эскертүү:**

Бул адам кагазга чыгарылып ар бир окуучуга өз алдынча толтуруу үчүн таратылып берет.




Окуучулар чечимге келип тандаган кесибин, койгон максатын аныктап алгандан кийин, өздөрүндө калыптанган иш-билгилик/компетенциясын, сапатын, шык-жөндөмүн жана кызыкчылыгын жазышат. Максатына жетүү үчүн аракеттерин толтурушат.

– Балдар адамчаны шашпай, өзүңөрдүн кызыкчылыктарыңарды, өзгөчөлүктөрүңөрдү эске алып көңүл буруп толтургула.

**Мугалим окуучуларга:**

«Чыгарган чечиминерге канааттандыңарбы?»

«Чечим чыгаруу кыйын болдубу?»

«Кандай кыйынчылык, тоскоолдуктар болду?» деген суроолор менен кайрылып талкуу жүргүзүшөт.

Окуучулардан кабыл алган чечимдери менен бөлүшүүнү каалоочулар болсо, классташтарына айтып берсе болот деп 3-4 окуучуну сурайт.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

- ✓ Сабактан эмне чечим чыгардың?
- ✓ Кайсы жагына кошумча киргизиң келип атат?
- ✓ Балким максатына жетуу үчүн конкреттештиресиңби?

**Үй тапшырма:**

Бүгүнкү сабактан чыгарган чечимиңди ата-эненер менен талкуулап, тандаган кесибиңди ата-энеңе маалымда.

# АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН САБАКТАР

Ата-энелер үчүн сабактарды февраль айында, класстык сааттардын эсебинен окуучулар үчүн кесиптик багыт берүү багытында сабактарды өтүп жаткан мезгилде өтүү пландалууда.

*Ата-энелер үчүн сабактарды өтүүгө олуттуу маани берип, алдын ала тыкыр даярдануу зарыл. Анткени ата-энелер арасында 5-класста окуучунун кесиби тууралуу маселени көтөрүү али эрте дегендер болушу мүмкүн. Ата-энелерге биринчи сабакта балага анын кызыкчылыктарын, шык-жөндөмү менен мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен кесип тандоодо алардын жардамы (көрсөтмөсү же таңуулоосу эмес) абдан маанилүү экендигин айтуу шарт.*

*Мугалим биринчи сабакта кесиптик багыт берүү маселесине илимий көз караштан мамиле кылууну сунуш кыла тургандыгын белгилеши абзел. Кайсы кесип балага ылайык келери аныкталат. Кесиптик багыт берүү процесси – бул акырындык менен кесип тандоо жоопкерчилигин баланын өзүнө өткөрүп берүү. Бул албетте, аныктап-тактап, «Болду, ушул кесип сага ылайык» деп айтуу эмес. Бала кесиптер тууралуу ар тараптуу маалымат алганы маанилүү. Кесиптик багыт берүү – бул дароо кабыл алынчу чечим эмес, ал көп мезгилге созулуучу процесс. Баланын шык-жөндөмүн аныктоого кошумча кесиптерди караштыруу жардам берет. Мектепке чейинки жана кенже мектеп жашында кесиптер тууралуу угуп, кызыктуусун издей берсе болот – буга убакыт жетиштүү. Эң башкысы, баланын каалоосун уга билүү керек, мында ата-эненин ролу өтө чоң.*

*Ата-энелердин көбүрөөк катышуусун камсыз кылуу жана алар бул маселеге олуттуу мамиле кылып, чогулушка/сабакка келүүсүн уюштуруу үчүн мугалим чакыруу кат жазса болот.*

# 5.5. Баланын өзүн таанып өнүгүүсү жана кесиптер

**Сабактын максаты:**

- ✓ Баланын өзүн таанып билүү аркылуу өнүгүүсүн түшүнүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Окуучулар**

- ✓ процессти баштан өткөрүү менен жыйынтыкка келишет;
- ✓ өзүн таанып билүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
- ✓ башкаларды таанып билишет;
- ✓ балдарынын өзүн таанып билүүсү аркылуу кесиптер тууралуу багыт беришет.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган флипчарт же проектор |
| 2 | Мээ чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | «Бири-бирин таанып билүү шкаласы» |
| 3 | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 8 мүнөт | Проектор, флипчарт, түстүү маркерлер |
| 4 | Ой жүгүртүү.Презентация | 25 мүнөт | |
| 5 | Кайтарым байланыш.Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | «Бири-бирин таанып билүү шкаласы» |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Коноктор менен саламдашып, орундуктардан орун алышын сунуштаңыз. Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштыруу.

**Нускама:**

Коноктор орундуктарга жайгашкан соң, аларга төмөнкүдөй суроо менен кайрылуу сунушталат.

– Сиздер бири-бириңиздерди канчалык деңгээлде жакшы билесиздер. Албетте, буга

чейин ата-энелер чогулуштарында, иш-чараларда ж.б. жерлерде жолугушуп, бири-бириңиздер менен мамиле түзүшүңүздөр мүмкүн. Ошондой болсо да (алдын ала даярдап, баарына көрүнөө жерге илип койгон «Бири-бирин таанып билүү шкаласы») бул шкалага көңүл бурсаңыздар.

**0__10___20___30___40____50___60____70____80____90___100%**

Мында 0дөн 100%га чейинки деңгээлдер көрсөтүлгөн. Сиздерге азыр кызыл түстөгү быйтыкчалар (смайликтер) таркатылат. Баарыңыздар бири-бириңиздерди канчалык деңгээлде таанып билесиздер. Толук таанып-билүүнү 100% деп алсак, башка ата-энелерди божомолдуу канча % билесиз? «Бири-бирин таанып билүү шкаласынын» тиешелүү жерине жабыштырып коюуңуздарды суранам. *(Алдын ала даярдап койгон кызыл түстөгү жабышма быйтыкчалар ар бир конокко бирден таратылат. Алар башкаларды канча пайыз билем десе, ошол жерге жабыштырышат Эскертүү: шартты баары түшүнгөндөй болсун). Ата-энелер «Бири-бирин таанып билүү шкаласына» быйтыкчаларды жабыштырышып, тегерек формада коюлган орундуктарга отурушат.*

– Урматтуу коноктор, эми бири-бирибиз менен кененирээк таанышып алалы. Ал үчүн атыңызды айтып, кимдин ата-энеси же жакын адамы экендигиңизди айтыңыз. Башкалар эстеп калганга аракет жасаңыздар. Мисалы:

– - Менин атым – Сыргак. Аярдын атасымын.
– - Менин атым – Сайкал. Мединанын апасымын.
– - Менин атым – Апал. Алинурдун апасымын.

Таанышуу процесси аяктагандан кийин, ушул топтогулардын бири-бирин дагы да тереңирээк билүүсү үчүн «Кол көтөрүү» көнүгүүсү сунушталат.

**Нускама:**

– Урматтуу ата-энелер, мен азыр бир нече сүйлөмдөрдү айтамын. Сүйлөмдөргө тиешелүү адамдар оң колун бийик көтөрүп коюшат. Мисалы, «30 жашка чейинкилер» деп айтсам, жашы 30га чейинкилер оң колун бийик көтөрүшөт. «40 жашка чейинкилер» десем, жашы 40га чейинкилер оң колун бийик көтөрүшөт *(Нускама баарына түшүнүктүү болсун. Түшүнгөндүктөрүн билүү үчүн 2-3 катышуучудан нускаманы кайталап берүүсүн сурасаңыз болот)*. Бул негизги маселе эмес, негизгиси, кимдер кол көтөргөнүн, ата-энени же анын ордун басуучуну, кимдер кимдерге окшош, кимдер кимдерге окшош эмес, айырмасы бар экенин баарыңыздар эстеп калууңуздар керек. Эстеп калуу үчүн тактоочу суроолорду берип, комментарийлерди жасасаңыздар болот *(Нускама ар бир катышуучуга түшүнүктүү болгондон кийин гана көнүгүүнү баштаңыз)*.

**Ырастоочу сүйлөмдөр:**

- 30 жашка чейинкилер;
- 40га чейинкилер;
- 50гө чейинкилер;
- 50дөн жогоркулар;
- үйү мектепке 1км чейинкилер;

- үйү мектептен 1кмден алыстар;
- 3 балалуулар;
- 5 балалуулар;
- 5 баладан ашык балалуулар;
- баласынын эмнеге кызыгарын билгендер;
- баласынын 10 сапатын айта ала тургандар;
- баласы эмнелерди жактырбай тургандыгын атап берүүчүлөр;
- баласына жардам берүүгө чолосу тийбегендер;
- баласынын сапаттарына карап келечектеги кесибин божомолдоп айтып берчүлөр;
- эс алуу күндөрүн үй-бүлөсү менен дайыма бирге өткөрчүлөр;
- учурда балдары кандай канцтоварларга муктаждыгын билгендер;
- балдары менен терең баарлашкандар.

**Эскертүү:** Коноктордун бири-бирин жакшы таануусу жана маалыматтарды эс тутумунда узак мөөнөткө эстеп калуулары кажет. Ал үчүн, көнүгүүнү токтотуп, конкреттүү суроолорду алгач мугалим берип, анан катышуучуларды баарлашууга тартуу максатка ылайыктуу. Мисалы, жаш боюнча «30га чейинкилер» деген суроодон кийин конкреттүү инсанга кайрылып, «тактап алсак болобу, сиздин жашыңыз так канчада?» деген суроону бериңиз. Албетте, жооп берүү эркин болсун. Каалабаса, жооп бербей деле койсо болот. Жооп бергендерди колдоону унутпаңыз. «Сиз жаш ата же апа турбайсызбы. Куттуктайм. Абдан жакшы, балдар өмүрлүү болсун» деген сыяктуу колдоолор көрсөтүлсүн. Баарлашууну жагымдуу абалга айлантууга, психологиялык жакшы маанай түзүүгө, физикалык чөйрөнү шайкеш пайдаланууга, колдоо көрсөтүүлөргө күч жумшаңыз.

Баарлашуу жакшы жолго коюлгандан кийин коноктордон темадан четтеп кеткен суроолор күтүлөт. Андай учурда мазмундан четтебөөнү эскертүү керек. Ар бир багыт боюнча берилген суроолорду эске бекем сактап калуучу кырдаалдарды түзүү шарт. *(Ырастоочу суроолорду шартка жараша бир аз өзгөртүүгө, мугалимдин каалоосу боюнча кошумча суроолорду киргизүүгө болот).*

Көнүгүүгө бөлүнгөн убакыт аяктагандан кийин, төмөнкү суроолордун негизинде рефлексия жүргүзүлөт:

- Бири-бириңиздерди билүүдө кандай жаңы маалыматтарды алдыңыздар?
- Өзүңүзгө окшош инсанды таба алдыңызбы?
- Сизге окшобогондор бар бекен?

Суроолор талкуулангандан кийин, төмөнкү суроо менен көнүгүү жыйынтыкталат:

- Мындай көнүгүүлөр баланын өзүн жана башкаларды таанып өнүгүүсүнө кандай таасир этет?

Талкуу аяктаганда конокторду 4 кичи топко бөлүштүрөт. Алар класстык бөлмөнүн төрт бурч тарабына айлана формасында отурушат.



**Нускама:**

– Урматтуу коноктор, бул сабакка чейин балдарыңыздар менен өзүн-өзү өнүктүрүү жана кесиптик багыт берүү боюнча 4 сабак өткөнбүз. Ар бир сабактан кийин, балким, билсеңиздер керек, үй тапшырмасын бергенбиз. Азыр ошол үй тапшырмасынын үлгүсүн ар бир топко бирден беребиз *(алдын ала даярдап койгон таркатмалар таркатылат).*

**1-топко:**

- Манжадагы сапаттар боюнча үй-бүлө мүчөлөрү менен пикирлешип, алардын оюн уккула. Бирге жашаган үй- бүлө мүчөлөрүнүн сапаттары дарагын толтургула. Ар бир бутакка бирден адамдын атын, майда шактарына алардын билген сапаттарын жазгыла. Бутактын саны жетпесе кошумчалап тартуу керек. Кандай сапаттар басымдуу экен?

**2-топко**

Өзү каалаган адамга жагымдуу сезим тартуулоо, процессти эстеп калып, сабакта айтып берүү тапшырмасы берилет.

**3-топко: Төмөнкү таблицаны толтур. Ойлон. Кандай чечимге келдиң?**




**4-топко:**

- Үйдөгү улуу адамдардын (ата-эне, чоң ата-чоң эне, байке-эже ж.б.) кесибине кандай сапаттары ийгилик алып келгендиги тууралуу маектешкиле.

Сиздер тапшырманын мүнөзүн өз тобуңуздарда талкуулап, төмөнкү суроолор боюнча баарлашыңыздар *(суроолор көрүнөө жерге илинип же проектордон чагылып турат)*:

- Мындай тапшырмалар баланын өнүгүүсүнө кандай таасир берет?
- Кесиптер боюнча түшүнүгүнүн кеңейишинин мааниси канчалык?

Баарлашууга берилген убакыт аяктаган соң, конокторду кайрадан бир чоң тегерек формасында отуруусун суранат.

Суроолор боюнча баарлашууну ийгиликтүү жүргүзгөндүктөрүнө ыраазычылык билдирет. Конокторго сабак тегерек стол формасында уланарын айтат. Ал үчүн жогоруда берилген суроолорду мугалим окугандан кийин кол көтөрүп, өз ойлорун эркин айтуусуна жетишүү керек. Мугалим модератор катары жооптордун кайталанбашына көңүл буруп, ар бир кол көтөргөн инсанга өз убагында сөз берип, эң негизгиси, мазмунду ачууга конокторго дем берип, кубаттап туруусу керек. Суроолордун ортосундагы логикалык байланышты системалуу улантуу менен тегерек столду аягына чыгарат.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Сабак төмөнкү суроо менен жыйынтыкталат:**

- ✓ Балдардын өзүн-өзү таанып өнүгүүсү, аларга кесиптик тарбия берүү боюнча эмнелерди айткыңыз келет?

Коноктор пикирлерин айткан соң, алардын колуна жашыл түстөгү жабышма быйтыкчалар таркатылат. Баарын орундарынан туруусун суранып, мындай дейт:

– Сабак башталганда «Бири-бирин таанып билүү шкаласын» бири-бири канчалык деңгээлде таанып билгендериңиздер боюнча толтурган элеңиздер. Эми ошол шкалага кайра барыңыздар. Сабактын аягында канчалык деңгээлде бири-бириңиздерди тааный алдыңыздар? Өзүңүздөр аныктаган жерге быйтыкчаларды жайгаштырыңыздар.

Мугалим процесс аяктагандан кийин каалоочулардан быйтыкчаларды эмне үчүн башка тарапка жабыштыргандыгы тууралуу айтып берүүсүн суранат.

**Үй тапшырмасы:**

Ар бир ата-эне өз балдарына көңүл бөлүп, аларга дайыма жардам берип жүрүүсү сунушталат.

# 6.5. Баланын өнүгүүсүндөгү өзүн таануунун мааниси. Адистиктер боюнча калыптанып калган стереотиптер

**Сабактын максаты:**

- ✓ Баланын өнүгүүсүндөгү өзүн таануунун маанисин түшүнүшөт.
- ✓ Адистиктер боюнча калыптанып калган стереотиптер боюнча көз караштары өзгөрөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Ата-энелер**

- ✓ өзүн өзү таануу кандай болорун түшүнүшөт;
- ✓ өзүн жана башкаларды таануунун жашоодогу маанисин билишет;
- ✓ кесиптер боюнча калыптанып калган түшүнүктөрдүн чын-төгүнүн ажыратышат;
- ✓ стереотиптер боюнча өз көз караштарын билдиришет;
- ✓ кесиптик тарбия берүүдө балдарынын жөндөмдүүлүктөрүн эске алууга аракеттенишет.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган флипчарт же проектор |
| 2. | Мээ чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | • А4 форматындагы жашыл барактардын узунунан экиге кесилген кесиндилерине жазылган категориялар, ошондой эле сары барактарга жазылган мүнөздөмөлөр (мисалдар төмөн жакта иштелмеде көрсөтүлгөн) |
| 3. | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 8 мүнөт | • А4 форматындагы жашыл барактардын узунунан экиге кесилген кесиндилерине жазылган категориялар, ошондой эле сары барактарга жазылган мүнөздөмөлөр (мисалдар төмөн жакта иштелмеде көрсөтүлгөн) |
| 4. | Ой жүгүртүү.Презентация | 25 мүнөт | |
| 5. | Кайтарым байланыш. Сабакты жыйынтыкто | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим сабакты уюштурат:

Коноктор менен жылуу маанайда саламдашып, тегерек формада жайгаштырылган орундуктардан орун алышын сунуштайт. Балдарынын келечегине, жашоосуна, өсүүсүнө, тарбиясына көңүл кош карабай, сабакка келгендиктери үчүн ыраазычылык билдирет. Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырып, суроолор болсо жооп берет.

**Нускама:**

*– Урматтуу коноктор, сабагыбыздын биринчи максаты катары «Баланын өнүгүүсүндөгү өзүн таануунун маанисин түшүнүшөт» деп белгиледик. Ата-эне катары алгач биз, өзүбүз өзүбүздү жана ушул жерде отурган ата-энелерди канчалык деңгээлде билебиз деген суроого жооп алуубуз өтө маанилүү. Андыктан, бул суроого төмөнкү көнүгүүнү аткаруу аркылуу жооп табууга аракеттенели. Сиздер менен аткарылуучу көнүгүүнүн нускамасына көңүл буруңуздар.*

**Мугалим отургучун четке жылдырып коюп, нускама берет.**

Урматтуу ата-энелер, мен «Күн ... жарык тиет» деген фразага ырастоолорду кошуп туруп айтамын. Ал ырастоолор кимдерге дал келсе, орундуктарынан туруп, орун алмашышат. Мисалы, «Күн балдары менен күн сайын баарлашкандарга жарык тиет» деп айтсам, балдары менен күн сайын баарлашкандар орун алмаштырышат. «Күн аялдарга жарык тиет» десем, аялдар орундарынан турушуп, башка бошогон орундуктарга отуруусу керек. Көнүгүүнүн негизги максаты орун алмашууда эмес, ата-энелер кайсы сапаттары менен кимдерге окшош жана кимдерден айырмаланып тургандыгын билүүдө. Орун алмашып жаткандар – окшош сапаты барлар, отургандар – алардан айырмаланып тургандар. Нускама баарыңыздарга түшүнүктүү болдубу?

**Эскертүү:** Нускаманы канчалык өздөштүргөнүн, эмнелерге көңүл буруу керектигин билүү үчүн 2-3 ата-энеден кайталап берүүсүн өтүнүңүз.

**Нускаманы толук түшүнгөндөн кийин сабак башталат:**

1. «Күн балдары менен күн сайын баарлашкандарга жарык тиет».

Андан кийин мугалим экинчи ырастоону окуп берет:

2. «Күн балдарынын хоббисин айтып бере ала тургандарга жарык тиет».

Көнүгүү ушинтип улана берет. Орун алмашкан ата-энелерге мезгил-мезгили менен кайрылып, эмне үчүн алмашып жатканын сурап турса болот. Булар ар кандай пикирлерди угууга жана көнүгүүнү кызыктуу кылууга мүмкүнчүлүк берет.

**Кошумча ырастоолор:**

1. «Күн уктаганды жакшы көргөн балдардын ата-энелерине жарык тиет».
2. «Күн кунт коюп уга аламын дегендердин ата-энелерине жарык тиет».
3. «Күн балдарынын талантын билгендерге жарык тиет».
4. «Күн балдарынын сапаттарын бирге талкуулагандарга жарык тиет».
5. «Күн көпчүлүктүн алдында сүйлөгөндөн уялгандардын жакындарына жарык тиет».
6. «Күн башкалар менен тез эле тил табышып кете алуучулардын жакындарына жарык тиет».
7. «Күн кесипти балдары менен чогуу талдагандарга жарык тиет».
8. «Күн балдары кружокторго барган балдардын ата-энелерине жарык тиет».

9. «Күн көпчүлүктүн арасында жүрүүнү жактыргандардын туугандарына жарык тиет».

Жогорку ырастоолор боюнча көнүгүү аткарылат. Кайрадан тегерек формада отуруп, төмөнкү суроолор боюнча талкуу жүргүзүлөт:

- Сабак өзүн өзү жана башкаларды таанууда канчалык жардам берди? Эмне үчүн?
- Өзүн өзү таануу ийгиликтүү болууга канчалык таасир этет?
- Көнүгүүдөн кийин Сиз балаңызды жетишерлик деңгээлде биле аламын деп айта аласызбы? Ооба/Жок болсо эмне үчүн?
- Баланын өзүн-өзү билүүсүнүн, таануусунун келечектеги кесиби менен канчалык деңгээлде байланышы бар деп ойлойсуз?
- Көнүгүүнүн, талкуулардын уулуңуздун/кызыңыздын кесип тандоосу үчүн мааниси тууралуу айтып бере аласызбы?

Жыйынтык сөздөр айтылып бүткөндөн кийин «Стереотип» деген сөздү кандай түшүнөрү суралат. Ата-энелердин ал сөз боюнча пикирлери тактайга идеялардын тизмеси катары жазылат. Тактайга идеялар жазылган соң, ал сөздөрдү пайдаланып «Стереотип» түшүнүгүнө кандайча аныктама берсе болорун сурайт. Аныктамалар айтылып бүткөн соң, катышуучуларга бул теманы өркүндөтүү үчүн кезектеги көнүгүүнү сунуштайт.

– Менин колумдагы жашыл барактарда категориялар жазылган, ал эми сары барактарга алардын мүнөздөмөсү жазылган. Буларды полго аралаштырып жаямын (категорияларды жана алардын мүнөздөмөлөрү жазылган барактарды аралаштырып полго жайыңыз). Сиздердин милдетиңиздер: алардын маанилери боюнча талкуулап, фразаларды түзөсүздөр.

Тапшырма түшүнүктүү болгон соң, көнүгүүнү баштайт. Ата-энелерге «жардам берип» категорияларга дал келүүчү стереотип түшүнүктөрдөн фраза курууга байкатпай көмөктөшөт. Негизинен төмөнкүдөй фразалар түзүлөт.

Жүк ташуучу айдоочулардын бардыгы – кир.

Программисттердин баары – көп акча табышат.

Котормочулар – саякаттап жүрүшөт.

Юристтер – тың жашайт.

Мугалимдердин – маянасы аз.

Соодагерлер алдашат.

Куруучулар – жумушу оор.

Бардык гаишниктер – паракорлор.

Тапшырма аткарылгандан кийин фразаларды окуу, алынган жыйынтыктарды талкуулоо башталат.

- Фразаларды түзүүдө келишпестиктер болдубу? Бир пикирге келүү оңой эле болдубу? Эмне үчүн?
- Ырастоолор реалдуулукка канчалык деңгээлде дал келет? Андай болбой калышы мүмкүнбү? Мисал келтириңиз.
- Турмушта жогоркудай кесип ээлерине туш болбосоңуз, эмнелерге негизденип мүнөздөмө берип жаттыңыз?

- Эгер туш болсоңуз, топтогулардын баары ушундай мүнөздөмөгө ээ деп айтууга болобу?

Талкуу учурунда стереотип ойлор топтор үчүн мүнөздүү эмес экендигине, алар кээ бир гана жалпыланган түшүнүк экендигине басым жасоо керек. Ар бир адам уникалдуу, андыктан стереотиптер турмуш чындыгына дал келбейт деген жыйынтыкка келүү маанилүү.

Андан кийин мугалим стереотиптер жазылган фразаларды стереотип түшүнүгү болбогондой кылып кандайча түзүүгө болорун сунуштайт. Мында түшүнүктөрдү жайгаштыруунун эң туура жолу – кесиптерди ортого, ал эми мүнөздөмөлөрдү алардын айланасына ромашка гүлүндөй формада жайгаштыруу болуп саналат. Мында жыйынтыктарды, сөзсүз, талкуулоо керек. Мындай кайра бөлүштүрүүнүн негизги себеби – ар кандай кесиптин ээлери болгон адамдар түрдүү мүнөздөмөлөргө ээ. Бир кесипке тиешелүү стереотип болуусу мүмкүн эместиги жогоруда белгиленди. Көнүгүү төмөнкү суроолор менен жыйынтыкталат.

- Тапшырманы аткаруу татаал болдубу? Эмне үчүн?
- Чыныгы турмушта стереотиптер адамдар же топтор арасындагы мамилеге кандай тасирин тийгизет?
- Балдарыңыздардын кесип тандоосунда кесиптер тууралуу стереотиптерге кандай карачу элеңиз?
- Өзүн таануунун мааниси (күчтүү, алсыз сапаттарын билүүсү, баарлашуу маданиятынын болушу, максат коё билүүсү ж.б.), кесиптик стереотиптер тууралуу сабактан кийин балаңыздын кесип тандоосуна көмөктөшүүдө Сизде кандай өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Эмне үчүн?
- Сабактан кандай жыйынтык чыгардыңыз?

*Мугалим ата-энелерге аткарган жумуш үчүн ыраазычылык билдирет.*

**Үй тапшырмасы:**

Кесиптер жөнүндөгү стереотиптер туура эмес экендигин балдары менен талкуулоо сунушталат.

# 7.5. Баланын кызыгуулары

**Сабактын максаты:**

- ✓ Балдардын өткөөл учурдагы абалын, кызыгууларын, аларга көмөктөшүүнүн маанилерин билишет.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Ата-энелер**

- ✓ өткөөл учур эмне экенин билишет;
- ✓ бул учурдагы кызыгууларды аңдашат;
- ✓ кызыгуулар менен кесиптин ортосундагы байланышты аныкташат;
- ✓ өткөөл учур мезгилинде балдарына кызыгуулары жана кесипти тандоо боюнча көмөк берүүнүн жолдорун талкуулашат.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган флипчарт же проектор |
| 2. | Мээ чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | Өткөөл учурду сүрөттөгөн сүрөт |
| 3. | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 8 мүнөт | Топтордо иштөө үчүн тапшырмалар жазылган барактар (тапшырмалар колдонмодо жазылды) |
| 4. | Ой жүгүртүү. Презентация | 25 мүнөт | Флипчарт, түрдүү түстөгү маркерлер, түстүү барактар, скотч. Учурдагы өспүрүмдөрдүн кызыгууларын чагылдырган слайддар |
| 5. | Кайтарым байланыш. Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим ата-энелер менен жылуу учурашып, тегерек формада жайгаштырылган орундуктарга отурууну сунуштайт. Баары ыңгайлуу орун алгандыгына ынанган соң, сабактын темасы, максаты, милдеттери менен тааныштырып талкуулайт, суроолор болсо жооп берет. Андан соң проектордон же кагазга түшүрүлгөн төмөнкү сүрөттү көрсөтөт.




Бул кайсы куракка дал келген сүрөт? Эмне үчүн антип ойлойсуз? деген суроонун тегерегинде талкуу жүргүзүлөт. Андан соң, төмөнкү ырастоону окуп берип, анын маанисин комментарийлөөлөрүн суранат. Бул ырастоо баарына көрүнө турган жерде илинип турсун.

**Адам баласынын жашоосунда эң оор курак бул – өткөөл курак. Бул учурда балдар өздөрүн чоң кишидей алып жүрүүнү каалашат ошол эле учурда жаш бала да болуп кетишет. Балдар дагы бул мезгилде толук кандуу улуу киши эмес же жаш бала эмес болуп, физиологиялык жактан дагы өзгөрүүлөргө туш келгендиктен, стресске туш болушат.**

(https://kyrgyzmedia.kg/2021/01/13/psihologdon-ke-esh-tk-l-kuraktagy-bala-menen-kantip-til-tabyshuu-kerek/

«Стресс» деген сөздүн маанисине көңүл бурууну унутпоо керек. Бул сөздүн мааниси тууралуу ойлордон кийин, ата-энелерди 3 топко бөлүштүрөт. Ар бир топ бирден партаны тегеректеп отурганы оң.

**1-топко тапшырма:** Өткөөл учурдагы мезгилиңизди эстеңиз? Төмөнкүдөй кырдаалдарда кандай кыйынчылыктарга туш болгонсуз?

- Жыныстык жана психологиялык жактан жетилүүнүн учуру.

Талкуула, кыйынчылыктарды белгилеңиздер. Кыйынчылыктан чыгууга көмөк болгонбу же жокпу? Болсо ким тарабынан? Кандайча?

**2-топко тапшырма:** Өткөөл учурдагы мезгилиңизди эстеңиз? Төмөнкүдөй кырдаалдарда кандай кыйынчылыктарга туш болгонсуз?

- Жан дүйнөңүздө, кызыгууларыңызда өзгөрүүлөр пайда болуп жаткан учур.

Талкуулап, кыйынчылыктарды белгилеңиздер. Кыйынчылыктан чыгууга көмөк болгонбу же жокпу? Болсо ким тарабынан? Кандайча?

**3-топко тапшырма:** Өткөөл учурдагы мезгилиңизди эстеңиз? Төмөнкүдөй кырдаалдарда кандай кыйынчылыктарга туш болгонсуз?

- «Мен эми чоңойдум» деген сезимиңизди билдирүү учурлары.

Талкуулап, кыйынчылыктарды белгилеңиздер. Кыйынчылыктан чыгууга көмөк болгонбу же жокпу? Болсо ким тарабынан? Кандайча?

Топто иштөөдө ата-энелердин ачык болуусу маанилүү. Топтун презентацияларын эркин формада, чыгармачылык менен көрсөтүү сунушталат. Талкууга презентацияга даярданууга берилген убакыт аяктаган соң, ата-энелер кайрадан орундуктарга тегерек формада отурушат. Ар бир топ өз ойлорун айтып жатканда кунт коюп угуу керектиги, суроо берүү, комментарийлөө, эске түшкөн окуяларын айтуу жана талкуулар презентациядан кийин болуусу эскертилет. Талкууда ата-энелердин башынан өткөн кыйынчылыктар балдарында болбош үчүн, аларга мындай учурда кандай жардам берүү керектиги өзгөчө талкууланат.

Мугалим талкуудан кийин учурдагы өспүрүмдөрдүн кызыгуулары жөнүндө кыскача баяндама жасайт:

- Өспүрүм мезгил – жыныстык жана психологиялык жактан жетилүүнүн оор учуру. Баланын жан дүйнөсүндө, кызыгууларында өзгөчөлүктөр пайда болуп, өзүн-өзү аңдоодо олуттуу өзгөрүүлөр болгон убак. Ошол өзгөрүүлөр аркылуу өспүрүм өзүнүн «чоңойдум» деген сезимин билдирүүгө, чоңоюунун «эркиндигине» чыгууга аракеттенет.

Бул учурда ата-энесинин милдети – алардын ишине тоскоолдук кылбастан, өспүрүмдүн кызыгуусунун пайдалуу же зыяндуу деңгээлин баалоо болуп саналат. Анын ишине эгерде, ал кызыгуусуна ашыкча көз каранды болуп, ошондон улам окуусун да, теңтуштары менен баарлашуусун да таштап жатса, же болбосо, кызыгуусуна кумарлануусу өтө артып, кызыктай өзгөрүүлөр пайда болуп жатса, аралашууга болот.

Жашына карабастан, бардыгына кызыктуу болгон нерсе – теңтуштары менен баарлашуу. Адам баарлашуусуз жашай албайт. Бирок өспүрүм кезде теңтуштары, ошондой эле топтук баарлашуулар бир топ башкача мүнөзгө ээ болот.

Бала турмуштук тажрыйбасы толук калыптанбай жатып теңтуштары жана досторунан түшүнүшүүнү, өздөрүнүн ой пикирлери менен бөлүшүүнү, жаңы тааныштарды издейт.

Өспүрүмдөр өздөрүн башка адамдар менен бат-баттан эле салыштырып турушат. Өздөрүн татыктуу деп эсептеген деңгээлден төмөн баалашса, абдан тынчсызданышат. Башкаларга салыштырбастан, сындабастан, «оңдобостон», өздөрү кандай болсо, ошондой кабыл алган адамдарды издешет.

Социалдык тармактардын жана интернеттин жардамында азыркы өспүрүмдөр баарлашуу муктаждыгын бат эле камсыздап алышат.

**1-слайд**

**Электроника жана техникаларга кызыгуу.** Кээ бирине мото-авто техника кызыктуу болсо, кээлери компьютерлерди жыйноону жана оңдоону жактырат. Техникалык прогресстин жетишкендиктери өспүрүм кыздарды да өзүнө тартты. Азыр дээрлик ар бир өспүрүм планшетке, компьютер жана смартфонго ээ. Бул гаджеттерди пайдалануу процессинде алар белгилүү деңгээлде билимге жана көндүмдөргө ээ болушат.

**2-слайд**

**Спорттун ар кандай түрүнө кызыгуу.** Спорт өсүп келе жаткан организмге зыянын тийгизбейт. Андыктан, өспүрүмдүн спорттун кайсыл бир түрүнө кызыгуусун колдоо керек.

**3-слайд**

**Окууга болгон кызыгуу** – кийинки учурларда окууга болгон кызыгуунун арткандыгы байкалууда. Мунун себеби, түрдүү тематикадагы китептерди окуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Электрондук китептердин ар түрдүүлүгү да аларды кызыктырып жаткандай. Китеп окуу – өспүрүмдөр үчүн абадан пайдалуу жумуш. Бирок, алар күндөлүк режимин абдан так пайдалануусу маанилүү. Сүйүктүү хоббисине, дене мүчөсүнүн активдүүлүгүнө, пайдалуу жумуштарга да убакыт бөлүүнү унутпагандай болсун.

**4-слайд**

**Сырткы көрүнүшүнө көңүл буруу** – карама-каршы жыныстагыларга кызыгуусунун артышы буга негизги себептерден болот. Кыздар балдарга жагууга аракеттенишсе, балдар кыздарды таасирлентүү үчүн аракеттенишет. Кыздар косметикага көңүл бура башташса, балдар булчуңдарын чыңдоого, саркеч жана стилдүү жаңылыктарга кызыгуусу арта баштайт..

**5-слайд**

**Бий** – өзүн өзү көрсөтүү жана көңүл ачуунун жолу катары өспүрүмдөрдү кызыктырат. Алар бий менен профессионалдуу түрдө машыгышпаса да, клубдарга, дискотекаларга барышат. Бийди баарлашуу, музыка угуу менен айкалыштырышат.

**6-слайд**

**Сериалдар жана түрдүү көркөм фильмдер** – интернеттин жардамында түрдүү сериалдарды, кинофильмдерди көрүү бүгүнкү күндө күч алууда. Бир эле учурда сериалдардын баарын жүктөп алып көрүүгө болот. Өспүрүмдөр үчүн аларга көп убакыт коротуу пайда алып келбейт.

**7-слайд**

Бүгүнкү күндө гаджеттин жардамында тарткан же тартылган сүрөттөрүн теңтуштары менен бөлүшүп баарлашышат. Мындан сырткары да өспүрүмдөрдүн кызыгуулары абдан көп.

**Эскертүү**: Слайддар тиешелүү сүрөттөр менен коолдолуусу шарт

Слайддарды демонстрациялап бүтүп, ата-энелерден азыркы учурда өспүрүмдөр дагы эмнелерге кызыгып жатышканын суроо менен сабакты улантуу керек. Алар өз ойлорун айтып бүтүшкөндөн кийин, төмөнкү суроолордун негизинде баарлашуу жүргүзүлөт:

- Сиздин балдарыңыз учурда эмнелерге кызыгууда?
- Кызыгуулары чектен ашып кеткен жокпу? Эмне үчүн антип ойлойсуз?
- Балаңыздын кызыгууларын келечектеги кесибинин башталышы катары кароого болобу? Эмне үчүн?
- Кызыгууларды кесип менен кандай байланыштырса болот?
- Учурда уул-кызыңызга кызыгуулары жана кесип тандоосу боюнча кандай көмөк көрсөтө аласыз?

**Сабакты жыйынтыктоо**

Төмөнкү суроолордун тегерегинде ой бөлүшүү менен сабак жыйынтыкталат:

- Бүгүнкү сабактан кандай жыйынтык чыгардыңыз?
- Сабак башталарда айтылган максат, милдеттерге жеттик деп ойлойсузбу? Эмне үчүн?

**Үй тапшырмасы**

Ар бир ата-энеге өз баласынын кызыгууларын аныктап, ал аркылуу кесипке туура багыт берүүгө көмөктөшүү тапшырмасы берилет.

# 8.5. Кунт коюп угуу. Кесиптерге таандык иш билгиликтер

**Сабактын максаты:**

- Кунт коюп угууга маани берип, аны кесиптерге таандык иш билгиликтер менен байланыштырышат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Ата-энелер**

- кунт коюп уккан\кунт коюп укпаган учурларды ажыратышат;
- кунт коюп угуу жана укпоо кандай натыйжаларга алып келерин талдашат;
- кесиптерге таандык иш билгиликтердин маанисин өркүндөтүшөт;
- кесипке пайда, зыян берген иш билгиликтерди талдашат;
- кунт коюп угуу менен балдардын кызыгууларын жана келечектеги кесибин байланыштырышат, маанисин түшүнүшөт;
- балдарына көмөк берүүсү артат.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/ сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган флипчарт же проектор |
| 2 | Мээ чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | Кызыл, сары жана жашыл конверттер |
| 3 | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 8 мүнөт | Өзүн өзү таанып билүү жана жеке өнүгүү курсунун сабактары, педагогдор үчүн колдонмо, Бишкек, 2021-ж., колдонмодон алынган сюжеттер |
| 4 | Ой жүгүртүү. Презентация | 25 мүнөт | «Кырдаалдар», «Баалоо» жана «Чечүү» деген сөздөр катылган кызыл, сары жана жашыл конверттер |
| 5 | Кайтарым байланыш. Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим сабакка келген ата-энелерди тосуп алат. Жылуу саламдашкандан кийин, подноско жайылган кызыл, сары жана жашыл конверттердин бирин тандоону сунуштайт. Кандай конверт тандаса, класстагы ошол белги коюлган столго барып отуруусун айтат. Отургучтар алдын ала даярдалып коюлган кызыл, сары жана жашыл желекчелер коюлган столду тегеректеп жайгаштырылат.

Ата-энелерге сабактын темасы, максаты жана милдеттери тааныштырылып, талкууланат. Суроолор болсо жооп берген соң, «Кунт коюп угуу дегенди кандайча түшүнөсүз?» деген суроону берип, ата-энелердин идеяларынын тизмесин түзөт. Бул жумуштан кийин, тандап алган конверттерин ачып, сүйлөмдү өз алдынча окуу сунушталат. Анда топ мүчөлөрү эмне аткаруу керектиги жазылган.

**1-топ – кызыл конверт.** 1-көрүнүштү кунт коюп көрүп, балаңыздын/кызыңыздын кызыгууларына, тандаган болсо, келечектеги кесибине байланышкан ушундай кырдаалдарды эстеп, топ мүчөлөрүнө айтып беришет, талкуулашат.

**2-топ – сары конверт.** 1-көрүнүштү кунт коюп көрүп, кырдаалдагы катышуучуларды сындабастан, алардын иш-аракетине баа бериши керек. Аны топ мүчөлөрүнө айтат жана талкуулашат.

**3-топ – жашыл конверт.** 1-көрүнүштү кунт коюп көрүп, мындай кырдаал кандай натыйжаларга алып келерин ойлонуп, топ мүчөлөрүнө айтып беришет жана талкуулашат.

**1– көрүнүш көрсөтүлөт.** (Өзүн-өзү таанып билүү жана жеке өнүгүү курсунун сабактары, педагогдор үчүн колдонмо, Бишкек, 2021-ж., колдонмосу, 87-беттин шилтемесиндеги 1-көрүнүш.)

Топтордун өз алдынча иштөөсү, талкуулары, презентацияга даярдыгы мугалим тарабынан тыкыр көзөмөлдөнөт. Катышуучулардын маегине аралашып, аларга дем берип турат. Презнтацияга даярданганга, убакыт сөзсүз белгилеп коюу керек.

Бир топ ишин чагылдырып жатканда, башка топтор мазмунду түшүнүп, тиешелүү кырдаалдарды эстеп, суроолор пайда болсо, аны жазып туруусун, башкаларды кунт коюп угуусун эскертет. Презентациялар аяктап, талкуу бүткөндөн кийин, столдорундагы желекчелерди саатын жебеси боюнча алмаштырышат. Топтор үчүн жаңы тапшырмаларды алышат.

**1-топ – кызыл желек. 2-көрүнүштү кунт коюп көрүп, төмөнкү суроолорго жооп беришет.**

- Кунт коюп угуу деген эмне, аныктама бериңиз?
- Кандай шартта бири-бирин кунт коюп угуу болот?
- Кунт коюп угуп жатканда дене мүчөлөрүнүн абалы кандай болуусу керек?
- Кунт коюп угуп жатканда баяндамачы оюн төкпөй-чачпай айтышы үчүн эмне кылуу керек?
- кунт коюп угууда баалоо, сындоо этикага жатабы? Эмне үчүн?

**2-топ – сары желек.** 2-көрүнүштөгү катышуучуларды сындабастан, алардын иш-аракетине баа бериңиздер, талкуулаңыздар.

**3-топ – жашыл желек.** 2-көрүнүштөгү кырдаал эмнелерге алып келет? Эмне үчүн? Оюңуздарды далилдеңиздер.

**2-көрүнүш көрсөтүлөт.** (Өзүн-өзү таанып билүү жана жеке өнүгүү курсунун сабактары, педагогдор үчүн колдонмо, Бишкек, 2021-ж., колдонмосу, 87-беттин шилтемесиндеги 2-көрүнүш.)

Топтордун өз алдынча иштөөсү, талкуулары, презентацияга даярдыгы мугалим тарабынан тыкыр көзөмөлдөнөт. Катышуучулардын маегине аралашып, аларга дем берип туруу зарыл. Презентацияга даярданганга, убакыт белгилеп коет. Бир топ ишин чагылдырып жатканда, башка топтогулар мазмунду түшүнүп, суроолор пайда болсо, аны жазып турсун, башкаларды кунт коюп угуусун эскертет. Презентациянын негизиндеги суроо-жооп, талкууну жыйынтыктап, ата-энелерди ортоңку аянтка чыгышын суранат.

– Урматтуу ата-энелер, сабагыбыз үчүн маанилүү болгон «Кесиптер үчүн иш билгиликтер» боюнча баарлашалы. Баарыңыздар түрдүү багыттагы, ар кандай билимди талап кылган, ар түрдүү мезгилде окуп, ээ болгон кесиптин ээсисиздер. Учурда кандай абалда, шартта болбосун, бир кесипти аркалайсыздар. Анда эмесе, төмөнкү белгилер боюнча орундуктарга отуруууңуздарды суранабыз.

1-топ – кызыл желек. Жайгашкан орундуктарга учурда белгилүү себептер менен иштебей жаткандар же эс алуудагылар отурушсун.

2-топ – сары желек. Жайгашкан орундуктарга өз кесибин сүйүп иштеп жаткандар отурушсун.

3-топ – жашыл желек. Жайгашкан орундуктарга, мүмкүнчүлүк болсо, кесибимди өзгөртсөм дегендер отурушсун.

**Топторго тапшырмалар:**

**1-топ – кызыл желек.** Кандай иш билгиликтер (компетенттүүлүктөр) кесипте ийгиликтүү иштөөгө тоскоолдук келтирет? Эмне үчүн?

**2-топ – сары желек.** Кандай иш билгиликтер (компетенттүүлүктөр) кесипте ийгиликтүү иштөөгө мүмкүнчүлүк берет? Эмне үчүн?

**3-топ – жашыл желек**. Кесипти өзгөртүүгө кандай иш билгиликтер (компетенттүүлүктөр) себеп болот? Эмне үчүн?

Топтордун өз алдынча иштөөсү, талкуулары, презентацияга даярдыгы мугалим тарабынан тыкыр көзөмөлдөнөт. Катышуучулардын маегине аралашып, аларга дем берип турууну унутпоо керек. Презентацияга даярданганга убакыт белгилеп коет.

Бир топ ишин чагылдырып жатканда, башка топтогулар мазмунду түшүнүп, суроолор пайда болсо, аны жазып турсун, башкаларды кунт коюп угуусун эскертет. Презентация, суроо-жооп, талкуу, толуктоолорду өткөрөт.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Төмөнкү суроолорду талкуулоо менен сабакты жыйынтыктайт:**

- Балдарыңыздардын кызыгууларында кайсы кесипке багытталган иш билгиликтер калыптанып жатат? Эмне үчүн антип ойлойсуз?
- Алардын кызыгууларын арттыруу, кесипке багыт берүүдө бүгүнкү сабакта кандай ой-пикирлер жаралды?
- Кунт коюп угуунун балдарыңыздардын кызыгуулары, тандаган болсо, келечектеги кесиби тууралуу маектешүүдө канчалык мааниси бар? Эмне үчүн?

**Үйгө тапшырма** катары ар бир ата-эне баласы, жакын адамдары менен кесип тууралуу кунт коюп сүйлөшүү тапшырмасы берилет.

# 9.5. Туура тандалган кесип – ийгиликтүү жашоонун негизи

**Сабактын максаты:**

- ✓ Ата-энелер уул-кыздарынын кесипти туура тандоосуна көмөк көрсөтүшөт.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Ата-энелер:**

- ✓ учурдагы кесибинде ийгиликтүү иштеп жаткандыгынын себептерин айтышат;
- ✓ учурдагы кесибин өзгөртүүсүнүн себептерин аташат;
- ✓ уул-кыздарынын тандап алган кесибинин тууралыгын анализдешет;
- ✓ балдарынын кесипти туура тандоосуна жардам беришет

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу. | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган флипчарт же проектор |
| 2 | Мээ чабуулу. Чакыруу. | 5 мүнөт | |
| 3 | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 8 мүнөт | |
| 4 | Ой жүгүртүү. Презентация | 25 мүнөт | |
| 5 | Кайтарым байланыш. Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим ата-энелер менен жылуу учурашып, сабактын максат-милдеттерин түшүндүрөт. Суроолор болсо жооп берип, тема боюнча толуктоолорду болсо киргизет. Андан соң ата-энелерди темага чакыруу максатында кыска ролик көрүүнү сунуштайт. Ролик көрүп жатып балалык кезин, темага байланыштуу болгон окуяларды эстөөнү эскертип коюу зарыл.

**https://www.youtube.com/watch?vө7OCwXEXO47s** шилтемедеги сюжеттин 1-секундунан 1 мүнөт 36 секундуна чейин көрсөтүлөт.

Роликтен кийин, мугалим бала кезде ким кандай кесип тандаганын каалоочулар кыскача айтып берүүсүн өтүнөт.Андан кийин кесип адам баласынын өмүрүндөгү туура тандалууга тийиш болгон чечимдерден экенин эскертет. Бирок ар түрдүү жагдайларга жараша кесипти туура

тандабай, турмушунда кыйынчылыктарга учурагандар да бар экендигин белгилөө керек.

Класста отургандар ар бири мындай көрүнүштөргө учурашы мүмкүн экендигин айтып, төмөнкү сүйлөмдөрдүн маанилерине жараша аларды 3 топко бөлүп алат.

**1-топ. «Кесибимди туура тандагам. Анткени ...»**

**2-топ. «Учурдагы кесибиме канаатанбайм. Анткени...»**

**3-топ.«Кесибимди өзгөрткөм. Анткени...»**

**4-топ. «Мен атайын окуу жайда окуп адистик алган эмесмин. Анткени...»**

Эгер кайсыл бир топто ата-эне жалгыз болуп калса, мугалим ага шерик болот.

Топтогулар өз ара ойлорун ортого салышып, талкууларды жүргүзүшөт. Мугалим тарабынан берилген убакыт аяктаган соң, тегерете орундуктарга отурушат. Мугалим кезеги менен ар бир топ өкүлдөрүнүн ойлоруна кезек берип, талкуу уюштурат. Каалоочулар суроо беришип, айтылган пикирлерге комментарийлерди берсе болот. Талкуу учурунда кесипти жаңылыш тандап алгандардын себебин ачууга, кесибин өзгөрткүсү келгендердин аргументтерин угууга басым жасоону унутпашы керек. Ал эми өз кесибинен рахат алып, ийгиликтүү жашап жаткандардын себебин ачып берүүнү камсыздап туруу зарыл. Ал эми жагдайы, шартка байланыштуу атайын окуу жайларда окуп адистик албай калгандар балким үй-бүлөнү мыкты түзүп, коомго жардамы тийип жаткандыгы белгиленет. Жогорку пикирлерди флипчартка жазып туруу, сабактын мазмунун арттырат.

Талкуу аягында мугалим ата-энелердин балдарынын көпчүлүгү келечектеги кесиптерин аныктап калганын, ал кесипке ээ болуучу окуу жайларды да аныктаганын айтат. Кимдер өз балдарынын тандоосу туура экендигин билген болсо, ой бөлүшүүсүн сурайт. Каалоочулар өз пикирлерин билдирген соң, кайсы ата-энелер балдарынын тандоосуна макул эместигин билдирсе, анын себебин айтып берүүсүн суранат. Кимдер балдары менен бул тема боюнча баарлашпаса, алардын пикирин каалоолору боюнча угат.

«Учурдагы кесибиме канаатанбайм. Анткени ...», «Кесибимди өзгөртөм. Анткени ...» деген идеялар жазылган флипчартка кайрылып: «Балдарыңыздар ушундай көйгөйлөргө учурабас үчүн, азыр аларга кандай көмөк бере аласыз?» деген суроонун тегерегинде талкуу жүргүзүлөт.

**Сабакты жыйынтыктоо**

Балдарыбыздын тандап алган кесибинен баар таап, өкүнбөй жашагандай болушун каалап, бактылуу кесиптин ээси жөнүндө тартылган социалдык роликти көрүү менен сабак жыйынтыкталат.

**https://24.kg/kyrgyzcha/55005_laquokyirgyizfilmraquo_mugalimderge_arnalgan_sotsialdyik_rolik_tarttyi/ 20 секундадан 3 мүнөт 23 секундга чейин көрсөтүлөт.**

**Үй тапшырмасы катары балдары менен** «Туура тандалган кесип – ийгиликтүү жашоонун негизи» тууралуу баарлашуу берилет.

# 10.5. Кесип тандоо өзгөчөлүктөрү. Максат коюу

**Сабактын максаты:**

- Кесип тандоо өзгөчөлүктөрүн талкуулап, максат коюудагы СМАРТ критерийлердин ролун билишет.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Ата-энелер**

- балалыктагы аткарылбай калган максаттарын талкуулашат, алардын себептерин аныкташат;
- кесип тандоо өзгөчөлүктөрүн талкуулашат, өздөштүрүшөт;
- кесипке ээ болуудагы СМАРТ критерийлерди билишет, колдонушат.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган флипчарт же проектор |
| 2. | Мээ чабуулу.<br>Чакыруу | 5 мүнөт | https://www.youtube.com/watch?vөLRzKRqBIzjY 4 мүнөт 8 секунддан 6 мүнөт 8 секундга чейин. |
| 3. | Түшүнүү.<br>Топтордо иштөө | 8 мүнөт | Маркерлер, А4 форматындагы барактар<br>Эки түстөгү кагаздан жасалган: жашыл, кызыл коопсуз шариктер (бештен он даана)<br>https://ky.wikipedia.org/wiki Кесип деген эмне? |
| 4. | Ой жүгүртүү.<br>Презентация | 25 мүнөт | |
| 5. | Кайтарым байланыш<br>Сабакты жыйынтыктоо | 5 мүнөт | |
| | **Всего** | **45 минут** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим ата-энелер менен жылуу учурашып, сабактын максат-милдеттерин түшүндүрөт. Суроолор болсо жооп берип, тема боюнча толуктоолор болсо киргизет.

Кесип – өмүрүбүздүн үчтөн бирин өткөргөн ишибиз, алектенген нерсебиз. Кесип жөнүндө маалыматка адамзаты акыл парасатын аңдап жатканда эле ээ болот окшойт.

Урматтуу ата-энелер, азыр кенже курактагы балдарыбыздын кесип жөнүндө, аны тандоо боюнча ой-пикирлерин угабыз. Сюжетти көрүп жатып балалык кезиңизди, балалыктагы максат-тилектериңизди эске түшүрүүгө аракеттениңиз.

**https://www.youtube.com/watch?vөLRzKRqBIzjY** 4 мүнөт 8 секунддан 6 мүнөт 8 секундга чейинки сюжет көрсөтөт. Андан соң, төмөнкү суроолордун тегерегинде ой бөлүшүүгө чакырат:

– Бала кезде ким болууну каалайт элеңиз?
– Ишке ашпай калган максаттарыңыз тууралуу себептерин белгилеп айтып берсеңиз?

Талкуу учурунда максаттардын ишке ашпай калган себептерине басым жасоо зарыл.

Талкуудан кийин, мугалим А4 форматындагы барактарды, маркер кошо таркатат. Аны экиге бүктөп бир тарабына учурдагы максатын жазышат (жакын аралыкка же 3-4 жылга коюлган). Максаттарын жазып бүткөн ата-энеге кагазды бир четке коюп туруусун суранат жана бул максаттарга кийинчерээк кайра кайрыларын эскертет.

Мугалим ата-энелердин каалоосу боюнча экөөнү чыгарат да, флипчартка алардын аттарын жазып коет. Жалпы катышуучуларга кайрылат:

– Сиздер менен чогуу бир көнүгүү аткарабыз. Азыр биз бир нерсени үйрөнөбүз.

Адатта, эч ким «эмнени?» деп сурабайт. Жардамчылардын колуна коопсуз шариктерди берип, класстын бир четине 2 урна чакасын коюп коет.

– Азыр биз бир нерсени үйрөнүбүз, – деп айтат кайра.

Кээде катышуучулардан «Эмнени?» деген суроо жаралат. Бул учурда аны кубаттап, кайра «Эмнени үйрөнүшүбүз мүмкүн?» деген суроо менен кайра кызыгууларын арттырат. Ата-энелер түрдүү жоопторду бериши мүмкүн.

**Мугалим оюндун шартын түшүндүрөт:**

– Биздин ыктыярчы эки ата-эне колундагы топторду белгиленген жерден (класстын бир башынан экинчи башына чейинки алыс аралык) тиги көрүнүп турган чакаларга ыргытып түшүрүшү керек. Кимдин канча топ түшүргөнүн таблицага белгилеп турабыз. Кезек менен өз тобуңарды ыргыта баштагыла. Кимдин канча тобу чакага түшкөнүн төмөнкүчө белгилеп турабыз.

| **1- ата-эненин аты** | **2- ата-эненин аты** |
|---|---|
| 1) | 1) |
| 2) | 2) |
| 3) | 3) |

Биринчи аракеттен кийин ким канча топту чакага түшүргөнүн тактайбыз. Аралык алыс болгондуктан, адатта, чакага топторду түшүрө алышпайт. Балким, бирөө жарым түшүп калышы да мүмкүн. Чакадагы топтун саны таблицага жазылып турат. Эмне үчүн топторду чакага толук түшүрө албаган себебин ыктыярчылардан сурайт. Мугалим жоопторду уккан соң, аралыкты бир аз жакындатууга макул болуп, 2-3 метрге чакаларды жылдырып, белги коёт.

Процесс кайталанат.

Экинчи аракеттен кийин ким канча топту чакага түшүргөндүгү такталып, толук түшүрө албаган себептери такталат. Эсеби таблицага белгиленет.

Үчүнчү аракет өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болсун. Ар бири өз күчү жете тургандай жерге барып, ыргытып көрүшөт. Мындай учурда бири-бириңерди карабай, бардык топторду кутуга түшүрө тургандай жерде турса болот. Мындай учурда ыктыярчылар топтордун көбүн чакаларга түшүрүшөт. Алардын саны таблицага жазылып, жалпы жыйынтык белгиленет.

Бул көнүгүүдөн кийин мугалим ыктыярчыларга катышкандыгы үчүн ыраазычылыгын билдирип, аларды өз ордуна отурууну суранат. Мугалим SMART аббревиатурасы жана ар бир тамганын мааниси жазылган даяр флипчартты жайгаштырат. Ата-энелерге ар бир критерийди түшүндүрүп жатканда, кийинчерээк түшүндүрүлө турган критерийлерди кагаз менен жаап койсо болот.

**Мугалим:**

*– Урматтуу ата-энелер, ар бирибиз өз алдыбызга максат коёбуз. Бирок, тилекке каршы, көп адамдар алдына максат так койбостон, ага жетүүгө курулай аракет кылып, убактысын текке кетирип алышат. Ошондон улам максатына жете албай, бул үчүн өзүн же жагдайларды күнөөлөй баштайт. Бирок алдына койгон максатына жетпей калганына көп учурда туура эмес максат койгону себеп болгонун билбейт. Мен азыр сиздерге SMART (СМАРТ) максаттарды коюу ыкмасы тууралуу айтып берем. Бул жерде ар бир тамганын өзүнүн мааниси бар. Сабактын башында мен сиздерге минтип кайрылдым: «Азыр биз бир нерсени үйрөнөбүз. Суроолор барбы?» дедим. Тилекке каршы, көпчүлүктөн суроолор түшкөн жок. Кээ бирлери гана «Эмнени үйрөнөбүз?» деген суроо бериишти.*

*Демек, максатыбыз **конкреттүү, түшүнүктүү** болууга тийиш. Эгерде максатыбызды өтө көп сөздөр же сүйлөмдөр менен белгилеп алсак, түшүнүүгө оор болот. Көнүгүү процессинде максатка жетүү үчүн, «эмнени үйрөнөбүз?» «кантип үйрөнөбүз?» деген суроолор берилбей калгандыктан, эмне кылууну билбей калдык.*

**SMART (СМАРТ) максаттар**

**S – конкреттүү, түшүнүктүү болушу керек**

Ар бир ыктыярчы ыргыткан топтун канчасы чакаларга түшүп жатканын таблицага белгилеп турдук. Эмне үчүн? Муну ким максатка канчалык деңгээлде жетип жатканын аныктап туруу үчүн белгиледик. Демек, алдыга койгон максатыбыз өлчөнө тургандай болушу керек. Чакага түшкөн топтордун саны максатыбыздын канчасына жеткенибизди, дагы канчасы калганын жана ага жетүү үчүн эмнелерге көңүл буруу керектигин билүү үчүн керек болду. Турмуштагы максатыбыз да өлчөнө, ченеле тургандай коюлса, канчасы ишке ашканын, эми эмне кылуу керектиги дайын болуп турат. Бул максатка жетүү үчүн дагы эмнелерди жасоо керектигин айгинелейт.

**M – ченелип, өлчөнө тургандай болуусу шарт.**

Акыркы жолу ыктыярчылар тапшырманы аткаруу үчүн чакага жетүүгө чейинки оптималдуу аралыкты өз алдынча тандашканда, чакага түшкөн топтордун саны көп болду. Демек, алдыга койгон максатыбыз күчүбүз жеткидей жана кызыктуу болууга тийиш. Ага жетишүү үчүн бизде ресурстар болушу керек. Ыктыярчылардын биринчи аракетиндегидей жетүү болгон алыс, күчүбүздү эске албай койгон максатка топторду чакага түшүрө албаган сыяктуу, ал максатка жетүү абдан кыйын, мүмкүн эмес. Күч жетпеген максатты коюунун зарылчылыгы барбы?..

**A – күчүбүз жете тургандай, ишке аша тургандай болушу керек.**

Эки ыктыярчы биринчи аракеттеринде чакага топторду түшүрө алышкан жок, же өтө аз түштү. Себеби алар чакадан өтө алыста турган болчу. Андыктан ар кандай максат реалдуу, чындыкка жакын болууга тийиш. Реалдуу турмуш менен байланышпаган максатка жетүүгө болбойт.

**R – (реалдуу) чындыкка жакын болгону жакшы.**

Максатка жетүү убактысы белгиленбесе, качан ишке ашары белгисиз болот. Белгилүү убакыт аралыгында аткарылууга мүмкүн болгон максаттар гана турмушка ашат. Убакытты эске албаган максаттын ишке ашуусу күмөндүү.

**T – убактысы аныкталган болушу керек.**

SMART (СМАРТ) технологиясы боюнча максат коюу темасын түшүндүрүп жатканда ата-энелер бул ыкманы колдонуунун маңызын түшүнө алышы үчүн мугалим мисалдарды келтире алат. Мисалы:

| Конкреттүүлүк жок | Конкреттүүлүк бар |
|---|---|
| Жогорку билим алуу/ЖОЖго тапшыруу | «Мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуучу» адистигин алуу үчүн IT академияга окууга кирүү |
| Саякаттоо | Жапонияга, Европага, Сингапурга, АКШга ж.б. турист катары баруу |
| Бай болуу (бош түшүнүк) | (…) сумма салынган банк эсебине, кыймылсыз мүлккө (кандай? каерде?) ээ болуу ж.б. |

Мугалим ата-энелерден SMART (СМАРТ) боюнча ар бир максаттын мисалын окуп берип, 5 критерий кайсы жерде жана кантип эске алынганын түшүндүрүп берүүнү өтүнөт. Бул материалды түшүнүшкөнүнө көзү жеткенден кийин, көнүгүүнү төмөнкүчө улантат:

– Урматтуу ата-энелер! Сабактын башында максаттарыңыздар жазылган барактарды кайрадан колуңуздарга алыңыздар. Үйрөнгөн SMART (СМАРТ) критерийлер боюнча карап, беш критерий боюнча талдап чыгыңыздар. Андан соң, SMART (СМАРТ)-критерийлерин эске алуу менен оңдоп чыгыңыздар.

Максаттары SMART (СМАРТ)-критерийлерге шайкеш келгендер такталат. Оңдолуп түзүлгөн максаттар менен ой бөлүшүлөт.


**Сабакты жыйынтыктоо**

- Бул сабак эмнеси менен кызыктуу болду?»
- Жаңы кандай пайдалуу маалыматтарды алдыңыздар?
- Максаттарды коюуда SMART (СМАРТ) технологиясын колдонуунун зарылчылыгы эмнеде?
- Уулуңуздун же кызыңыздын алдыга койгон максатын жогорку критерийлерге салуу зарылбы, эмне үчүн? – деген суроолорду талкуулоо менен сабак жыйынтыкталат.

**Үй тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

- Уулуңуздун же кызыңыздын алдыга койгон максатын жогорку критерийлерге салып, төмөнкү форма менен аткаруу планын биргеликте түзүңүздөр.

- Ар бир айга, жылга иш-аракетиңиздерди СМАРТ критерийлердин негизинде пландаштырыңыздар.



# 11.5. Кесибим – ырыс кешигим

**Сабактын максаты:**

- ✓ Ата-энелер уул-кыздарынын тандап алган кесиби канчалык реалдуу дүйнө менен дал келишин салыштырышат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**Ата-энелер:**

- ✓ уул-кыздарынын тандаган кесиби атаандаштыкка канчалык туруктуулугун анализдешет;
- ✓ тандап алган кесиби боюнча балдары кандай көндүмдөргө ээ болуу керектигин билишет;
- ✓ уул-кыздарынын тандап алган кесиби канчалык реалдуу дүйнө менен дал келишин талкуулашат.

**Эскертүү:** Бул сабакка ар бир ата-эне өз баласынын тандап алган кесибин макулдашып, так аныктап келиши керек.

**Сабактын планы:**

| № | Өтүлүү усулу/ сабактын этаптары | Убактысы | Керектелүүчү каражаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалары менен таанышуу | 2 мүнөт | Сабактын темасы, максаты, күтүлүүчү натыйжалар жазылган флипчарт же проектор |
| 2 | Мээ чабуулу. Чакыруу | 5 мүнөт | https://www.youtube.com/watch?vѳM_lUrpQm2wo 1-секунддан 3 мүнөткө чейин көрсөтүлөт. |
| 3 | Түшүнүү. Топтордо иштөө | 25 мүнөт | Майда топтордо иштөө үчүн жетиштүү көлөмдөгү суроолор жазылган таркатмалар жана аларды салуучу конверттер. Бир чакан топто төрттөн ата-эне болот. Класста 24 окуучу болсо 6 чакан топ болот. Алты конвертке 17 суроо жазылган таркатма салынат. |
| 4 | Ой жүгүртүү. Кайтарым байланыш. Сабакты жыйынтыктоо | 13 мүнөт | |
| | **Жалпы** | **45 мүнөт** | |

**Сабактын жүрүшү:**

Ата-энелер класстык бөлмөдөгү айлана формасында жайгаштырылган отургучтарга отурушат. Парталар керектелбейт. Ата-энелер менен жылуу учурашып, сабактын максат-милдеттерин түшүндүрөт. Айрыкча, уул-кыздарынын тандап алган кесиби канчалык реалдуу дүйнө менен дал келишин талкуулашат деген күтүлүүчү натыйжага басым жасалат. Суроолор болсо жооп берип, тема боюнча толуктоолор болсо киргизет.

Эмне үчүн сабак «Кесибим – ырыс кешигим» деп аталганы тууралуу катышуучулардын пикирлерин уккан соң, кесиптин ээси тууралуу сюжетти көрсөтүлөт.

**https://www.youtube.com/watch?vөM_lUrpQm2wo** 1-секунддан 3 мүнөткө чейин көрсөтүлөт. Талкуу үчүн суроолор берилет:

- Сюжеттин каарманы Индираны кесибинен баар тапкан инсан деп айтууга болобу? Эмне үчүн?
- Анын кесиби реалдуу дүйнө менен канчалык деңгээлде байланышкан? Эмне үчүн?

Суроолор талкууланып бүткөндөн кийин, жаңы темага киришет. Мугалим ата-энелерге кайрылат:

- Урматтуу ата-энелер, бүгүн кызыктуу көнүгүүнү аткарабыз. Бул көнүгүү бизге балдарыбыздын тандап алган кесибин тереңирээк билип, ага башкача көз караш менен карап, ал азыркы заманда канчалык зарыл болгонун түшүнгөнгө жардам берет. Бул үчүн биз чакан топторго бөлүнөбүз. Келгиле, жаныбызда отурган адамдар менен төрттөн болуп майда топторго бөлүнөлү.

Ата-энелерди жакын отургандары боюнча эле төрттөн майда топторго бөлөт. Алардын тегерек болуп отурганы ыңгайлуу. Баарлашып жатышканда бири-бирин даана байкап тургудай шарт түзүү зарыл.

Топтор тегеректи түзүп бүткөндөн кийин, мугалим ар бир тегеректеги ата-энелердин бирине 17 суроодон турган конвертти берет.

**Эскертүү:** Суроолорго баласынын тандап алган кесибин эске алып жооп бериши зарыл. Мугалим ата-энелер тапшырманы так аткарып жатканын көзөмөлдөө үчүн кичи топторго барып, аларды кунт коюп угуусу максатка ылайыктуу. Маек чын дилден жүрүүсүн көңүлгө алуу керек.

**Нускама:**

- Ар бир топтогу ата-энелердин бирине конверт таркаттым. Анда 17 суроо жазылган 17 таркатма бар. Андан бирден гана таркатманы кезек-кезеги менен суурул чыгып, суроону топко окуп берет да, ага өзү жооп берет. Суроого жооп бергенден кийин таркатманы четке коёт. Андан кийин кезекте турган ата-эне конверттен бир таркатманы алып, суроону окуп, ага өзү жооп берет. Ата-энелер кезеги менен бирден суроо алып, ага жооп бере беришет. Көнүгүү карточкалар түгөнгө чейин улана берет.

17 суроого толук жооп берилип бүткөнүн баамдаган соң, конокторду алгачкы отургандай абалда отурууларын сунуштайт. Төмөнкү суроолорду талкуулоо менен кайтарым байланыш жүргүзүлөт:

**Сабак сиздер үчүн пайдалуу болдубу? Эмне үчүн?**

1. Эң кыйын суроо кайсы болду? Эмне үчүн?
2. Кайсы суроого жооп берип жатып, өзүңүздөр үчүн жооп таптыңыздар?

3. Бул сабак кандай максатты көздөдү деп ойлойсуздар?
4. Суроолорго жооп берип жатып, кандай негизги тыянактарды чыгардыңыздар?
5. Араңыздарда балдарыңыздын тандаган кесибине мамилесин өзгөрткөндөр барбы? Эмне үчүн мындай болду?

**Мугалим сабакты жыйынтыктайт:**

- Урматтуу ата-энелер, ошентип биздин сабак да соңуна жетти. Бул сабакта бир топ суроолорго жооп тапкандай болдук: Эмне үчүн балдарыбыз тандап алган кесипке ар тараптан көз чаптыруу өтө маанилүү? Алар тандаган кесиптин кандай кемчиликтери бар? Ал эми тобокелдиктери кандай? Балдарыбыз тандаган кесибинин тобокелчиликтерин жана кемчиликтерин кабыл алууга даярбы? Эмгек рыногунда тандалган кесипке суроо-талап барбы? Тигил же бул кесипти тандап коомго пайда алып келе алышабы? – деген ойлорду талкуулоо менен сабагыбызды жыйынтыктап жатабыз. Бул талкуу аркылуу биз ата-эне катары өз балдарыбыздын келечектеги кесибин туура тандоого жардам беребиз.

**Үй тапшырма:**

Ата-энелерге сабактан чыгарган жыйынтыктар боюнча балдары менен маектешүү, алардын тандап алган кесибинин татыктуу ээси болууга ар тараптан көмөктөшүү тапшырмалары, сунуштары берилет.

**Маанилүү!!!** Эгерде балаңыз кесип тандоодо бир чечимге келе албай жатса, же сиз жактырган кесипти тандабаса, ага сын пикир айтпаңыз, өз оюңузду таңуулабаңыз. Чечимди кызыгууларынын, шык-жөндөмдөрүнүн, реалдуу дүйнө менен байланыштарын ж.б. эске алып өзү чыгаруусуна көмөктөшүңүз.

**Эскертүү:** мугалим таркатмаларды басып чыгарып, кесип чыгышы керек. Ар бир командада суроолор жызылган 17 таркатма болуп, конвертке салынышы керек.

| | |
|---|---|
| Балаңыз тандаган кесип эмгек рыногунда кандай көрүнөт? Аны сүрөттөп бериңизчи. | Тандап алган кесиптин чөйрөсүндө кимди кесипкөй деп эсептейсиз? |
| Туугандарыңар балаңыз тандаган кесип менен акча табууга болот деп ишенишеби? Эмне үчүн ушундай деп эсептешет? | Кандай деп ойлойсуздар, балаңыз тандаган кесипти үй-бүлө мүчөлөрү колдойбу? Эгер андай болбосо, анда аларды ынандыруу үчүн эмне кылыш керек? |
| Сиздер балаңыз тандаган кесибине ма-кулсуздарбы? Аны акылдуу тандоо деп эсептейсиздерби? Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуздар? | Балаңыз тандаган кесибине кандай салым кошуп, коомго кандай пайда келтире алат? |
| Балаңыз кыялданган жумуш өзүңүздөр жашаган чөйрөгө канчалык дал келет? Же башка жакка көчүп кетиш керекпи? Кыял-данган жумуш үчүн башка өлкөгө кетүүгө даярсыздарбы? | Балаңыз кыялындагы кесип менен каерде жана кантип иштей алат? |
| Балаңыз кесибин өзү тандап алдыбы? Же жөн гана бирөөнүн кеңешине кулак төшөдүбү? | Кесип тандоого байланыштуу маанилүү чечим кабыл алууда сиздер үчүн кимдин пикири маанилүү? |
| Силер тандаган кесиптин эң мыкты адиси болуу үчүн эмне кылуу керек? | Силер жашаган өлкөдө, аймакта ушул ке-сипке суроо-талап канчалык жогору? |
| Тандаган кесибиңерде кандай кемчиликтер бар деп ойлойсуздар? Мурда бул тууралуу ойлондуңар беле? | Тандап алган кесип боюнча жумуш таба алам деп ойлойсуздарбы? |
| Тандап алган кесипте сиздерди эмнелер кызыктырып жатат? | Тандап алган кесипте сиздердин кызмат көрсөтүүңүздөр үчүн ким акы төлөйт? |
| Тандап алган кесипте атаандаштыкка ту-руштук берүү үчүн эмнелерди өркүндөтүү керек? Кандай көндүмдөрдү жана билимди өрчүтүү керек? | |

# КОРУТУНДУ

Мектеп окуучуларында кесипти тандоо маселелери боюнча жаңы түшүнүктү калыптандыруу талабы саясатта, экономикада, билим берүүдө жана социалдык турмушта тынбай өзгөрүп турган жагдайлардан улам келип чыгууда. Эмгек рыногунун туруксуз шарттары, коомдогу баалуулуктардын, адеп-ахлактык багыттардын өзгөрүшү, кесиптик багыт берүү маселелерин чечүүдө компетенттүүлүктүн жетишсиздиги адатта мектеп окуучулары үчүн кесип тандоону оор милдетке айландырып жатат.

Мектеп окуучуларынын кесиптик тандоосуна байланыштуу түзүлгөн кырдаал болочок кесипти мүмкүн болушунча эртерээк өз алдынча тандоо зарылдыгын, бул процессте педагогикалык жамаат, ата-энелер жана башка мекемелердин өкүлдөрү максаттуу алгачкы жана ыкчам колдоо көрсөтүшү керектигин ырастап турат.

Кесипти өз алдынча тандоодо жардам берүү жана колдоо көрсөтүү педагогдун ишинин негизги максаты болуп саналат, анын натыйжасында окуучулар педагогдор жана ата-энелер менен биргелешип окутуунун ар бир баскычында келечектеги кесиптин багытын компетенттүү түрдө долбоорлоого даяр болуп калышат.

**Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык кесипти өз алдынча тандоодо колдоо көрсөтүүчү иштин ийгилиги төмөнкүлөр менен камсыз кылынат:**

- инсан катары өнүгүү максаттарынын үстөмдүгүнүн эсебинен кесипке багыт берүү потенциалын жогорулатуу менен;
- окуучулардын субъективдүү турмуштук тажрыйбасына таянуу менен;
- педагогдор менен окуучулардын интерактивдүү диалогдук өз ара аракеттенүү ыкмаларын колдонуу менен, бул ыкмалар социалдашуу, өлкөнүн экономикасынын реалдуу сектору талап кылган кесиптерге багыт алуу процессинде өздөрү жана кесиптин талаптары жөнүндө маалымдуулукту калыптандырууга, билимди салыштырууга жардам берет.

Окуучулардын кесипти өз алдынча тандоосу боюнча ишти уюштуруу – системалуу жана этап-этабы менен ишке ашкан процесс. Бул алардын ийгиликтүү турмуштук жана кесиптик өзүн-өзү аныктоосу менен байланышкан маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык, методикалык жана диагностикалык колдоо каражаттарынын топтомун өздөштүрүүнүн маанилүүлүгүн аныктайт.

# СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Окуучулардын өзүн-өзү таанып билүү жана жеке өнүгүү сабактары. Мугалимдер үчүн колдонмо, толукталып чыккан 2-басылышы / авт.-түзүүчүлөр: Жороев Т., Акылбек кызы Назгүл, Абдраимова А., Маматкулова А.–Б.: 2022. – 172 бет.
2. 9-класста кесипке багыт берүү: Мугалимдер үчүн колдонмо [Текст] / «Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү» программасы. - Бонн жана Эшборн шаарлары, 2018.
3. Иманкулова М., Тезина Н., Темирова Н., Огонбаева Л. Болочок кесипке карай таштал-ган кадамдар. 5-9-класстардын класс жетекчилери үчүн методикалык колдонмо. – Б.: 2022. 132 бет.
4. Орто мектептин окуучуларынын кесиптик багыты. Педагогдор үчүн методикалык колдонмо/түзүүчүлөр: М. Иманкулова, Н.Темирова. –Б.: 2022. – 48 бет..

# МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ТИРКЕМЕ:

***№ 1 тиркеме***

***Сөздүк***

**Инновация** — өндүрүш тутумунун натыйжалуулугун же өнүмдүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны колдонууга негизделген техника, технология, эмгекти уюштуруу же башкаруу тармагындагы жаңылыктар.

**Адамдын сапаттары** – инсандын курчап турган дүйнөгө болгон мамилесин аныктаган оң жана терс сапаттар. Ар бир адамдын мүнөзү ар башка, адамдын жеке сапаттары – маанилүү компоненттер, алардын баарын бириктире келгенде инсандын психологиялык образын көрүүгө болот.

**Адамдык сапаттардын (оң жана бейтарап) мисалдары:** адептүүлүк, тыкандык, достук мамиледе болуу, жардамын аябагандык, боорукерлик, токтоолук, берилгендик, кыйбастык, тактык, ачык-айрымдык, үнөмчүлдүк, жоопкерчиликтүүлүк, өзүнө сын көз менен кароо, чечкиндүүлүк, эр жүрөктүк, эмгекчилдик, сабырдуулук, чынчылдык, ырайымдуулук, өзүнө ишенимдүүлүк, башкаларга сый-урмат менен мамиле кылуу, өзүн сыйлоо сезими, оптимизм, өжөрлүк, чыдамдуулук, ак ниеттүүлүк, баёолук, эстүүлүк, адеп-ахлактуулук, максатка умтулгандык, шайырдык, демилгелүүлүк, дымак, камбылдык, кыялдануучулук, баамчылдык, этияттык, эрудициялуулук.

**Кесип** – өмүрүбүздүн үчтөн бирин өткөргөн ишибиз, алагды болгон нерсебиз. Кесип алуу үчүн мектепти аяктап, атайын окуу жайларда окуйт. Кесипти аркаласаң, жашоо үчүн акча табасың.

**Компетенция** – бул жумушта, окууда жана жашоодо ийгиликке жетүү үчүн зарыл болгон көндүмдөр. Компетенция (латын тилинен которгондо) - адамдын тийиштүү жааттагы билими жана тажрыйбасы.

**Компетенция** – инсандын максаттарды коюу жана ага жетүү үчүн ички жана тышкы ресурстарды натыйжалуу уюштурууга даярдыгы. Ички ресурстар бул – билим, жөндөм, көндүм, предметтин чегинен чыккан көндүмдөр.

**Компетентүүлүк** – адамдын иш-аракеттин предметине карата жеке мамилесин камтыган тиешелүү компетенцияга, анын ичинде тажрыйбасына ээ болушу.

**Коммуникация** – бул маалыматтарды берүү же алмашуу максатында адамдардын же алардын топторунун ортосундагы иштешүүнүн конструктивдүү процесси, баарлашуу.

**Маанай** – акыл менен сезимдин учурдагы абалы. Азыр сүйүнүп турсаң, сенин маанайың жакшы экен.

**Мүнөз** – адамды айырмалоочу белги. Кишинин жүрүш-турушун, кыймыл-аракетин мүнөздөгөн нерсе. Мүнөз ар бир кишинин өзгөчө кыял-жоругу, кайталангыс жеке сапаты болуп эсептелет. Стереотип (грек. стерео -«катуу», типос -«из, калдык») – бул ой жүгүртүүнүн калыптанып калган үлгүсү, көбүнчө турмуш чындыгы менен эч кандай байланышы жок ишеним. Демек, бул сөздүн түз мааниси «ой жүгүртүүнүн катып калган калыбы, мээдеги так» дегенди түшүндүрөт.

**Келечектеги кээ бир кесиптердин тизмеси**

**Урбанист-эколог** – экологиялык биотехнологияга негизделген жаңы шаарлардын долбоорун түзүүчү, курулуш, энергетика жана айлана-чөйрөнүн булганышын көзөмөлдөө тармагындагы адис.

**ГМО-агроном** – айыл чарбасында генетикалык модификацияланган өнүмдөрдү колдонуу боюнча адис; биотехнологиянын жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүү жана керектүү касиеттери бар продукцияларды алуу менен алектенет.

**Биофармаколог** – керектүү касиеттери бар жаңы биологиялык дарыларды долбоорлоо же жасалма жол менен синтезделген дарыларды биологиялык препараттарга алмаштыруу боюнча адис.

**Биоэтик** – трансплантология жана генетикалык моделдөө жүргүзүлүүчү медициналык, диагностикалык жана биоинженердик борборлордун ишинин ченемдик-укуктук жана адептик өңүттөрү боюнча адис.

**Саламаттыкты сактоо тармагынын менеджери** – изилдөө, дарылоо, диагностикалык жана профилактикалык мекемелердин ортосундагы байланышты камсыз кылуу боюнча адис, кызматташтык программаларынын жана биргелешкен долбоорлордун башкаруучусу.

**Медициналык роботтордун оператору** – диагностикалык, дарылоочу жана хирургиялык роботторду программалоо боюнча адис.

**Энергия топтогучтарды долбоорлоочу** – энергияны топтоо системаларынын: кескин жогорулоолор менен төмөндөөлөр ортосундагы «акылдуу тармактарда» кайра бөлүштүрүү үчүн энергияны үнөмдөөгө мүмкүндүк берүүчү жогорку сыйымдуулуктагы аккумуляторлорду, жылуулук топтоочу түзүлүштөрдү, күүлөнткүчтөрдү ж. б. долбоорлоочу.

**Энергоаудитор** – энергияны керектөөнү оптималдаштыруу максатында жеке үйлөрдө, турак жай комплекстеринде, кеңселерде, фабрикаларда жана башка имараттарда энергиянын жоготууларынын бар-жоктугун текшерген адис, ал жабдууларды алмаштыруу жана имараттарды модернизациялоо боюнча сунуштарды берет.

***№ 2 тиркеме***

***Энерджайзерлер***

*Кыймылдуу көнүгүүлөр – сабакта мугалим колдоно турган энерджайзерлердин тизмеси. Аларды бөлмөнүн шартына, катышуучулардын жаш курагына, активдүүлүгүнө жараша колдонгон оң.*

***1. «Шамал согот»***

Оюндун башында отургучтар тегерете тизилет, бир катышуучу (алып баруучу) отургучсуз каларын эске алуу керек. Баары орун алышат. Алып баруучу оюндун эрежелерин түшүндүрөт. Ал: «Кимдин сааты бар болсо, шамал ошого карай согот» – дегенде, сааты бар катышуучулар туруп, орун алмашуусу керек, алып баруучу дагы бош орунга тез отурушу керек (сааттын ордуна башка буюмдарды же сырткы келбетине, дене түзүлүшүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрдү атоого болот). Орунсуз калган катышуучу оюнду андан ары улантат. Үч жолу отургучсуз калган оюнчу жеңилди деп табылып, көпчүлүктүн бир каалоосун аткарышы керек.

***2. «Молекулалар»***

Катышуучулар (атомдор) бири-бирин тегеренип ойношот. Алып баруучу бир санды, мисалы, үч деп айтканда, бардыгы үчтөн турган топ түзүшү керектигин түшүндүрөт. Топко кирбей калган окуучу оюндан чыгат *(Бул оюнду классты чакан топторго бөлүү үчүн колдонсо болот)*.

***3. «Чычкан-кепелер»***

Катышуучулар үч кишилик топторго бөлүнөт. Алардын экөө кол кармашып үй болот, ал эми үчүнчүсү (чычкан) үйдүн ичинде турат. Алып баруучу оюндун шартын түшүндүрөт:

- эгерде ал «үйлөр» десе, үйлөр өзгөрүп, жаңы чычкан издешет, ал эми чычкандар ордунда калат;
- эгер «чычкан» десе, анда чычкандар алмашып, үйлөр ордунда калат;
- эгерде «жер титирөө» деп айтса, анда баары өзгөрөт: чычкандар үйлөрдү жасап, ал эми үйлөр чычканга айланат. Үйү жок калган оюнчу оюнду андан ары улантат.

**4. «Биз апельсинди бөлдүк»**

***Биз*** *– эки кол көкүрөк тушка коюлат (көрсөтөбүз).*

***Бөлдүк*** *– тулкубузду оңго карай буруп, колдорду кенен жаябыз.*

***Апельсинди*** *– денени түз кармап, кол менен айлана жасайбыз (апельсин).*

***Көп*** *– тулкубузду сол тарапка бурабыз.*

***Бизди*** *– колду эки тарапка жаябыз.*

***Ал жалгыз*** *– денени түз кармайбыз, колдорубуз менен айлана көрсөтөбүз.*

***Бул кесим*** *– оң колду алдыга сунабыз.*

***Кирпиге*** *– колдор баштын үстүндө, манжалар сунулат.*

***Бул кесим*** *– сол кол алдыга сунулат.*

***Чымчыкка*** *– колду «чоор кылып» үйлөйбүз.*

***Бул кесим*** *– оң кол алдыга сунулат.*

***Мыймыйларга*** *– колдор кулакта болот, алакандар кулак сыяктуу кыймылдап, баш оңго, анан солго чайкалат.*

***Бул кесим*** *– сол кол алдыга.*

***Тыйын чычкандарга*** *– колдор өйдө көтөрүлүп, алакандар тыйын чычкандын кулагын сүрөттөйт.*

***Бул кесим*** *– оң кол алдыга сунулат.*

***Мен үчүн*** *– колдор көкүрөккө коюлат.*

***Мен үчүн жана сен үчүн*** *– жанаша турган окуучуну көрсөтөбүз.*

### *5. «Электр тогу» (Чынжырлуу реакция)*

Катышуучулар эки топко бөлүнүп, бири-бирине катар сапка тизилишет. Топтордун алдында эки топтун тең ортосунда тургандай отургучка каалагандай буюм коюлат. Алып баруучу артта туруп белги бериши керек (аягында турган катышуучулардын ийнин басат). Оюнчулар ал белгини кандай кабыл алса, дал ошондой кылып (алдындагы балдардын ийнин басуу менен), кийинкисине өткөрүп беришет. Белги айланып биринчи катышуучуга жеткенде, ал буюмду тез кармап алышы керек. Буюмду биринчи алган катышуучу артка кетет да, командадын мүчөлөрү алдыга жылып орун алмашат (б.а. биринчи катышуучу артка кетет, экинчиси өз ордун, үчүнчүсү экинчини алат ж.б.). Ошентип, бир жолу толук тегеренип ордун алмаштырган курам жеңип чыгат.

### *6. «Самсон – Далила – Арстан»*

Катышуучулар эки топко бөлүнүшөт. Оюндун жүрүшүндө алар үч каарманды чагылдырышы керек: Самсон, Далила жана Арстан. Оюндун башталышында алар артка карап, топтошуп, кайсы каарманды көрсөтөрүн ойлонушат. Анан кайрадан бурулуп, бири-бирине катар турушат да, «бир, эки, үч» деген белгиден кийин каармандарды көрсөтө башташат.

Жеңүүчүлөр төмөнкүдөй көрсөтүлгөн каармандардын негизинде аныкталат: *Самсон Арстанды, Арстан Далиланы*, ал эми *Далила Самсонду* жеңет. Эгерде *Самсон* колдорун ийин деңгээлине көтөрүп, булчуңун көрсөткөндөй кылып чыканагын бүксө, *Далила* тизе бүгүп, таазим кылат. *Арстан* колдорун алдыга, манжаларын тырмактай кылып ийип, ырылдайт.

### *7. «Жууркан»*

Бул оюн жакшыраак таанышуу максатында өткөрүлөт. Катышуучулар эки топко бөлүнүп, эки адам (алып баруучулар) жуурканды кармашат. Топтун катышуучулары отуруп, бир катышуучу атаандаштарына көрүнбөш үчүн ортого, жууркандын жанына барат. Берилген белги боюнча алып баруучулар жуурканды түшүргөндө, бул эки оюнчу бири-биринин атын аташы керек. Атаандашынын атын биринчи атаган катышуучу жеңет, ал эми жеңилген катышуучу жеңүүчү топко өтөт. Оюн бир топ толугу менен экинчи топко өткөнгө чейин уланат.

### *8. «Колду көтөр»*

Оюнга 8 же андан көп адам катышат. 1 тыйын болушу керек. Катышуучулар 2 топко бөлүнүп, үстөлгө карама-каршы отурушат. Биринчи топ тыйынды алып, катышуучулар аны үстөлдүн астынан бири-бирине беришет. Карама-каршы топтун башчысы акырындык менен (өз ичинен айтууга дагы болот) онго чейин санап, анан: «Колуңду көтөр!» дейт. Тыйынды бири-бирине өткөрүп жаткан топтун оюнчулары колдорун муштумдай түйүп, дароо көтөрүшү керек.

Андан кийин башчы: «Колуңду түшүр!» - дейт. Ошондо оюнчулар алакандарын үстөлдүн үстүнө коёт. Колунда тыйыны бар адам аны алаканы менен жабууга аракет кылат. Эми каршы команданын оюнчулары кеңешип, тыйын кимде экенин чечишет. Эгерде алар туура тапса, тыйын аларга өтөт, эгер таба албаса, ошол эле топто калат.

***9. «Адамстардын үй-бүлөсү»***

Бөлмөдөн үч (төрт, беш ж. б.) оюнчу ыктыярчы болуп чыгып кетишет. Калгандары тегеректешип кол кармашат. Андан кийин биринчи ыктыярчы алып келинет, ал ортодо турат жана катышуучулар аны тегеректеп, мурда үйрөнгөн сөздөрдү эки жолу кайталашы керек: «Биз Адамстардын үй-бүлөсүбүз, бизди кол чаптыра күлдүрүшүң керек». Андан кийин алар токтоп, анын бардык кыймыл-аракеттерин, сөздөрүн, ишараттарын кайталай баштexistent. Бул иш-аракет оюнчу кол чапканга чейин же катышуучулар ага бул тууралуу өздөрү айткыча уланат. Бул шарт кийинки оюнчуларга да тиешелүү.

***10. «7 ир»***

Катышуучулар тегерек болуп туруп, биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы деп тез-тезден санай баштashат, жетинчи оюнчу «7 ир» деп айтууга тийиш. Эгерде жетинчи десе, утулуп, оюндан чыгат. Бул бир нече катышуучу калганга чейин, аягына чейин уланат.

***11. «Тегеретме сөз»***

Кайсы бир сөз айкашын ар кандайча (эмоционалдуу, кайгылуу, кыйкырып, ырдап ж. б.) айтуу сунушталат.

***12. «Чынжырча»***

Оюн үчүн шарлар керек, алардын саны оюнчулардын санынан бирге кем болушу керек. Катышуучулар колдорун алдыда турган оюнчунун ийинине коюп, чынжырча түрүндө тизилет; эки оюнчунун ортосуна шар коюлат, аны оңдоого жана кол менен кармоого тыюу салынат. Эми чынжырча тапшырма алат: маршрут боюнча баруу, бардык тоскоолдуктарды жеңип өтүү (оодарылган отургучтар, керилген аркандар, эң күтүүсүз жерлердеги бурулуштар). Катышуучуларга жалпы иштин ийгилиги ар бир адамдын өзүнүн иш-аракетин башкалардын кыймылы менен шайкеш келтирүү жөндөмүнө жараша болору дароо эле айкындалат.

***13. «Контакт»***

Оюндун катышуучулары эки топко бөлүнүшөт. Биринчиси кандайдыр-бир түшүнүктү жашырат (мисалы, «жарамдуулук»). Андан кийин экинчи топтон бир адамды тандап, жашырылган сөздү айтат. Ал оюнчу сөзсүз, жаңсоо, мимика, оюндун жүрүшүндө колдонула турган кээ бир шарттуу белгилер менен өз тобуна каршылаштарынын ниетин «түшүндүрүп» бериши керек.

***14. «Ажыдаардын куйругу»***

Катышуучулар бекем кол кармашып, бир сапка тизилип турушат.

Алгачкы оюнчу ажыдаардын «башы», акыркысы «куйругу», ал эми калгандары «денеси» болот. Тапшырма: «Баш» «куйрукту» кармап алышы керек, ал өз кезегинде андан качып кетүүгө аракет кылат. «Дене» «куйрукка» жардам берип, «баштын» кармап калышына ар түрдүүчө тоскоол болот.

### *15. «Жапайы жаныбарларды үйрөтүүчү»*

Бөлмөгө отургучтарды коноктордун санынан бирге кем коюңуз. Бардыгы отургучтарды алышат да, оюнчулардын бири жапайы жаныбарларды үйрөтүүчү болот. Ал акырын тегеренип басып, катардагы жаныбарлардын баарын атайт. (Оюнчулар өздөрү каалаган «жаныбар» болот). Кимдин жаныбарынын аты аталса, ордунан туруп, үйрөтүүчүсүн ээрчип акырын баса баштайт. Үйрөтүүчү «Көңүл бургула, мергенчилер!» деген сөздү айтары менен, бардык оюнчулар, анын ичинде үйрөтүүчү өзү дагы бош отургучтарды ээлеп алууга аракет кылышат. Орун жетпей калган оюнчу жапайы жаныбарларды үйрөтүүчү болуп калат.

### *16. Оркестр*

Бул көп адамдар тарабынван ойнолуучу кызыктуу оюн. Катышуучулардын ар бири өзү үчүн музыкалык аспапты тандап алат. Мүмкүн болушунча ар түрдүү аспаптар тандалганы жакшы. Андан соң оюндун алып баруучусу-»дирижёр» тандалат. Ал «оркестрдин» алдына туруп, белги бергенде, «оркестр» ойной баштайт. Дирижер өзүнүн аспабында ойноп жаткандай кыймылдарды жасайт (мисалы, барабанды уруп, чоор тартып жаткандай ж.б.). Оркестрдин калган мүчөлөрү ар бири өз аспабында ойногондой кыймылдарды жасашат, бирок ошол эле учурда дирижёрдон көздөрүн алышпайт. Күтүлбөгөн жерден дирижер башка аспапка «өтөт», ал башка катышуучу тандап алган музыкалык аспапта ойной баштайт. Кимдин аспабында дирижер ойной баштаса, ошол оюнчу дароо бардык кыймылдарды токтотуп, кулагын колу менен жабууга тийиш. Калган оюнчулар эми дирижер тандаган аспапка өтүшөт. Бир аз убакыт өткөндөн кийин дирижёр өзүнүн баштапкы аспабына кайтып келет, демек, коноктор дагы өздөрүнүн аспаптарын ойной башташат.

Ошентип, дирижер же өзүнүн же башка бирөөнүн музыкалык аспабын «ойноп», оюнчулар анын кыймылын кармап, жаңылбаганга аракет кылышат.